Скырг
Б 42

БЕККЕЛДИЕВ ТАШБОЛОТ

# ӨМҮР БЕЛЕСИ



С кырп
Б 42

Ташболот БЕККЕЛДИЕВ

# ӨМҮР БЕЛЕСИ



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487521

Бишкек – 2023

УДК 821.51-1
ББК 84 (5 Кир) - 5
Б 15

Б 15 Беккелдиев Ташболот.
Өмүр белеси . – Б.: 2023. – 300 б.

ISBN 978-9967-9397-5-9

Замандашыбыз Беккелдиев Ташболот көп жылдардан бери башка тармакта эмгектенгени менен жан дүйнөсү дайыма адабият айдыңында болуп, көп окуп, ойлонуп-толгонуп, изденип жүргөндүктөн колуна калем кармап ыр жазуу түйшүгүнө баш-оту менен кирип, жашоо-өмүр белестеринде жараткан чыгармалары колуңуздардагы «Өмүр белеси» деген алгачкы жыйнагына топтолду.

Бул ырлар жалпы поэзия сүйүүчүлөрдүн кызыгуусун жаратат деп ишенебиз.

УДК 821.51-1
ББК 84 (5 Кир) - 5

ISBN 978-9967-9397-5-9

© Беккелдиев Т., 2023



## АВТОРДОН

**Урматтуу замандаштар!**

Адам баласы табияттын жактырып жаратканы, негизги кыймылдаткыч күчү жана кожоюну катары далай асылзаада, керемет сапаттарга ээ. Ал эми адамзаттагы табышмактардын бири – бир эле адамга табиятынан дүйнөлүк адамзаттын тарыхын өзгөртүп, коомдун жашоосун жакшы же тескери нукка бура турган интеллект берилип калгандыгында. Кылымдарды карыткан адам баласы канча доорду башынан өткөргөн сайын көп кырдуу да, көп сырдуу да болуп бара жаткандыгынын күбөсүбүз.

Айтайын деген оюм, тарыхты карап көрсөк адамзаттын көп кырдуу жашоосунда таш доорунан бүгүнкү жылдыз ааламына кол жетип турган жыйырма биринчи кылымдын адамынын дүйнөгө болгон көз карашынын жана эс тутумунун канчалык даражада татаалданганды-гы. Бүгүнкү күндө ошол эс тутум жана татаал көз ка-

рашта жашап жаткан коомдун ой-санаасын, аракет-максатын, руханий талаптарын чагылдырып көрсөтүү, келечекке ишенич, багыт көрсөтүп, кызыкчылыктарын аныктоо милдети – жогоруда айтылгандай табият тарабынан пенделердин минден бирине ыроолонуучу калемгерлерде экендигин моюндашыбыз зарылдыр.

Майдалабай айтканда, ар бир калемгер жаратылыш жана азыркы коом менен толук гармонияда өмүр сүрүп, калкыбыздын өтмүшү, бүгүнкү жашоосу жана салт-санаасы менен азыктанышы шарт.

Акындык ышкы бар калемгерге, сөздүн сүрөтчүсү катары, сөз байлыгы толо, көзү жана ички туюму менен коомдун турмушун, ааламдын сырларын жана ажайып көркүн көрө билип, көкүрөгү ой-сезимдерге жана боёкторго толуп турган, философиялык ой жүгүртүү даремети бийик деңгээлди талап кылат.

Кыргызстаныбыз эгемендүүлүк алгандан бери коомубузда эмне деген гана оош-кыйыштар болуп өтпөдү. Аз-дектеген, эне тилибиз, салт-санаабыз, жер байлыгыбыз жана тарыхыбыз да коомдун саясий жашоосуна байланышып кескин өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Алардын ичинен улутубуздун келечегине эң коркунучтуу таасир берүүчү, улутту улут катары жоготуучу уу катары бирин атасак – бул, ата-бабабыздан бери миңдеген жылдар аздектелип келген, Кыргыздын Кыргыз экендигин аныктоочу эне тилибиз жана салт-санаабыздын жоголуп бара жаткандыгын моюндабагандыгыбыз. Өсүп келе жаткан жаштарыбыздын тарбиясын жөргөмүштүн торундай болгон батыш жана араб өлкөлөрүнүн идеологиясынан коргой албагандыгыбыз.

Коомубузду байлык жана мансап, диний фанатизм бийлеп жаткан эртеңкисин канткенде оң жолго салабыз, ага каршы кайсыл куралды колдонобуз?

Поэзиянын өзгөчөлүгү – адамдын жаратман күчүнө



ойду, идеяны таасирдүү образ, таамай жазылган ырлар менен сезимге жугаарлык көркөмдүктө жеткире алган чеберчиликтеги акын-жазуучулардын калыптанышында.

Мен кесипкөй акын эмесмин. Болгону айыл жергесинде жетимиштин кырына келип, өмүр бою калктын күнүмдүк турмушуна аралашып, эл-журтумдун көөдөн толгон жакшылыгын, жүрөк титиреткен калпыстыктарына күбө болуп, аралашып жашаган карапайым инсан катары көз караштарымды сиздердин колуңуздардагы ыр жыйнагымда чагылдырдым.

Жогорудагы ой-толгоолорум, мен өмүрдүн ыйык-улуу белестерин ашып калган чакта, жан дүйнөмдүн эргүүсүнөн жаралган ыр түрмөктөрүмдү жалпы журтума, замандаштарыма, китеп окуганды, айрыкча лириканы сүйгөн ыр ышкыбоздоруна тартуулап жатып жогоруда айтылган көз караштарымды колдоп, ар бириңиздер келечек коомубуз үчүн өз салымыңыздарды кошот деп үмүттөнөмүн.

## ЫР ЖАЗЫШ – АНДАН, БААЛАП АЛЫШ – БИЗДЕН...

Ташболот Беккелдиевдин бул китебинин кол жазмасын ачып жатып, анын туулган жерин, өскөн айылын көз алдыма келтирдим. Баарына эле түшүнүктүү: акын болобу, жазуучу болобу, сүрөтчү болобу – анын балалыгы өткөн жер өзгөчө таасир этип, өмүр бою ошол жерин, ошол жердеги табиятты, ошол жердеги адамдарды жазып жүрүп калыптанат жана чыгармаларына олжону ошол жерден алат...

Ташболоттун туулган жери да түштүктөгү керемет аймак – Ноокаттын «Кыргыз-Ата» деген айылы. Тоо жактан соккон желаргы менен кошо миң жыл жашаган арчалардын каңылжарды жарган озондуу жыты келип, Алтын-Бешик аскасынан башат алган мөңгүнүн шапатасы капчыгайдан чыгып, миң булактан куралган Кыргыз-Атанын туптунук суусу айыл аралап өтөт. Дал ошол Кыргыз-Ата суусунун боюнан жер алып, жайында чурулдаган балдар түшөөр ауз куруп, элдер эс алаар сөрүлөрдү, кемеге-очокторду салып, бак-шактуу чарбак куруп байбичеси Мисират экөө өз тиригилигин өткөрүп келет. Көп жыл болду...

«Оокат-тиричилик» деген өз жолу менен экен, бизди бир чети таң калтырганы, бир чети тамшандырганы, бир чети ушундай болушу керек эле дедиргени – Ташболоттун алтымыштан оогондо акын болуп чыга келиши. Ушундай керемет айылда жашаганы анын ышкысын ойготуп, демин козгоп жүргөн экен, бир күнү анын «чымындары» уча баштады. Ал ырларды жазып кирди,



аларды теорияга салып, «идеясы мындай болушу керек, композициясы андай болушу керек»-деп, ченеп-бычып отурган жок, тема издебеди, эмнени жазгысы келсе, кандай жазгысы келсе – жаза берди. Жазгандары бирөөгө осол көрүнөөр, бирөө жактырбай караар, бирөө көкөлөтө мактаар – Ташболот аны карабайт, жаза берет, көөдөнүн жарып чыккан, көкүрөгүнө келген ойлорун, сезимдерин кагазга түшүрөт. «Чымындуу» адамга, өзгөчө жашы бир топко барып калган мойсопут адамга ушул керек. Ташболоттун тагдыры ушунда – «жазам»- дегенин жаза бергендигинде, ал чоң поэзия жаратып, улуттук акындардын алдыңкы катарында жүрүүнү дале ойлобойт. Кайсы бир ыры же кайсы бир саптары кайсы бир акындын ырларына окшоп калышы мүмкүн, кайсы бир ыры, кайсы бир саптары Кыргыз поэзиясы үчүн накта табылга болуп калышы мүмкүн – Ташболот алардын баарын ойлоп, сanап отурбайт.

Жетимиштин астанасында отурган адамга кайра баштан ыр стихиясына кирип, ыр теориясын, дүйнөлүк акындардын чеберчилигин окуп отуруунун зарылдыгы жок, жазышы керек, ыр жазуу менен өзүн жеңилдетип алышы керек. Ташболот Беккелдиевдин ошентип жазгандары эми анын колунан чыгып, мынтип китепке топтолуп бизге жетип отурат. Ыр жазыш – андан, баалап алыш – бизден...

*Абдыкерим МУРАТОВ,*
*педагогика илимдеринин*
*доктору, профессор*

## СЕНИ СҮЙДҮМ

Поэзия – сен бир аалам чеги жок,
сени сүйдүм, бул өмүрдө теңи жок.
Сөздүн күчүн түшүнбөгөн абалкы,
талант бакпас Ташболотуң эми жок.

Жаш өткөндө эми көзүм ачылып,
сөз бермети шуру сыңар чачылып.
Колго алып чындык үчүн калемди,
айгай салам ыр дүйнөсүн сапырып.

Жаратканым насип кылган өмүрдө,
эчен бийик ой-максат бар көңүлдө.
Мындан аркы өз бактымын калганы,
моюндаймын калгандыгын өзүндө.

Мен даярмын бар күчүмдү берүүгө,
бир сен үчүн дербиш болуп кетүүгө.
Ар дайыма сени даңктап өтөрмүн,
насип буйруп Кудай берген өмүрдө.

## ӨМҮРЛҮК ЖАРЫМА

Кейисең көңүлүң улаарга,
кубансаң бөлүшүп тураарга.
Арнаган сен үчүн өмүрүн,
асылкеч өмүрлүк жар тура.



Ойлонсоң акылың улаарга,
жогуңду бар кылып тураарга.
Кемтигин үйүңдүн билгизбей,
кам көрөөр өмүрлүк жар тура.

Кармаса терс мүнөз кыялың,
көтөрүп пейлиңди тураарың.
«Болду эми, балдарга уят»- деп,
тыярың өмүрлүк жар тура.

Оо Кудай, өзүңдөн сураарым,
сыноонун баарына чыдайын.
Бирок да миң ирет тилеймин,
өмүр бер жарыма ылайым.

## КАДАМДАРЫМ

Ташыркабай баса көргүн кадамдарым,
ыр дүйнөдө кенен болсун кадамдарың.
Аз да болсо кошо көргүн салымыңды,
дилин оңдоп, агартууга адамдардын.

Арам жолду баса көрбө кадамдарым,
кылтагына илинбөөгө жамандардын.
Кайсыл бир күн эскеришээр урпактарың,
учурунда булуту жок замандардын.

Алды-артыңды абайлап баса көргүн.
Бороон-чапкын заманыңа көңүл бөлгүн.
Кылыч кармап турушса да алтын башка,
калыс болсун эл-журтуңа айтаар сөзүң.

## КАЛЕМИМ

Өмүр жолум белден ашып калганда,
калем мени айландырды «балбанга».
Деңизинде ыр дүйнөнүн күрөшсөм,
калган өмүр калбай өтөм арманда.

Мен чыкпаймын, калем чыгат майданга,
билеги жоон «менмин!»- деген балбанга.
Кээде жыгып, кээ бир учур жыгылып,
күрөш токтойт жүрөк сокпой калганда.

Каалаганым ит жыгылыш болбосо,
эргүүлөрдүн мөл булагы соолбосо.
Акындардын ата салтын улаармын,
абийиримди Жаратканым колдосо.

## БАЛДАРЫМА КАТ

Жашай бил эл-журтуңа канат болуп,
жашаганың айтылсын санат болуп.
Журтуңда үлгү болгун дос-душманга,
жакшы жагың үйрөнүшөөр сабак болуп.

Жашабагын жалгыз гана өзүң үчүн,
жамандыктын пайдасын көрүү үчүн.
Жамандыктын жолуна тоскоол болгун,
жамандыкты жакшылыктан бөлүү үчүн.

Жакшылыктын ар дайым жолдору кең,
жакшылыгың кээ бир учур өмүргө тең.
Жакшылыгың эки дүйнө бирге болуп,
жалган дүйнө, чын дүйнө төрүндө сен.



Жамандыктын ар дайым жолу кууш,
жамандыкта болгон эмес эч бурулуш.
Жамандыгың эскерилип эл журтунда,
жаман атың кала берет эч бир жуугус.

Жакшыга жармаша бер, жапыс болуп,
жамандан жаа бою кач алыс болуп.
«Жакшы атанын баласы»- деп, эл ыраазы,
жакшы жагың бүт болсо мен ыраазы.

## СҮЙҮҮДӨН МУНАР КУРАЙЫН

Сүйөм жаным мен өзүңдү башкача,
суудай тунук менин сүйүүм таптаза.
Сендик болом бул өмүрдө дайыма,
сенден бөлүп Жаратканым алганча.

Сеникимин жүрөк какпай калганча,
сересине чын дүйнөнүн барганча.
Сенин атың атай берем миң ирет,
сенек болуп тилим катып калганча.

Сүйүүбүздүн мактап таза асманын,
сүйүүлөрдүн жаза берем дастанын,
Сан жылдар соң бала-чака эскерсин,
«Сүйүү» деген чоң дайрада акканым.

Сүйүүбүздөн чоң мунарды курайын,
сүйүүбүзгө элдин көөнүн бурайын.
Сүйүү аттуу ыйык китеп калтырып,
сүйүүгө мас жаштар үчүн сунайын.

## ИЧТЕГИ АРМАН...

Арманды жазуудамын жашым төгүп,
сиздердин майрам күнү көңүл чөгүп.
Бүгүнкү күн сиздердин майрам экен,
кеч болсо да калаар ырым белек болуп.

Буулугам ичте толгон арманыма,
алтын апам эрте сапар алганыңа.
Эсим таап мээримиңди сезе элек,
элесиң жап-жаш бойдон калганына.

Алтымышта айыкпас оору тооруп,
айласыздан кеттиңиз гүлдөй соолуп.
Апакебай кулунуңду кечире көр,
арзыбапмын мээримиңе уул болуп.

Андан бери эчендеген жылдар өттү,
аздектеген атабыз да сизге кетти.
«Алдей» айтып уктатчуу жаман уулуң,
жетимиштин кырына келип жетти.

Азыр мен баба болгом алтын апам,
а сиз үчүн, бала бойдон эсте калгам.
Алдыңызга апам ай, барган кезде,
айтаармын арманымды ичте калган.

## АЛЫКУЛДУ ЗЫЯРАТТАП

Сагындым кокту ичинде элесиңди,
бармакчымын, эргүү белек бересиңби?
Чыга албай жан үрөгөн чымын сымал,
калгым келет ыр дүйнөнүн желесинде.



Көл жээгинде толкуп жаткан көбүктөнүп,
телмиресиң, таш эстелик бөлөктөнүп.
Назар салып үй музейиң кайтаргандай,
баруудабы ыр жандуулар жүрөктөнүп?

Эстеликтин, үй музейдин алы кандай?
Барбай калдым айласыздан эки жылдай.
Кайра-кайра бул сүрөттү карай берем,
сыймыктанып мен жанында олтургандай.

Кылымдарды карыта бер Алыкулум,
жарык чачып Кыргызга ырлуу нуруң.
Биз жүрөлү элесиңди медер тутуп,
көл жээгинде зыяраттап, эргүү күтүп.

## МЕН ЖАЗАЙЫН АСКАГА

Мен ыраазы, жаным сени сүйгөнгө,
махабаттан от-жалындап күйгөнгө.
Макул элем чын сүйүүңө туш болуп,
махабаттын тоо-ташында жүргөнгө.

Мүнөзүмдүн билем артка кайтпашын,
махабаттын кечип өтсөм дайрасын.
Мекенинде жалаң сүйүү жашаган,
мен табайын сүйүүлөрдүн аскасын.

Махабатым миң жыл турсун аскада.
Мен жазайын сенин атың ташка да.
Мендик-сендик сүйүүбүздүн үлгүсү,
миң жыл турсун үлгү болуп башкага.

## АЙТЫШАТ ЭЭ

Ой-чабыты, бүт дүйнөнү кезген бар.
Бир келүүчү бул өмүрдү сезген бар.
Жакшылыкты медер тутуп ар дайым,
кучак жайып ак дилинен тоскон бар.

Ийгилиги эл-журтунун кубантып,
колдон келсе салым кошуп улантып.
Күтүлбөгөн башка жаман иш түшсө,
кайрат айтаар, жакшы сөзү жубатып.

Дагы бирөө өз жүрөгүн эзген бар.
Таруу сыйбас, ушунчалык ичи тар.
Төлдөп калса кошунанын эчкиси,
уктай албай түн уйкудан безген бар.

Ийгилиги кошунанын тынчытпайт,
итатайы тутулат да тынч жатпайт.
"Чириген ооз, ириген сөз" дегендей,
көралбастан көңүл улаар сөз чыкпайт.

Көтөргөнү ушак-айың туу тутуп,
ынтымагын эл журтунун суутуп.
Жек көрүндү өзү тургай балдары,
тынчы кетип, эл арасы чуу чыгып.

Кадыры жок, сый да болбойт аларда,
тирүү тургай, Кудай жанын аларда.
"Жакшы киши болгон эле атаң"-деп,
айтышат ээ, аны көргө салаарда...



## АКСАКАЛ, ЧАЛ, АБЫШКА

Нарк-насил жагын сиңдирип,
салт-санаа баркын билдирип.
Тарбия берип жаш кезден,
бешиктен үйрөт көндүрүп.

Бере алсаң нарктуу тарбия,
сугарып Кыргыз салтына.
Кадырлуу чыгып балдарың,
болоорсуң барктуу карыя.

Күн өткөрүп жан баккан,
кадыры кетип, ит капкан.
Кулжуңдаган чалдар бар,
сакалды сатып «пул» тапкан.

Ыйманын жеп жаткан бар,
сакалдуу бети каткан бар.
"Дежур чал" атка конушуп,
кара жанын баккан бар.

Кутуруп-челип сөккөн бар,
байлыкка мас, өктөм бар.
Тапканын чачып балдардын,
алардан өтүп көпкөн бар.

Эл сыйы болсун тапканың,
калыстык болсун айтканың.
Сөзгө сөлтүк болбосун,
шагы сынып балдарың.

Жок десе болгун абышка,
түшпөгөн эч бир жарышка.

Үйүңдөн чыкпай жата бер,
сырт менен такыр катышпа.

Көрөңгө-нарктуу ой айткын.
Акылың менен барк тапкын.
Ажатын ачып жалпынын,
жакшылыкка жол ачкын.

Айттырбай келет жарыя,
болоорсуң бир күн карыя.
"Аксакал" наамын эл берет,
сенде акыл болсо дарыя.

## ӨСКӨН ТУРАК

Ата-энененин көзү барда кандай элек?
Бир туугандар ажырагыс жандай элек.
Кээ бир зарыл жумушту таштап коюп,
көп узатпай жума сайын барган элек.

Ата-энени айланчыктап олтурчуубуз,
сагынычтын кумарын толтурчуубуз.
Акыл сурап кээ бирде бүтпөс ишти,
ынтымакта болбогонду болтурчуубуз.

Көзү өткөн соң ошол ыйык адамдарым,
өкүндүрөт сейрек тартып кадамдарың
Бир тууган да чоочун тартып барат тура,
барган сайын, азайгансып саламдарың.

Ата-Журтка кээде барам кабар алып,
ченем менен белек-бечкек сатып алып.
Кабак-кашын караймын келинимдин,
толоор-толбос баштыкты берип алып.



Батына албай ата-энем бар кезиндей,
жылуулук жок, мээрими эч сезилбей.
Кадимки эле баарыбыз өскөн турак,
турган менен өзгөрүүсүз дал өзүндөй.

Окшобойт эч бешенемден сылагандай,
жытын искейм, туюмумда таба албай.
Өпкөм толуп, баргым келет бала кезге
көөдөнүмдүн түпкүрүнөн ыйлагандай.

## ЫР БУЛАГЫ

Сүйүүлөр... Башталышың тунук булак,
тагдырлар башатысың жолуң улап.
Жактырып эки жүрөк табыша алса,
жарашып биргеликте өмүр курап.

Сүйүүлөр...Тандабайсың эч бир курак,
келбейсиң эч пенденин жашын сурап.
Тагдырлар башка-башка болсо дагы,
арбайсың жыттангансып жийде бурак.

Сүйүүлөр...Жүгөнү жок азоодойсуң,
кээ учур аркандалып тушоодойсуң.
Ал жипти үзө албай бут чалынса,
өмүр бою армандуу кыйноодосуң.

Сүйүүлөр...Келбейсиң сен абал сурап,
арбайсың «кел берилеп» мөлтүр булак.
Кээ бирине ачуу тагдыр тартуулайсың,
жарлар көчүп, ылайланып тунук булак.

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош об... китепкана
ИНВ № 487521

Сүйүүлөр...Моюндабайт жаш куракты,
токтотпойт эч кандай күч бул булакты.
Канча жолу алмаштырып койсоң деле,
алмаштырбайт жүрөк деген ал туракты.

Сүйүүлөр...Миң бир дастан, жок аягы,
жүрөктөрдөн башка бараар жок турагы.
Адамзаты тирүү болсо, сен да тирүү.
Ак, ага бер, токтобостон ыр булагы...!

## «ИЛИНСЕМ»- ДЕП, КАТАРГА

Өмүр көчүм узагандай сезилип,
ыр дүйнөгө жаш өткөндө кезигип.
«Илинсем»- деп, акын аттуу катарга,
далбас урам камчы салып, теминип.

Ыр дүйнөдө санаалаш достор баары,
көбөйүүдө катарлар улам ары.
Ээ-жаа бербей мендеги ыр ышкысы,
эргүү келет кээ түнү оттой табы.

Уктабастан тосомун жаңы таңды,
кыйнаганым сезилбей кары жанды.
Толгоо тартып аягында ыр жаратсам,
кээде жакпайт ич дүйнөм жаңы жарды.

Оомат кушу конот кээ бир ырыма,
төп келишип менин туйгу сырыма.
Мен аларды салыштырып көрөмүн,
тулпар чапкан акындардын ырына.



## БАЙКУШ ЭНЕ

Балдар бар, бала эмес чыны балээ.
Байкуш эне көз жашы салаа-салаа.
Башынан тарбияны туура бербей,
башында кайгы менен жалаң санаа.

Баланы жакшы көрүп тилеп-сурап,
байкуш эне келечектен үмүт кылат.
Баласы «эр жетилип чоңойсо»- деп,
баш-отун аябастан мээнет кылат.

Башканын балдарынан артык көрүп,
бөбөк кезден бапестейт жөлөп-таяп.
«Болгонум, бар тапканым ушуга»- деп,
баласы үчүн түн уйкусун кечип коёт.

Башталып кыйыктыгы баштан ашып,
башкалардан өзгөчө чатак салып.
Баласына болушуп, байкуш эне,
баласынын артында күндө шашып.

Басылбай мектепте да күндө чатак,
баш ооруу, мектеп үчүн булүк салат.
Байкуш агай-эжелери тажагандан,
баланы каалагандай коюп тынат.

Байкалбай өтө зарыл мезгил өтөт,
баласы эптеп-септеп мектеп бүтөт.
Баягы эркелеткен бала оордуна,
байкуш эне күн алыс зөөкүр күтөт.

## ДЕН СООЛУГУҢ-КАЗЫНА

Насип экен, келдиң ушул дүйнөгө,
Жараткан да өмүр берээр сүйгөнгө.
Өтө кыска бир жол келген өмүрдү,
кадырлай бил, кур бекерге өткөрбө.

Топук кылгын ырыскыңдын азына,
ашык мал-мүлк эч болбогон казына.
Анын түбү жаңжал-уруш, баш оoруу,
алып келчүү, бүт балээни башыңа.

Издебегин көр дүйнөдөн бактыңды,
кадырлай бил сен олтурган тактыңды.
Бейпил турмуш, бала-чакаң, үй бүлөң,
тактың ошол - ден соолуктун сактыгы.

Бар байлыгың, ден соолугуң-казына.
Карабайт ал байлыгыңдын азына.
Тоодой алтын бир күнүңө татыбайт,
жан кыйналып турсаң ажал оозунда.

## КИМ ТОКТОТОТ?

Калыстыктан ооп кетүү, эмне деги?
Байлык жыюу, уурдообу келечекти?
Көр дүйнөгө алмашып ар намысты,
талап-тоноп эзүүбү Кыргыз элди ?

Өнөкөт, айыкпас дарт жукту бизге,
зыяның кызыгы жок кимге тийсе.
Бетибиз беттей эмес “чарык” болуп,
айыбыңды моюндабай элиң билсе.



Ушул ой жан дүйнөмө бүлүк салат,
ойго батам бук болуп, жүрөк канап.
Кыргыздын эртеңкисин ойлогондо,
бүдөмүк ой уктатпай кыйнап барат.

Ким токтотот ушундай ”күлүктөрдү”?
Калк акысын мойсогон сүлүктөрдү?
Калыстыгын айырбаштап дүнүйөгө,
сот, прокурор атанган “жуликтерди”?

## КАДЫРЛАГЫН

Кеңеше бил, акыл баккан көсөм менен.
Кезегинде сөз бага алган чечен менен.
Көп сүйлөбөй, көп угууну адат кылгын,
көсөмдөр көп сенден өткөн эчендеген.

Корко жүргүн көкүрөгү сокурлардан,
көрө албас ич дүйнөсү жакырлардан.
Колтугунда дос катары бирге жүрүп,
кадырыңды өстүрбөстөн такырлаган.

Кайтарымы сөзсүз болот ар бир иштин,
күттүрбөстөн атаар таңы ар бир кечтин.
«Кадыр таап, атың дайым калсын»- десең,
калыс болуп ар бир ишти туура туткун.

Кадырлагын, сага кайтпайт өткөн түнүң,
коромжусуз пайдалангын ар бир күнүң.
Колуңдан күч, көзүңдүн нур, акыл кетип,
карт дарактай каржаярың эстей жүргүн.

## ЫЙМАН ЖӨНҮНДӨ

Ыймандуу пенде адашпайт.
Акылсыз менен талашпайт.
Токтоолук менен иш тутуп,
жамандык ишке жанашпайт.

Ыйманы менен сырдашып,
жүзүнөн турат нур тамып.
Өрнөктүү өмүр кечирет,
ой-максаты ишке ашып.

Ыйманың болсо жолдошуң,
Жараткан эгем колдоочуң.
Ыймансыз пенде адашып,
шайтаны жүрөт жанашып.

Ыймандуу болсо балдарың,
адалдан бала бакканың.
Ак мээнеттен оокат таап,
Кудайга болоор жакканың.

Ыймансыз болсо алганың,
азапта такыр калганың.
Тууган, журтка жат болуп,
бир өмүр калат арманың,

Ыймансыз өссө балдарың,
тарбия бербей калганың.
Наалатын элдин аласың,
бүт өмүр тартып азабын.



## ЖАКШЫЛЫГЫҢ- БЕЙИШКЕ ЖОЛ

Жашоодо таза болсун көңүлдөрүң,
Жаратканым узак кылсын өмүрлөрүң.
Жакшылыгың бааланбай калса дагы,
жакшынын катарынан бөлүнбөгүн.

Жакшы сөзүң дайыма жанда болсун.
Жакшы ой-максаттарың сынга толсун.
Жакшылыгың аябастан эл-журтуңдан,
жалаң гана «жакшы» деген атка конгун.

Жыргалы бул турмуштун сезим болоор.
Жашооң да шайыр-шаңдуу, ширин болоор.
Жаратканым ар дайыма жолуң ачып,
жашап өтсөң айтаарга сөзүң болоор.

Жамандан жаа бою кач, алыс болгун.
Аларга шерик болсоң тарыйт жолуң.
«Жакшынын шарапаты жалпыга»- дейт,
жакшылыгың ачат сага бейиш жолун.

## ДОСТОРУМ БОЛСУН ДАЙЫМА

Достуктун да бизде ар кыл түрү бар:
дүнүйө дос, амалың дос, чыны бар.
Достун кээси убактылуу же бекем,
достор болот көрө албасы, ичи тар.

Достор болот эрегишчүү, жарышчуу,
дайыны жок болбогонго таарынчуу.
Кээ учурда чырдашсаң да ал менен,
кайрадан бат көргүң келип сагынчуу.

Айда-жылда бош убакыт табылып,
анча-мынча бир олтурсаң жазылып.
Атаганат, ошол күн да кээ бир дос,
келбей коёт ар шылтоону айтышып.

Кайда болсо аман болсун досторум.
Кайда болсом, атымды айтып жоктоорум.
Кудай берсин берекесин өмүрдүн,
ким айта алат качан жашооң токтоорун?

## КОЛУҢ БОПБОШ КЕТЭЭРСИҢ

Көзү бардын баарысы эле адам делбес.
Көөдөндөрү сокурлар көп, эч кеп жебес.
Байдын баары биз айткан байдан эмес,
сараңы бар канаттуўга бир дан бербес.

Өмүр кечүү - бул дүнүйө жыюу эмес,
жакшылыктан сени такыр тыюу эмес.
Ак мээнеттен байый бер, үй бүлө бак,
бей-бечара элдин акын кыйып эмес.

Жараткандан башка эч ким түркүк эмес.
Жыйган дүйнөң, бала-чакаң арачы эмес.
Эки колуң боп бош бир күн көмүлөсүң,
жети кулач кездемеден башка тийбес.



## ӨЗГӨРБӨДҮМ

Өзгөрбөдүм, баштагыдай элемин.
Ийилемин, бирок сынбай келемин.
Оң жолумдан адашпоого тырышып,
канча жолу уктум түрүн жеменин.

Мезгилинде көп чалынып, куладым,
колдоо үчүн чындык аттуу урааным.
Ошентсе да максатымдан кайтпастан,
өжөрлөнүп турмуш жолум уладым.

Жаштык кезде төгөрөгүм төп эле.
Бийик максат, тилектерим көп эле.
Азыркыдай ичи көңдөй башка ээ,
акыл айтчуу “аксакалдар” жок эле.

Билип-билбей чыны менен төгүнүн,
төөнү көрбөй башындагы өзүнүн.
Өзгөлөрдүн колу менен чок кармап,
талкалашкан бирөөлөрдүн өмүрүн.

## КУЛАГЫҢА КҮМҮШ СЫРГА

Жан балам күмүш сырга кулагыңа,
азгырылба акча-байлык кумарына.
Ашыкчасы дос-туугандан ажыратат,
өтөөрүңдө эл-журтуңдун сынагына.

Жан балам күмүш сырга кулагыңа,
алданбагын ай сулуунун ыраңына.
Кутулбайсың өмүр бою азап салат,
куркулдайдын уясындай турагыңа.

Жан балам күмүш сырга кулагыңа,
алик ал, эл-журтуңдун саламына.
Көзүңдү май басуудан сактана жүр,
Жаратканым ыроологон кадырыңа.

Жан балам күмүш сырга кулагыңа,
татыгын эл-журтуңдун батасына.
Көрмөксөн, байкамаксан өтүп үйрөн,
дос-жардын майда-барат катасына.

Жан балам күмүш сырга кулагыңа,
маани бер ар күн басаар кадамыңа.
Жакшылыгың эки дүйнөң эскерилет,
Жаратканды бараар күнү сурагына.

## МЕЗГИЛ

Мезгил шайыр, оюн-күлкүң аралаш,
мүнөз менен жашың келсе чамалаш.
Мүнөт эмес жаш өткөнүн сезбейсиң,
мал-мүлк күтүп, достор тутуп санаалаш.

Мезгил сынчы, бөлөт акпы-карасын,
маалы келсе жарып эски жарасын.
Миң бир ирет жашырганга карабай,
мезгил келип жазалайт ич карасын.

Мезгил күлүк, улам салып таскагын,
мүлжүп жыгат жаныбарын, башкасын.
Мезгил балбан, бүт аябай тегиздейт,
мелжиген тоо, ташы менен аскасын.



Мезгил акыл, толуп барат акырын,
муунап бөлөт акмак менен акылын.
Маанилүүбү, маанисизби өмүрүң,
маалы келсе кете бердиң акырын.

Мезгил мерез, аябайт эч жакыныӊ,
мейли байың, итке минген жакырың.
Миң жол тилеп, сурасаң да эч укпай,
моймолжуган көзүң жумат акырын.

Мезгил күбө, а балким ал актоочу.
Мейли жаман же жакшыны тактоочу.
Мээнет өтөп, калыс болсо өмүрүң,
миң жыл өтсүн, тарых сага жактоочу.

## ДИЛ МАЕК

***Акын:***
-Амансыңбы менин жакын сырдашым,
жакшылыкта, жамандыкта кыйбасым?
Күнү-түнү кызмат кылып ак дилден,
бороон-чапкын, сел болсо да тынбасым?

***Калем:***
-Алик алдым, алың кандай кымбатым?
Эргүү бардай, бүгүн дурус сымбатың.
Кана башта, мен зериктим ишке сал,
жазайынчы сөздүн терип кымбатын.

***Акын:***
-Мейли, макул.Сени ишке салайын.
Эргүүм сонун. Ыр маңызын чагайын.
Ой чабыттар учсун бийик асманга,
жүрөктөргө сүйүү отун жагайын.

Уктап калды, асыл жарым сүйгөнүм,
сезип турам экөөң бирдей сүйгөнүң.
Тең ортодон бөлүп берсем силерге,
кантээр экен менин байкуш жүрөгүм?

***Калем:***
-Ооба билем, асыл жарың сүйгөнүн,
бүт өмүрүн сага арнап жүргөнүн.
Убактыңды бөлүшө албай экөөбүз,
кээ бир түнү кызганычтан күйгөнүн.

Корком кээде «сындырабы мени»- деп,
мени сенден кызганычтан кайгы жеп.
Жылуу-жумшак коюнуна барбасаң,
чындыгында анын кеби дагы эп.

***Акын:***
-Туура.Туура. Кызыксыңар күндөштөр,
мүнөздөрү, пейилдери үндөштөр.
Кээ бир түнү такыр алып айламды,
бир-биринди көрө албаган, сүйбөстөр.

Түн бир оокум сен турасың койкоңдоп,
сага ыктасам, жарым калат мойсоңдоп.
Орто жолдо жүрөк кургур кыйналат,
эргүү келсе, «бол» жазгын»- деп, жойпоңдоп.

Айласыздан мен силерге чыдаймын,
акыл-эстүү ырлар болсун ылайым.
Эсен болсоң эки кыйбас сүйгөнүм,
эл-журтума ак кызматым кылаармын.



## МЕНДЕН МУРАС

Уул-кызым уландысы өмүрүмдүн,
чөбөрөм сен узарганы өңүрүмдүн.
Силерге кала турган менден мурас,
ырлары уюп жаткан көңүлүмдүн.

Убактылуу бул дүйнө кептеркана,
мен да келгем, кеткени, артка кайра.
Жашап келем аяктоого далбас уруп,
калтырууга мурас ырлар арнап сага.

Мезгил келет, чөбөрөм түшүнөөрсүң,
эсиң болсо мурасымды күтүнөөрсүң.
«Бабаларым калтырган эстелик»- деп,
сыймыктана эскерип сен жүрөөрсүң.

Айта албайм болоорун кандай заман,
адамзаты таштаарын кайда кадам?
Пенде пейли өзгөрүп, жардыланса,
ыргытылаар мурасым...анда жаман.

...А балким, кыйналса да биздин кадам,
оңолоор кайсы бир күн ушул заман...?

## МЕНИН ДООРУМ

Өмүр кечип төңкөрүштөр доорунда,
кызмат өтөп калемдештер тобунда.
Эртеңкимден үмүт этип жакшылык,
билбей келем эмне барын жолумда.

Өйдө-төмөн заманымдын доорунда,
кээде бүркөк, кээде туман жолумда.
Кандай абал, кыйын учур болбосун,
ак кызматтуу, учтуу калем колумда.

Калсам мейли жакшылардын соңунда,
адашпастан адалдыктын жолунда.
Назарынан эл-журтумдун калбасам,
өмүр өтүп жылуу-жумшак орунда.

* * *

Ата-Журтка кызмат кылуу оюмда,
бузуп өтүп тоскоолдорду жолумда.
Урпактарым көрүп мээнет үзүрүн,
болсо деймин элим эркин соңунда.

## ЫРЛАРЫМДА

Ырларымда Жаратканга жалынуу бар,
Өз жарыма, балдарыма багынуу бар.
Элжиресем жүрөк-боорум барчаланып,
тумар кылып көкүрөккө тагынуу бар.

Ыр булагым кусалыкта агылуу бар.
Жетпей калып максатыма жаңылуу бар.
Бул дүйнөдөн басып өткөн өмүр жолум,
эч ким билбес тагдырыма таарынуу бар.

Ырларымда чын, тамаша, төгүнү бар.
Турмушумдун толкунунда чөмүлүү бар.
Балкыган бакыт менен ыйы аралаш,
жеңүү бар, же айласыз жеңилүү бар.



Чачылган бүт ойлорумду баптап алаар,
өткөндөгү тарыхымды тактап алаар.
Жаратаармын асыл ойлуу китептерди,
урпактарым сыймыктанып сактап алаар.

## АМАНАТ

Өмүр күздө ырларда өчүм бардай.
Капырай! Адат болду ырлар жазмай.
Күнү-түнү уйку качып эс алдырбай,
акыл-эсти эргүүлөр жеңип алмай.

Турушат ыр саптары кезек күтүп,
үлгүртүрбөй аяктоого бирди бүтүп,
кыялдар кайра баштан чабыт алат,
жата албай уйгу-туйгу ойго түтүп.

Ойлойм кээде, бул эмне, азабымбы?
Жараткан аманаты, жазаарымбы?
Жооткотуп өзүмдү-өзүм, талап коём,
чыныгы акындардай жазамынбы?

## КАЛГАН ИЗИМ

Күн артынан чубашып, кылым карып,
адамзат өтөт тура мезгил тарып,
маани бербей өткөнүнө ар бир күндүн,
ушул тура өткөн күнүм, биздин тарых.

Жок дегенде өз атамдай боло алдымбы?
Купулуна замандын толо алдымбы?
Оор жүгүн өз элимдин жеңилдетип,
алкыш алып “Ата уулу” боло алдымбы?

Тарыхка мен өз изимди сала алдымбы?
Урпактарым эскергидей жаза алдымбы?
Санжырага атым калып, сыймыктанаар,
жок дегенде бир кылым кала алдымбы?

Салган тамым, тиккен багым, аткарган иш...
Бул мураска калтыраар менден үлүш.
Баары бир тең, балдарым бир тең болоор,
бул тарыхым, калган изим, алга жүрүш.

Ушул ойлор дайым келет санааланып,
акыл-эсим чачылат талааланып.
Башты жерге саламын учук таппай,
ойлорумдан «оркойгон» жараланып.

Ар бир башта болуу керек ушул суроо?
Кайсы тамыр кагып жатат сенде күрөө?
Өз тарыхың өзүң гана жаратасың,
аны сага жасап бербейт башка бирөө.

## ӨМҮРҮМ КАЛАТ ЫРЛАРДА

Күндөр айга, айлар жылга алмашып,
жетип келдик жетимишке жармашып.
Жараткандан таттуу белек ушул бейм,
кайра-кайра, өзүңө мен кайра ашык.

Өмүр чиркин... ширин, таттуу экенсиң.
Кудай колдо, дагы бир топ кетээрсиң.
«Жашагын»- деп, жүздөн ары берсе да,
оо көр пенде, дагы сураар бекенсиң...?



Кээ бир пенде кыска өтөп өмүрдү,
бирок нуска, сыйлап өтөт көңүлдү.
Урпактары жолун жолдоп алардын,
аты жашайт, дастан кылып өзүңдү.

Ушул жашоо, чындыкпы же төгүнбү?
Урпактарым улап кетсин өмүрдү.
Бакыт мага эки дүйнө, айтышса:
«Ата-баба уулу!»-деген сөзүңдү.

## АЛЫКУЛДУН ЭСТЕЛИК

Мен олтурам улуу акын Алыкулду эскерип,
көзү өтсө да ырлары бар, түбөлүктүү эстелик.
Поэзия мейкининде канча жорго чыкса да,
чыга элек ыр дулдулу бул акынга тең келип.

Баштан басып, улуу акынды оор тагдыр таштары,
кургабаган акынымдын тамчылап көз жаштары.
«Отко таштап өрттөгөн»- дейт, ошонусу табышмак,
эки жылдап жазып жүргөн көп ырларын баштагы.

Аткарылбай ой-максаты комуз муңдуу чертилип,
оор дартынан жаш өмүрү дарак сымал кертилип.
Куран окуп, багыштадым арбайына акындын,
«Бир ондонуп, оодарылса калабы - деп, нур тийип?»

Билбейт пенде качан, кантип бул өмүрдөн өтөөрүн?
Кандай тагдыр, турмушуңдун тамашасы күтөөрүн?
Бирок тилейт, туулган жердин топурагы буюруп,
өз жеринде эң акыркы жарык күнү бүтөөрүн.

...Көл жээги, кокту ичинде, обочодо эстелик,
тамың турат өткөндөгү заманыңды эскерип.
Маарекеңде ырың окуп, салтанаттуу ачылган,
аллеялар турат азыр, жетимсиреп, тепселип...

## БАК-ТААЛАЙЫМ

Ырларым - бул турмуштан алгандарым,
саптарында кубаныч, армандарым.
Жаштыгым, өтмүшүмө бир кылчайып,
жүрөктө сезимдерди жазгандарым.
Өмүрдөн жаз-жай кетип, күзү келип,
алтымыш беш жашыма баргандагым.

Кусалык, сагынуу - бул ырларымдыр,
а балким, эч ким билбес сырларымдыр.
Бүт кыялым, оюмду ырларга айтып,
кыйналганым унутаар жыргалымдыр.
А балким, жүрөгүмдө сактап жүргөн,
жалпыга үлгү болоор сындарымдыр.

Мээримдүү, зирек Кудай кошкон жарым,
менде жок, ичте калган армандарым.
Өрнөктүү өмүрүмдөн кайтып үзүр,
сыймыктанар эл ортосу өз балдарым.
Бүгүнкү күн чоң ата, мен бабамын,
казынам - толуп турган бак-таалайым.

Турмуштун кээ бир татаал жолдорунда,
Жараткан дайым мени колдоду да.
Жерде калбай айткан сөз, ойлогон ой,
жол таппас, үмүтсүз күн болбоду да.
Жаш өтүп, сакал сылап, каада күтүп,
мен азыр тынч жашоону ойлодум да.



## ТААНЫЛБАГАН АКЫНМЫН

Жаштыгымдан ыр дүйнөгө жакынмын,
залкарлардын үйрөндүм көп акылын.
Артып алгам калем жүгүн моюнга,
азырынча эл билбеген акынмын.

Жашап келем түркүн ой элесимде,
кээде калып куу турмуш желесинде.
Жаратканым ыроолоп эргүү берсе,
ырлар жазам серпилип чересинде.

Өкүнөмүн, ыр жазуудан кечиккемин.
Тартынып талантымды бекиткемин.
«Убайым тартпасын»- деп, терип жүрөм,
буйруган насип ырыс-кешиктерин.

Кээ түнү тынч жаткырбай эргүү келет,
өмүрдүн бир үзүмү болуп себеп.
Айласыз ой жүгүртүп, сареп салып,
арнап жазам жаштарга, менден белек.

Турмушум тынч, үстүмдөгү үйүм бар.
«Ыр жазсам»- деп, таза тилек, оюм бар.
Аздыр-көптүр ак эмгектин артынан,
урмат-сыйым, аксакалдык жолум бар.

## АЛЫКУЛДУН КӨЗ ЖАШЫНА

Мелтиреп Алыкулдун сырын катып,
кээ учур толкундайсың көбүк чачып.
Акындын эргүүсүндөй эргүү бергин,
акылга мурас кылган сөзүн айтып.

Издедим көл жээгинен баскан изин,
элестеп ойлуу турган акын жүзүн.
Тагдырдын бороон-чапкын, запкысынан,
жайкысын кышка ооган өмүр күзүн.

Жашыдым ал олтурган таштарында,
көзүмдөн көлкүлдөтүп жаш тамыза.
Мээрими Ысык-Көлдүн аяп турду,
жан дүйнөм жабырланып жатканына.

## КОШ ӨРҮМ ЧАЧ ЭСЕЛЕК

Ыр дүйнөнүн аргымагын минип алып,
махабаттын ой-кырына дүрбү салып,
кармап алсам сүйүүнүн алтын кушун,
жүрөөр элем ал кушту сүйүп багып.

«Токоюнда сүйүүнүн жүрсөм»- деймин,
«махабатка жалындап куйсөм»- деймин.
Жолун таап ал жалынды өчүрө алсаң,
ошол жакты «бир өмүр сүйсөм»- деймин.

Сүйүү турса назик гүлдөй ачылып,
аруу сезим күн нурундай чачылып,
бактыбызга эч ким тоскоол болбосо,
ыйык, бийик сезимдерге катылып.

Бул кыялдар жүргөн сымал жетелеп,
туңгуч сүйүү кыйнап эстен кете элек.
Кээ бир күндөр жүргөнсүймүн элестеп,
тармал чач кыз, кош өрүм чач, эселек.



## ИЗДЕГЕНДИР...

Жайкы түн, бүт айлана бейкут жатат.
Жымындап топ жылдыздар өчүп жанат.
Суйкайып сулуу кыздын кашы сымал,
жалгыз ай түнкү асманда сүзүп барат.

Биз тандаган жылдызды таба албай,
асман карап турамын көзүм талбай.
Чубалыша өркөчтөнгөн түрмөк булут,
жылып барат асмандын бетин каптай.

Ошол жылдан мезгил өттү эчен курдай,
жылдыздын ээси жоктур эч каралбай.
Жолугууга дайым ал күбө болчуу,
түн бир оокум кош айтыша кете албай.

Ал жылдызды дагы бири ээлегендир,
катаал тагдыр аларды да ийлегендир.
Моюн сунбай Жараткандын өкүмүнө,
ким бирөөсү жылдар өтүп издегендир.

## СҮЙҮҮ - АКЫЛ, ЖҮРӨК ТАЙМАШЫ

Сүйүү келет не бир түргө түрдөнүп,
башталышы ак-кызыл гүл бүрдөнүп,
апкаарытат чын-төгүнү билинбей,
сөз айтууга жүрөк даабай сүрдөнүп.

Бирде турат көңүл кушун азгырып,
көзүң сокур, калп дүйнөгө багынып.
Бар дүйнөдө кечип коюп баарынан,
жашың төгүп, намысыңдан арылып.

Делби сыңар акылыңдан адашып,
кыялыңда тургуң келет жанашып.
Чочуп кетип кайра эсиңди табасың,
акыл-эсиң, жүрөк менен таймашып.

Жүрөк сезбейт сүйүүнүн ич аласын,
мезгил дабаа, ылгайт агын-карасын.
Акыл-эске жүрөк байкуш багынат,
көөдөнүндө таппастан эч айласын.

## КӨӨДӨНДӨГҮ ЖАҢЫРЫК

Канча жылдар көрбөсөм да өзүңдү,
эстей берем жанга жагым сөзүңдү.
Кээде түштө көрүп калам жайдарым,
мөлтүрөгөн карагаттай көзүңдү.

Шаңга бөлөп ар бир өткөн күнүмдү,
дем-күч алам уккан сайын үнүңдү.
Кыялымда бирге жашап келесиң,
кумардана жыттайм аппак жүзүңдү.

Көөдөнүмдөн кетпей ушул жаңырык,
аргасыздан тез-тез турат жаңырып.
Жүрөгүмдү тыйып келем зордуктап,
бүгүнкүмдүн бактысына багынып

Кээ бир учур ойлоп сени кыйналам,
жүрөк булкат көөдөнүмдө туйлаган.
Акыл-эсим жеңип кетет жүрөктү,
«бала-чака, жарың бар»- деп, кыйбаган.



...Ооба, ооба, тирекмин мен көптөргө,
чоң атамын, бабамын эл сыйлаган.
Даяр турган чымын жанын берүүгө,
ырларында бүлө үчүн ырдаган.

## КАЙРЫП КЕЛЧИ

Өткөн күнүм тогуз өлчөп толгонуп,
ар бир баскан кадамымды ойлонуп.
Өмүр, жашоо таттуулугун кеч сездим,
жаштыгымда бирөө тоскоол болгонсуп.

Ашык бассам бутум ооруп, бат талып,
аңдып турат, жүрөк ооруу бут чалып.
Мындан аркы жашоомду ойлосом,
калгансыймын кең дүнүйөм бүт тарып.

Ооруу дартым оңой эле табышты,
угаар замат чочуп, шашып калышты.
Жүрөк кургур унтуп кала жаздаптыр,
бир калыпта түрсүлдөтүп кагышты.

Эх өмүрүм кымбат, таттуу белемсиң,
мынча сулуу, бар турпатың, элесиң.
Эч ким сезбейт качан, кантип кетээрин,
арман кылып ашкандан соң белесиң?

Каалабаймын, бул өмүрдөн өткүм жок,
чын дүйнөңдүн бейишине кетким жок.
Эмне кылам бейишинден кеп созуп,
жашайынчы, кайрып берчи ден соолук.

## ЫРААЗЫМЫН

Ыраазымын бүгүнкү кадамыма,
туш болгон ыр деңиздин аралына.
Оош-кыйыштуу жолдору болсо дагы,
эргүүлөрдү ыроологон заманыма.

Ыраазымын ырлардын абалына,
татый алган окурман талабына.
«Жетсем-деп аракетте күн өткөрөм,
таанылган акындардын катарына».

Ой-чабыттап эргүү издеп күнүгө,
убакыт жок бекер басып жүрүүгө.
Сөз кынаптап күнү-түнү олтуруу,
бүтпөөчүдөй акыл-эсим тирүүдө.

Колдоп турса өмүр шерик адамым,
түгөнбөстүр уюткусу чамамдын.
Балким жетем өзүм койгон максатка,
узак болуп ыр дүйнөдө кадамым.

## АШКЕРЕ ЖАЗ

Өмүр күздө эрмек болуп каламым,
пайдалуу бир ыр жаратуу талабым.
Мындай учур «четте карап турба»- деп,
негизгиси ушул менин санаамын.

Акындарым колго карма каламың,
ашкере жаз ууру-кески жаманын.
Бүгүнкүнүн болуп турат талабы,
келечекте бүлүнбөсүн заманың.



Айырмасы актар менен каранын,
акылына кирсе деймин баламын.
Тилек кылам ар күн эртең өлкөмө,
«оңолсун - деп, бактыңарга заманың».

Жалпы эл тартып ууру-кески азабын,
чет өлкөлөп басты элим таманың.
«Бир аз чыда, дагы бир аз чыдай түш!»,
аз калды окшойт оңолоорго заманым.

## СЫЙМЫКТАНАМ

Билип-билбей эмне барын алдыда,
моюн сунуп заман бурган агымга.
Эртеңкимден умүт этип жакшылык,
жашап келем көпчүлүктүн шарында.

Өмүрүмдө "чоңду" жандап көрбөдүм,
мансабына такыр көңүл бөлбөдүм.
Сыймыктанам азыр өткөн өмүргө,
бешене тер болду тапкан-көргөнүм.

Сареп салып жакшы-жаман жагына,
сөз кошомун кээде карап алыма.
Бирок билем, аксакалдан эмесмин,
байлыгына, бийлигине жалынма.

Шүгүр кылам ден соолугум барына,
бала-чакам, жакын жарым жанымда.
Анча-мынча кыңыр ишти көрсөм да,
батына албайм ачык айтып салууга.

## ЖЕР СООРУСУ КАРА-КОЙ

Кара-Коюм - жер соорусу ыйыгымсың,
жалпы Кыргыз элимдин сыймыгысың.
Башаталышы Кыргыз-Ата дарыянын,
сүт сыяктуу көбүк чачып агышынын.

Узатып көп кылымдын чабышынын,
ак мөңгүдөн булак болуп агышынын.
Кокту көздөй көп белестер ашып өтүп,
түздүктө жүз миң элди багашынын.

Арча кайың, чие аралаш белестериң,
сүрөттөлчүү жомоктордо элестериң.
Мындан ашык мактоого сөзүм калбай,
кыйын болду сөз берметин издегеним.

"Мазар"ашып, тоо-ташың кыя жолуң,
дем алыш мезгилдери бошоп колум.
Ошол күнү жаштыгыма издеп барам,
кала берген балалыктан элестерим.

## БҮГҮНКҮ КҮНҮҢ, КЕЧЭЭГИ

Чыкылдып сааттын жебеси,
узайт го күндүн эчени.
Түн кирип кайра таң атса,
бүгүнкүн, демек кечээги.

Баео бир сезим илеби,
өмүрдүн баркын билеби?
Балакатка тез жетип,
кыз жандоо жигит тилеги.



Мойнуна илип булөнү,
билинбейт өмүр сүргөнү,
азабын тартып турмуштун,
түйшүктүн түшүп түмөнү.

Ушинтип миндеп эчени,
ар күндүн келет эртеңи.
Сезилбей ай-жыл алмашып,
жаштык кез калат кечээги.

Жашоонун күтөт бечели,
өмүрдүн калбай эртеңи.
Башыңды ташка урсаң да,
тарыхсың өткөн кечээги.

Пенденин дайым күткөнү,
карылык доорун сүргөнү.
Коңгуроо кагып эшикте,
чын дүйнө сени күткөнү.

## НООКАТ АТАЛЫШ БАЯНЫ

*(Ноокатымдын баяны ыр түрмөгүнөн)*

Ноокат сөзү, "Ноодогу кат" аталыш,
зоону тешкен, суу ноосунда башталыш.
Кандай маани, ким калтырган жазууну,
илим жактан, сөзсүз керек такталыш?

Бир аз жүрсөң үстү тип-тик аскада,
сен көрөсүң бул чөлкөмдө жокту да.
Атам заман, миң жылдары илгери,
ташка чегип калтырышкан катты да.

Жоокер заман көчмөн элди миң өкчөп,
мажбур кылып коргонууга кол топтоп.
Ал мезгилдер азыркыдай курал жок,
кылыч, найза, жебелерин бат октоп.

Тип-тик аска, кадимкидей телескоп,
обсерватория болгондугу анык кеп.
Тик аскада кырк беш куздей жылма бет,
ташка чеккен кең космосту так өлчөп.

Калк ичинде акылман көп, зирек көп.
Асман карап, жылдыз санап, миң өлчөп,
таш бетине чеккен асман ааламын,
"Астроном"жылдыз ордун иреттеп.

Улуу тоолор, байлыгыбыз баа жеткис.
Тоо ээлери, биз Кыргызбыз, демекпиз!
Насип кылган, биз урпакка буюруп,
ак мөңгүсү жүз кылымдап эч кеткис.

Кара-Коюм биздин элдин бактысы,
Апшыр-Атам Ноокатымдын тактысы.
Чили-Сайым баары барып биригет,
Туу чокусу, Чоң - Алайдын ашуусу.

Үчөөсү тең бир-биринен ыйык жер,
тээ илгери, Сахабалар* төккөн тер.
Чили-Сайдан этек жакка жайыкта,
ыйыктардын ыйыктары жаткан жер.

Чыгыш тарап Шаңкол, Кошчан аттары,
булар калган Кытай баскын тактары.
Алар тургай кен казышкан үңкүр көп,
жез алышкан Кара-Кокту жактагы.



Чыгыш чеги Көк-Белимден башталат,
батыш жагы Баткен жакка такалат.
Чыгыш-Батыш кең жайыкта жайгашып,
жер иштетип, тоо этектеп жакалап.

Кут даарыган берекелүү ыйык жер,
бейпил турмуш сүрүп келет биздин эл.
Териштирсең санжыраны санактап,
батырасың кырк урууну кынаптап.

Чоң-кичине жетимиш алты айылда,
үч жүз миңден ашып барат калкы да.
Негизинен кыргыз-өзбек канатташ,
жашап келет эчен жүз жыл табакташ.

Тирилиги жер иштетиш, мал багыш.
Тынымы жок, жайы-кышы жөн жатыш.
Картошка-дан, мөмө-жемиш бактары,
калбайт жери, иштетилбей бир карыш.

Кышы мелүүн, жайы салкын жерлери,
үйдө жатпайт, талаада бүт элдери.
Жаштайынан пешене тер төгүшүп,
кышта гана тынчый түшөт демдери.

Ноокат шаары Ноокатымдын борбору.
Жайгашкан жер Ош-Баткендин жол боюу.
Азыркы учур колдоп турат бийликтер,
максат кылып ушул жолду оңдоону.

*(Ферганалык молдо Сейф Ад-Дин Аксыкентинин 16-кылымга таандык тажик тилиндеги «Мажму ат-таварих» («Тарыхтар жыйнагы») аттуу кол жазмасында көрсөтүлгөн-Авт.)

## ЖАҢЫ БҮЧҮР

Заманам өйдө-ылдый болгон учур,
зыкымдар байлык жыймай утур-утур.
Зарыккан Кыргызымда багы ачылып,
зор үмүт байлап жатат жаңы бүчүр.

Байкалбай мезгил күлүк өтүп барат,
барган сайын жакындап оомат тарап.
Байкоо салып, ойлонуп баса көргүн,
басаар жолдун оң-терсин текши карап.

Өзүбүздү сезебиз тергөөчүдөй,
өмүрү ийри жолдо жүрбөөчүдөй.
Өзгөлөр кыбыр этсе сын тагабыз,
өзүбүздүн жүздөгү көөнү көрбөй.

Сын айткандан азыраак алыс болуп,
«сатты-койду» дегенди такыр жоюп.
Сабыр кыла бир тыным жасайлычы,
сай-сайлаган чырынды четке коюп.

## ОШОЛ СУЛУУ

Айлананды карасаң баары гүлзар,
түркүн түстө кийинген сулуу кыздар.
Биле албайсың ичинде ак-карасын,
назданышта көздөрү жылуу жүздөр.

Кызгалдак гүлү сымал бажырайып,
сулуулугу ченде жок, бир ажайып.
Акылынды байкатпай арбап алат,
байлап алат жиби жок, таң калаарлык.



Айласыз сулуулуктун кулу болуп,
көпөлөктөй ар гүлгө учуп-конуп.
Элес албайт суктанаар ошол гүлүң,
митедей ичээрлигин канын соруп.

Барбы-жокпу ал гүлдүн не кереги,
жыты кандай билбейсиң эч эзели?
Азгырылып колуңа алганың соң,
саят бир күн кашайтып тикенеги.

## КОЛДО ТУРСА КАЛЕМИМ

Колдо турса ушул учтуу калемим,
термелеймин асыл ойлор данегин.
«Көтөрсөм - дейм, көкөлөтүп бийикке»,
уюткулуу салт-санаанын желегин.

Элеп-элеп калыстыктын элегин,
«кошсом»- деймин, өз элиме керегин.
Опурталдуу оош-кыйыш заманда,
бекемдесем салтыбыздын тирегин.

Чуркайынчы тешилгенче таманым,
оңолушка бүгүнкү күн, заманым.
Акырындап арабыздан жок болоор,
эл акысын уурдап жечүү сараңың.

Ата салтын бекем тутуп аздектеп,
«урпак үчүн өтө зарыл, керек»- деп,
жоготолу ашык ырым-жырымды,
каптап жаткан элибизди тереңдеп.

Салт азайды улууларды сыйлаган,
ата-эне көп уул-кыздарын кыйнаган.
Жети атада болгон эмес Кыргызда,
балдарынан, келининен ыйлаган.

Өзүбүздөн баштайлычы оболу,
ар кимибиз акыл-эстүү бололу.
Убакыттан ар бир күндү уттурсак,
алыс эмес Кыргыз салтың жоголуу.

## ЖАЛГЫЗ ЭШИК

Жашоодо бүгүнкүмө шүгүр кылып,
баратам акырындап ташым жылып.
Бактылуу бала-чакам, алган жарым,
калгыча өмүр ташым такыр тынып.

Жалган кээде чындыкка үстөм кылат,
азгырып, жакшыны да жолдон урат.
Сен экөөбүз көп жолу күбө болдук,
калганына ак жерден чындык урап.

Кээ бирде бийиктесе, кээде кулап,
көр оокат, айласыздык күтүп турат.
Агымынан эли-журттун калбас үчүн,
жаманга да барасың, жардам сурап.

Бул дүйнөгө баарыбыз куру келип,
буюурат аш, бирөөгө жалаң кешик.
Адал менен арамды айласыздан,
күтүп турат үңкүрдөй жалгыз эшик.



## КАРА-КОЮМ АЛГА ОЗОТ

Тоолор турат бир-бирине кыналып,
караган көз көркөмүнөн уялып.
Калдайлыктар ыйык туткун тооңду,
төмөн жакта өсүп жаткан Буудайлык.

Арча-кайың аралашкан токойлоруң,
чаңы чыгып ызгыган шагыл жолуң,
Ишен тоолук Калдайлык, ишенгиниң,
келечекте асфальт болуп оңолоорун.

Чат-Көпүрө жогору гүлдөп өсөт,
чет өлкөлүк туристтер келээр көксөп,
Швейцария тоолорун артка таштап,
Кара-Коюм баарынан алга озот.

Бул тоолордо аталардын изи калган,
Жумабайдай болушуп даңкы жарган.
Ибрагим акенин эстелиги,
жогорку бет асман тиреп арча-кайың...

Өмүр сүрүп из калтырган аталар бар,
урпактары таазим этип сыймыктанаар.
Жашап өткөн өмүрүнүн таржымалы,
келечектин муундары тарбия алаар.

## БАЗАРДА

Базар. Малдын ар кыл түрү бар,
багылганы, арык-торук, зору бар.
Баткак-чыла, малдын кыгы аралаш,
бут кийимиң жаңы болсо шору бар.

Базар ичи, башкача бир шаңы бар.
Бири жөөлөп, бири шаша баскандар.
Баасына көндүрө албай мал ээсин,
«берекелеп» колун силкип жаткандар.

Бирөө турат бүт жүзүндө кубануу,
бүттү соода оң келгендей чамалуу.
Бирөө сатты, бирөөсү алды чамасы,
берди акчасын эсеби так саналуу.

Бирөө кайтты, кабак-кашы салынуу,
байкалгандай ак жүзүнөн муңаюу.
Билип-билбей эрежесин сооданын,
болбогондой саткан баага ынануу.

Бирөөлөр бар, үч-төрт адам чамасы,
бирдей эмес, ичинде бар аласы,
Бар тапканы далдалчылык кесиби,
бүт соодага шайлангандай арачы.

Бири жүрөт, уурдоо-тоноо өнөрү,
бир да жолу ойлобойт ал өлөөрдү.
Бирин-экин маңыроосу туш келсе,
бар акчасын аңдып жүрүп согоору.

Бир иши жок, ары-бери баскан бар.
Бүт соодага өз салымын кошкон бар.
«Бар береке!Соода бышты, бергин»- деп,
баарысынан үндү бийик созгон бар.

Берекелүү Ноокаттын мал базары,
билбейм кимге кай жагынан жагаары.
Бейпил турмуш болуп турса жеримде,
байлык болот тынч жашоонун амалы.



## ӨМҮРҮҢ – БУЛ ШАХМАТ

Бешиктен бейиш жолун үйрөнөбүз,
ал арада миң түргө түрлөнөбүз.
Унутуп, бүгүнкү күн кечээгини,
түбөлүк жашачуудай күүлөнөбүз.

Ар күнү эртеңкинин камын жемек,
арада бирөөлөргө болуп эрмек.
Өзүң «ферз», бирөөгө «пешка» болуп,
өмүрүң шахмат сыңар оюн демек.

Жүрүшүң ар түрдүүчө, кызык нерсе,
ташың кулайт бийикке оомат келсе.
Ойлонбостон чекилик жүрүш кылсаң,
«мат» болосуң каршылашка ыгы келсе.

Жүрүш болот кээде күтпөс тараптан,
тирүүлүктүн түз жолунда баратсаң.
Кейибегин, сына көрбө, бекем бол,
таразасын калыс койгон Жараткан.

## БИЗДИН КӨЧӨ
*(Баян)*

Өткөн кылым чаң көчө эле жүргөнүм,
балалыктын таттуу доорун сүргөмүн.
Капарымда кийинкимдин камы жок,
эртели кеч оюнда өтчүү күндөрүм.

Бир топ бала өзүм сындуу куракташ,
эч кири жок көңүл таза, ынакташ.
Бир сындырым нан тапсак да ортодо,
бөлүп жешип болоор элек табакташ.

Бир көчөдө айылчылап таш чыны.
Жүзгө чама, сыры кеткен, жок сыны.
Той-топурбу, өлүм-житим болгондо,
ташылгандан кетилген го бүт кыры.

Бүгүнкү күн чаң көчө жок бир карыш,
жашообузда бир топ болуп өзгөрүш.
Жолдор таза, бирок сезим чаң басып,
пейлибизде жаман болду төңкөрүш.

Азыр кеттик ар кимибиз чар тарап,
бир нан эмес, жер талашып, «пул» санап.
Бай кедейди, кедей байды өгөйлөп,
кээде өтөбүз учурашпай терс карап.

Бир көчөмдө үч-төрт мечит, эл башка.
Сакалдуу көп, карабастан чоң жашка.
Билими жок, «илимдүүлөр» башкарып,
бирге баспай, бай-кедейде жол башка.

Эл журт ичи дүйнө жыймай, таламай,
көп учурда чырдашпастан тура албай.
Биз келебиз көр дүйнөгө кул болуп,
тар пейилдик туткунунан чыга албай.

Заман жакшы, заманда эч айып жок.
Бүгүнкү учур, пенде азайды пейли ток.
Барга ыраазы, жокко топук кылганда,
болоор беле жашоо жыргал, көңүл ток.



## КАЛЕМДЕШ БАР

Калемдешим асыл ой казаарың бар,
түн уйкуңду коротуп азаарың бар.
Окурмандын түнөк таап жүрөгүнөн,
эл жактырган ырларды жазаарың бар.

Калемдештин ойду-тоону казганы бар,
ырынын өңү кетип азганы бар.
Сан жагы маанилүү эмес, сапат менен,
ырлары узак жашап калмагы бар.

Калемдеш, саптан кабат курчуусу бар,
андан-мындан куурактап урчуусу бар.
Сын айтсаң плагиатты «оңдогун»- деп,
беттен алып, актанып турчуусу бар.

Калемдеш арасында сатылган бар,
бирөөнүн жарасына катылган бар.
Чындык үчүн чыркырап күйүп-жанып,
найзадай калем менен качырган бар.

Калемдеш, ырга салган муңдарың бар,
чечмелеп сыры терең ырларың бар.
Дайыма күлүп-жайнап көзүң барда,
өзүң жокто сын айтчуу чырларың бар.

Бул жорук болуп келген, боло берет.
Акын үчүн окурман - сынчы, элек.
Алардын элегинен өтүү үчүн,
Жараткан тартуулаган талант керек.

Толгонуп чыгармалар жаратууга,
Ыроолонгон талантты багуу керек.

## КӨК-БЕЛ БАЯНЫ

*(Ноокатымдын баяны ыр түрмөгүнөн)*

Беш кылым мындан илгери,
Тагай бий тандап жай кылган.
Төрт түлүк малын жайнатып,
Көк-Белге жыйнап эл кылган.

«Мажму атут-таварихте»*
Тагай бий аты аталат,
Жайы конуп бул Көк-Белде,
тоо этектеп жакалап.

Болгон дешет ал заман,
күчтүүгө күчсүз кор заман.
Алсызды алдуу тепсеген,
салыгын салып, кектеген.

Жер которуп кетиши,
бекерден-бекер эместир.
Ысык-Көл тарап көчүшү,
ал заман мүмкүн керектир.

Падыша бийлик өктөмү,
Көк-Белге тийип көктөмү.
Жүз жыйырма жыл илгери,
он "мужик" келген көчкөнү.

"Мужиктер" айыл негиздеп,
там-ташын куруп тегиздеп.
Жашылча эгип үйрөткөн,
«эл-журтка азык жегиз»- деп.



Ал мезгил элим жашаган,
тоо-тоону ээлеп, качаган.
Орусту көрүп Көк-Белдик,
алардай там-таш самаган.

Өткөн кылым арасы,
көп улутту баккан жер.
Бүгүнкү күнү алардын,
мүрзөлөрү жаткан жер.

Бөрү, Байыш турактары,
Тээке, Маңгыт урпактары.
Кодогочун, Баргылары,
Ынтымакта жашайт баары.

Көкжатык, Сарттар уруусу,
урпагы жашап жаткан жер.
Исановдой чыгаанды,
Кыргызыма тапкан жер.

Көк шибери көйкөлүп,
сан миң жылкы баткан жер.
"Жылкы завод" аталып,
атак-даңкы чыккан жер.

Эш жайлоо чөбү ширелип,
бел кырчоо өйдө буралып.
Бүлдүркөн, мисте, бадамы,
талабы күчтүү суралып.

Ноокатта күн бүркөлсө,
жамгырдын болбойт болбошу.
Ошондуктан калган сөз,
"Жамгырдын Көк-Бел ойношу".

Кең жайлоо, дайра Кайынды,
мекендейт форель балыгы.
Эч качан болбойт Көк-Белде,
мал баксаң малдын арыгы.

*(Ферганалык молдо Сейф Ад-Дин Аксыкентинин 16-кылымга таандык тажик тилиндеги «Мажму ат-таварих» («Тарыхтар жыйнагы») аттуу кол жазмасында көрсөтүлгөн-Авт.)

## БИЙИК ТУРАМ

Арданбаймын мыйыгынан күлгөнгө,
акындарды байкуш санап жүргөнгө.
Байлык-бийлик кулу болуп арсандап,
бөлүшө албай ар күн итче үргөнгө.

Бийик турам өлүк дүйнө жыйгандан,
байлык үчүн адам атын кыйгандан.
Бийлик үчүн жанын сатып шайтанга,
көөдөнү бош, чыны Кудай ургандан.

Колдо калем, ушул менин жүрүшүм,
жаза берем заман оош-кыйышын.
Каалаар элем бийлик ээлер бүгүнкү,
калемгерге бир аз көңүл бурушун.



## ӨМҮРҮМ

Ой чабытым учуп бийик асманга,
өмүр күзү кышка карай басканда.
Ыр дүйнөсү сүрөөн болуп ар күнү,
ышкым күчөйт дагы алга басканга.

Өмүр күзүм кышка оогон кезинде,
жаш баладай кыял келип сезимге.
Кээ күндөрү эргүүлөрүм жетелеп,
жашап келем барып бала кезиме.

Оош-кыйыш күндөр өткөн өмүрдө,
калып кеткен кетпес болуп көңүлдө.
Азыр мына айыбымды сеземин,
катачылык кеткен кээде өзүмдө.

Күндөр өткөн дарыядай шар аккан,
тоо томкоруп, эчен кыя бел ашкан.
Ак-карасы жуурулушуп турмуштун,
өмүр өттү ак мээнетте жан баккан.

## НООКАТ БАЗАРЫ

Жай мезгили барчылыгын мол берип,
базарларда мөмө-жемиш көп кирип.
Бакылдаган ызы-чуусу сооданын,
барчылыктан кабар берет жан кирип.

Жок нерсе жок, баары турат базарда,
сөзүм жетпейт, эмне барын жазаарга.
Жандуу-жансыз, жашоо үчүн керектүү,
тамак - ашка, жер иштетип казаарга.

Тамак-ашың чийкиси да бышыгы.
Кийим-кече ичкиси да тышкысы.
Басам-күтөм, ары басам-күтөмүн,
байбичемдин такыр келбей чыккысы.

Үстүдө аптап агызып май, терди да,
аябай бир азабымды берди да.
Колдо баштык, ичи толо аштыкка,
кетким келди, бир кездеги жаштыкка.

## ЫР ЫШКЫСЫ

Түнкү асман тегиз жылдыз чачканда,
бажырайган шуру сымал асманда.
Эргүүлөрүм бал уйкумду кубалайт,
бел байлатып сонун бир ыр жазганга.

Билген сезет акындардын абалын,
көз кызарган уйкусуз түн жамалын.
Эргүү келсе жаш балача кудуңдап,
оокат-аш да эстен чыгып калаарын.

Таасир берет ар бир учур сезимге,
көр турмуштун оош-кыйыш кезинде.
Ошолордон толгоо тартып «төрөйсүң»,
ырга айланта бекем сактап сезимде.

Кээ күндөрү эргүү качат карматпай,
эки сөздүн башын бирге жалгатпай.
Кыйналасың уйгу-туйгу ойлордон,
кеч күздөгү учуп жүргөн камгактай.



## ДҮЙНӨҢ САХНА

Күлүк мезгил зымырап, кагып канат,
toктобостон өмүр дайра агып барат.
Дүйнөң сахна, аралашып күлкү-ыйга,
күттүрбөстөн көшөгөң да жабылат.

Кайда жүрбө, кандай абал болбосун,
мокой көрбө, жеңилүүчү болбогун!
Көк беттенип алга карай жүрө бер,
тилеп-сурап Кудай баарын оңдошун.

Бул өмүрдүн ийри-буйру жолунда,
туш келесиң кээде мүшкүл торуна.
Ачуу эмес акылыңды дос кылсаң,
оомат менен бакыт келет соңунда.

Күлүк мезгил кага бер добулбасың,
буйруса бул сахнаңда жол улаармын.
Жыгылаармын чалышсам, кайра туруп,
ыйлаармын да, кайрадан соолугармын.

## АК ХАЛАТТАЙ ДИЛ МЕНЕН

Ак халаттай апакай дилиң менен,
дарыгерлер сиздерде пейил кенен.
Бүгүнкүнүн күжүрмөн баатырлары,
айыктырат ооруну сүйүү менен.

Ден соолуктун күзөтүндө эчен кылым,
арачалап өмүр менен өлүм чырын.
Гиппократтын антынан такыр жазбай,
келесиңер билбестен эч бир тыным.

Мээримиңе келет бейтап зарыгып,
«айыксам»- деп, Жаратканга жалынып.
Бар болгула дабагерлер халатчан,
зор үмүттөр сизге турат тагылып.

## ЖҮРӨГҮМДҮН САКЧЫСЫ
*(Маманова Асылканга)*

Мээрим төгө, алың сурап жайдары,
суу көтөргөн кыз сыңары айдагы.
Асыл эжем дайым көңүл көтөрөт,
оорулуунун дартын билип кайдагы.

Мамиленден сыркоо шыпаа тапкандай,
мээримдүү сөз көңүлүнө жаккандай.
Убактылуу дарт-санаасын унутуп,
балкыйт дене мээримиңе баткандай.

Сенсиң дайым жүрөгүмдүн сакчысы,
тирүү жүрсөм бала-чакам бактысы.
Жаратканым оомат берсин эжекем,
колу жеңил, дарт дабасын тапчуусу.

Өзүң барда дарты бар жан айыгаар,
ден соолукка даңгыр жолуң салынаар.
Мен сыңары илең-салаң келгендер,
шыпаа издеп сендей жанга зарыгаар.



## ДЕН СООЛУКТУН ПИРИ

Силер үчүн күн-түнү күрөш майдан,
бейтап келет саатсыз кырсык чалган.
Жаратандан кийинки жалынганы,
жардам колун созуучу ак халатчан.

Кээде түндөп уйкуну кечип коюп,
ажал менен арбашып, үмүт болуп.
Өмүрлөргө канча өмүр уладыңар,
күнү бүтүп баратса гүлдөй соолуп.

Берген антты ар дайыма сактоочулар,
кыйын кезең чегинип, качпоочулар.
Азыркынын алдыңкы «жоокерлери»,
ишенимин эл-журттун актоочулар.

Өмүр кымбат, силер жашоо ачкычы.
Молдо-бакшы, бай-кедей да барчуусу.
Кут болсун майрам, ишеничи элимдин!
Ак тилек сага ден-соолук пири, сакчысы!

## КАЛЕМ - ДОСУМ

Жашадым бийлик талаш учурунда,
досторду достор саткан ызы-чууда.
Жараткан калем досту ыроолоду,
«жол койбо - деп, жаманга утулууга».

Асыл ойлуу - досум калем сапаттуу,
түнү-күнү кызматыма жарактуу.
Кыялыма шерик болуп дайыма,
ай-ааламды кезип учаар канаттуу.

Чыныгы дос керек учур сырдашкан,
кээ учурда жалган менен чырдашкан.
Оомал-төкмөл опурталдуу заманда,
сатып кетпей, отко-суга бир баскан.

Аны менен жакшы-жаман барк алам,
сөз аркылуу түркүн сүрөт тарта алам.
Көөдөндөгү кыйнап жүргөн ойлорду,
досум менен эл-журтума айта алам.

Ырларда эч арылгыс өчүм бардай,
жазамын эргүү келсе колум талбай.
Алдыда билбейм дагы канча калды,
өмүрүм шашып барат тыным албай.

## ЫРЛАРЫМДА ЖАШАЙ БЕРЕСИҢ

Жүрөгүмдө бүтпөс армандай,
бүт ааламга келем сыя албай.
Акыл менен жүрөк арбашы,
адат болуп мага калгандай.

Тагдырыбыз өкүм кылгандай,
жар-жар ыры бизге ырдалбай.
Өмүр өттү көркөмсүз бойдон,
түр боёкко такыр сырдалбай.

Сезимдерди козгоп элесиң,
эргүү берип дайым келесиң,
Эске салып жаштык учурду,
ырларымда жашай бересиң.



## ТҮШКӨ КИРДИҢ

Булук салып туйгу-сезимге,
өмүрүмдүн күзгү кезинде.
Айперидей көркүң төгүлүп,
түшкө кирдиң бүгүн кечинде.

Бурганактап көңүл сөгүлүп,
сезимдерим «быт-чыт» бөлүнүп.
Аян берип өткөн жаштыгым,
жаткан өңдүү түштө көрүнүп.

Жылдар өттү жаштык алыстап,
кайтпас болуп жигит-селки чак.
Кээ бир кезде кирет түшүмө,
биз кезикчүү ошол сейил бак.

Тураар элең жүзүң албырып,
караганда моокум кандырып.
Түштөрүмдө селки жашай бер,
сүйүү шамын кайра жандырып.

## МАХАБАТ – ЫР БУЛАГЫ

Махабат – акындардын ыр булагы,
тандалбайт сүйүү келсе жаш курагы.
Жанына тыным бербей эргүү келет,
колунда калем бары бүт куралы.

Махабат бүт азабын ырга салып,
кээде кең, а бир учур жолуң тарып.
Сүйүүнүн жан жыргатаар ыр саптары,
шуру сымал тизмектешет оюн багып.

Махабаттын жүз аты бар, койну кенен,
ички бугуң билдирүүгө сөздөр белен.
Бирок да, ошол туйгуң жооп таппаса,
зарлап жүрүп өтөөрсүң дүлөй-кереӊ.

Махабатсыз жашап өткөн пенде барбы,
бул ааламда, өмүр кечкен болуп жарды?
Болгон эмес, болууга да мүмкүн эмес.
ал үчүн канча адамдар кыйган жанды.

## ӨҢДӨН АЗАМ

Кыялым орундалбас боз уландай,
кээде сезем өзүмдү мен чабалдай.
Көр тирилик ташпиштери жүдөтүп,
өзүңдү мен жүрөм издеп баралбай.

Мухиттеги жалгыз турган аралдай,
деңиз суусун кечип өтүп бара албай.
Көңүл дегдеп турган менен айласыз,
өңдөн азам дарт тооруган адамдай.

Кээ бир учур алып учуп кыялым,
калам таппай кайда жүрөк сыярын.
Кездешүүнү элестетсем кыялда,
колумда гүл, боз уландай уяңмын.



## БИЛЕ ТУРУП

Жашоодо сүйүү тунук, кандай бийик,
жүрөктөргө муштумдай турат сыйып.
Жашайсың таза тутуп сактай билсең,
бир өмүр өз бактыңдын даамын туюп,

Аздектебей кээ бирде сүйүүбүздү,
элес албай бактылуу күнүбүздү.
Биле туруп кээ бирибиз кайгы үйүп,
таштай качып бактылуу үйүбүздү.

Азгырылба азыткынын кумарына,
айланып бир сулуунун тумарына.
Аймончок жар, наристе бала-чака,
азабы бар, кала турган убалына.

Жалдырабай өмүр бою болуп карып,
жашай бил балдарыңа жүзүң жарык.
Жүрөктөгү жараатың айыкпастан,
жеп түгөтөт өмүрдү курттай кажып.

## КАЛЕМДЕШКЕ

Ырларды жаз, жаз акыным жалтанбай,
кан-жаныңдан эл көйгөйүн жазгандай.
Ачык-айкын айт мүдөөсүн, жеткиргин,
кайдыгерлик көзүн оюп салгандай.

Сүйүүнү жаз, көз жашы төгүлгөндөй,
махабаттан жүрөк-боору сөгүлгөндөй.
Сүйүүдөн балкып турсун бүт денеси,
жаш селки биринчи ирет өбүлгөндөй.

Эргүү турсун ар күн сени сагынып,
кала көрбө көр турмушка багынып.
Жазгын дагы, дагы- дагы жаза бер,
муза айымга күндүр-түндүр жалынып.

## ЭСКЕ ТҮШҮП ТӨРТ КАЙРЫК

Сүйүү келет ар куракта ар кандай,
кээде оргуп, кээде соолуп фонтандай.
Акыл топтоп, жашың өтүп калганда,
эки жалын ортосунда калгандай.

Эртеңки күн, келечегиң түнт токой,
кээде жүрөк он сегизге толгондой.
Көзүн карап аткарасың айтканын,
махабаттын кудурети ошондой.

Эс акылың уурдап турат башкарып,
айласыздан кең дүнүйөң бүт тарып.
Ич күптүндү чыгарасың ырлардан,
кайра-кайра эске түшүп төрт кайрык.

Ырың болсун эл моокуму кангандай,
окуган соң чоң ырахат алгандай.
Өзүңө да жагып турсун жазганың
ыр дүйнөнүн бейишине баргандай.



## БАКЫТПЫ ЖЕ ТОЗОКПУ?

Жаш өйдөлөп калган кезде түшүмдө,
сүйүү гүлдөп, барган сайын жашарып.
Өмүр чиркин жыйнап күзгү түшүмүн,
барат окшойт сүйүү кургур тазарып.

Сүйүүнүн кайгы-муңун же күлкүсүн,
ар кимде түрдүү болоор түшүнүгү,
Кээ бири бирди тургай жүздү сүйүп,
сүйүүнүн жип байланган «күчүгүбү?»

Бакытпы же тозокпу бирди сүйгөн?
Жалын болуп ал жакса оттой күйгөн?
Жооп берет бул суроого жалгыз гана,
чын сүйүүнүн азабын жашап билген.

## ЫРЛАРЫМ

Ырларым дайым мага көңүл шерик,
кайгырган учурумда мээрим берип.
Ырга салып жан дүйнө жаңырыгын,
жеңилдеймин сөздөрдүн балын терип.

Ырларым кубанычым тең бөлүшүп,
өмүрдүн таттуу даамын бир көрүшүп.
Сулууларды жандасам кошо жандап,
өбүшсөм мени менен бир өбүшүп.

Ырларым кээде азап бересиңер,
бирок да өмүргө азык элесиңер.
Силерсиз жашоомду эч элестетпейм,
мен үчүн алтын чынжыр желесиңер.

Ырларым менден калган тарыхсыңар,
өмүрүмө шам чырак жарыксыңар.
Жүрөккө колум коюп чынын айтсам,
мен үчүн бар тапкандын баарысыңар.

## МЕНДЕ ЖАШАЙТ ЭЛЕСИҢ

Минип алып ыр дүйнөнүн кемесин,
мен издеймин көп ичинен элесиң.
Миң аракет кылсам деле үзө албайм,
махабаттын бизге салган желесин.

Мезгил күлүк, аштык өмүр белесин,
далай уктук ак сүйүүнүн «жемесин».
Мээленилип бизди көздөй атылган,
махабаттын тосо албадык жебесин.

Мейли тагдыр каалашынча эзесиң,
мен чыдаймын аша албасам белесин.
Махабатым бек сактаймын жүрөктө,
мендик болуп жашай берет элесиң.

## КЭЭДЕ ТҮШКӨ КИРЕСИҢ

Мен уйкуда, кээде түшкө киресиң,
мээрим төгө, дайым эсте жүрөсүң.
Мага болгон аруулукту ырастап,
махабаттын улуулугун сүйөсүң.

Мезгил сынчы ылгап агын-карасын,
«Ме, алгын»- деп, берип жатат чаласын.
Момун чалыш катардыгы бирөөмүн,
миң издесем таба албаган дабасын.



## БАЙЛЫГЫМ МЕНИН ЫРЛАРДА

Ыр дүйнөдөн сынап көрүп өз бактым,
ырыскылуу жылуулуктан жай таптым.
Жаңырыгын жан дүйнөмдүн айтууга,
жалгыз досум - поэзия сен жактың.

Ырлар жазсам калат бугум жазылып,
ышкы отум бермет сыңар чачылып.
Ыгын билбей, жашырууга чамам жок,
ыйман-сырым толук турат ачылып.

Баёо учур, балалык жаш кезде келбей,
башкача бир аалам барын эрте сезбей.
Бар дүйнөм кайра баштан өзгөрүлүп,
бир күн да жашай албайм сени кезбей.

Бүт эркимди бийлеп алган өзүң болуп,
бар ааламым имересиң бекем тооруп.
Буга чейин акыл-эсим толгон десем,
баратам го кайра баштан акыл «ооруп».

Бакытымдын көлөкөсү жарык жанып,
бар дүнүйөм сен аркылуу калыптанып.
«Бала-чакам үй бүлөлүк бактым»- десем,
бар байлыгым ыр аркылуу аныкталып.

## КЫЙКЫРГЫМ БАР

Жазым менен жаштыкты салыштырам,
жалындаган жүрөктөрдү тааныштырган.
Жаз айларын «махабаттар айы»- деймин,
жароокер жарым менен табыштырган.

Жаз жакындап эргүүлөр келип турат,
жарашкансып бүт баары көңүл бурат.
Жумшак жели саамайыңды сылап өтсө,
жүрөк байкуш жашарып, өмүр-курак.

Жатамын уйку качып, кирпик какпай,
жазды мактап жазуу үчүн сөздү таппай.
Жакшысын ылгап, издеп кайра-кайра,
жазам да өчүрөмүн, бир сап жакпай.

Жар салып Кыргызыма кыйкыргым бар,
«жоголсун ушул жазда бүт жамандар!»
Жакшы заман болгон эле биз жашаган,
«Жүргүлөчү! Кайра кеттик! Ээй адамдар!»

## ӨЗҮҢӨ АРНАП

Өз териме жашап келем сыя албай,
өз бактымды балдарыма кыя албай.
Өмүр өттү арман кылам кантейин,
өзүңдү эстеп сагынычым тыя албай.

Өзүмдөгү ички дартым билдирбей,
өз атыма ушак-айың сиңдирбей.
Өзгөлөргө бактылуу түр көрсөтүп,
өмүр өттү сар-санаалар бириндей.



Өзгө туйбас, курттай жеген сырымды,
өзөк өрттөп бербес мага тынымды.
Өзүңө арнап көз жаш чылап жазамын,
өмүр түгөп бүткөнчө көп ырымды.

## ЖАЗДЫ КҮТӨМ

Сагынып күтүп жатам жаздын күнүн,
сайрашып, кубулжуган булбул үнүн.
Сыдырым жазгы желге желпинишип,
сыпайы салам салган талдын бүрүн.

Жаз күтпөйт, жолугушчуу күн да келет,
жарышчуу жаштар жана кары демек.
Жакканын Нооруз күнү сура-тиле,
Жараткан тилегиңди чындап берет.

Жазды күткөн мен гана жалгыз эмес,
жан дүйнөгө калтырган жакшы элес.
Жабык маанай жолугушкан сүйүүлөрдүн,
жалыны өрт экендигин жалган дебес.

Жаз мезгилин мактасам жарашууда.
Жолугууну миң кайталап саматууда.
Жазды күтө ар жылы мына ушинтип,
жаштык доорум улам узап баратууда.

## УНУТПАЙТ

Түшүңө кирип басканың...
Тоолору, Афган таштарың.
Темир тулпар чамынтып,
Гераттын тоосун ашканың.

Көтөрүп согуш таскагын,
кенендеп окоп казганың.
Күч келгенде жат элдин,
Кандагар жолун таптадың.

Канча күндүн батканын,
көрбөй таңдын атканын.
Кайтпас жайга жол алды,
кыркка жетпей жаштарым.

Кайтканың өзү салтанат,
кубаныч айтып бар тарап.
Кудайым берген өмүрдүн,
кумарын сезгин «чалкалап».

Ууланган согуш тактарын,
унчукпай көзүң жаштадың.
Унутпайт элим эч качан,
Афганда калган жаштарын.



## ЖАРАТКАНГА АМАНАТ

Жарк этесиң, жанга жагым баарынан,
жүрөк байкуш чыга жаздап кабынан.
Жылмайыңкы ай жүзүңдү кыя албай,
Жараткандан бакыт тилеп жалынам.

Жүрсөң болду калк ичинде саламат,
жаның болсун Жаратканга аманат.
Жылуулугун жүрөгүмдүн сезип кой,
жакшы ойлорум бир өзүңө арналат.

Жылдар өтсүн, жыл артынан сабалап,
жүрбөсөк да мен кылаармын канагат.
Жароокерим менден айып көрбөгүн,
жашап жүрөм жашым төгө, салаалап.

## АЙЛА ИЗДЕЙМИН

Ажарың ачылгансып күндөн-күнгө,
акылым арбагансып коюу түндө,
адаштырып сезимимди уурдап барат,
аяк-башын кубулжутуп ар кыл түргө.

Ай чырайың акмалаймын, жүрөгүм шок.
Ай ааламда мага теңдеш бактылуу жок.
Аздектеймин, кыялымда жан дүйнөмө,
азык болоор бир өзүңсүң көңүлүм ток.

Айта албай бул дартымды жан адамга,
айласыздан бараткансып ар кадамга.
«Абийрим сактай көр Жараткан»- деп,
адам пейли жардыланган бул заманда.

Айла издеймин чыгууга бул абалдан,
айыгууга жүрөктөгү карт жарамдан.
Аздектеген үй бүлөмдүн бактысы үчүн,
адашпоого өз жолумдан, түз кадамдан.

## ПЕРИШТЕМ

Кусадармын, ай чырайлуу периштем,
көзүм кыйбайт, жандап өтө бериштен.
Кетсем балким болоор белең ыраазы,
колуң кармап «сүйүү» аттуу бейиштен?

Турна моюн, ак куу кылып жараткан,
теңдеши жок баардык мүчөң жарашкан.
Элестетип Кыргызымдын Ак Мөөрүн,
тирүү жанды суктандырып караткан.

Көчө бойлоп бара жатсаң керилип,
көңүл бөлүп баары карайт берилип.
Көз тийбесин, сөздөн алыс боло жүр,
«Ким бул өзү, кимдин жары?»- дедирип.

## КОНОКПУЗ

Ойлоп алып өтөөр-кетээр өмүрдү.
Оо жарыктык, өтө сүйөм өзүңдү,
Канча кымбат экенинди билсем да,
бир күн узаар конок сезем өзүмдү.

Ооба-ооба, бир келүүчү конокпуз,
Жер Эненин кучагында жомокпуз.
Бул өмүрдөн ыйман жолдо узасаң,
бараарың чын, ал дүйнөгө тозоксуз.



Жомоксуң сен урпактарың эскерсе,
кылган ишке эл мүдөөсү төп келсе.
Өмүрүңдөн үлгү алаарлык из калып,
алкыш, бата эли-журтуң көп берсе.

Эл оозунда «жакшы» делип калганың,
ушул болоор кадамың, жол салганың.
Урпактарың сообун тилеп турушса,
адашпастан чын бейишке барганың.

## ЫР ДҮЙНӨМДӨ

Кыялданып, эстеп жаштык чагымды,
сылап калам бубак баскан башымды.
Кайда каткан мерез мезгил мерчеми,
жаш кездеги кундуз, кара чачымды.

Өң-жүзүмдө болгон менен өзгөрүш,
ошол бойдон бала кыял көз көрүш.
Баёо сезим, калып кыял-жоругум,
башка бир да болбогондой төңкөрүш.

Эргүү келет бүт ааламым тазарып,
ыр дүйнөмдө сулууларга жан ашык.
Унутулуп учкул мезгил кайдадыр,
жүрөгүмө аруу сезим жанашып.

Бир кызыкча өмүр өтөт жалгандай,
кээ күндөрү роль ойноп ар кандай.
Айласыздык, мажбур болом көнүүгө,
өңүм эмес түштө жашап жаткандай.

## КАЙРАН ЖАШТЫК

Өттү мезгил кайрадан бери кайтпас,
өзүңдү жаш кезиндей жандай албас.
Өзгөдөн сенин азыр айырмаң жок,
өкүнсөң да ошол күнүң кайталанбас.

Өзүң менен кыялымда бирге жашап,
өмүр өттү мен өзүмдү зордоп, алдап.
Өткөөл турмуш өктөмүн жеңе албай,
өттү-кетти кайран жаштык чегип азап.

Өмүрүң учкан куштай закымдаган,
өйдө-ылдый кадамдар бачымдаган.
Өткөн соң эчен кырдуу белестерин,
өмүрүңдүн күзү-кышы жакындаган.

## Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ АЙЫЛ АЙМАК БАЯНЫ

*(Ноокатымдын баяны ыр түрмөгүнөн)*

Үч тарабы адыр-тоолор коргон сымак,
Кошчан дайра ажайып бир эргүү сунат.
Дыйкан Баба, мал баккан эли журтун,
зарыктырбай эчен кылым багып турат.

Аталышы айылдардын тарыхы бар,
Адыгыне уруусунун катышы бар.
Ондон ашуун урпактары учук улап,
бүгүнкү күн турмуш кечип турушу бар.

Негизги эл-журт Адыгыне урпактары,
эчен жүз жыл ушул жерде турактары.
Бөрү, Жору, Сарты жана Коңурат бар,
адыр тарап Карабагыш, Акчубагы.



Тескей, Күнгөй-Кожеке, Жар-Коргонум,
оомат келип Чеч-Дөбөгө жык толгонум.
Тоо этектеп жайгашып айылдарым,
төрт түлүк мал, эгинге карк болгонум.

Борбор тарап Алике, Байышы бар,
Борбору азыр аталат «Жаңы - Базар».
Кесип өтүп Кошчансай күр-шар этип,
андан төмөн Карабаш, Ак-Чабулар.

Жар-Коргондо урпактары Бердикенин,
укканым бар карыялар айткан кебин.
Жоокер заман жан сактап согуштарда,
жер которуп Таластан келген элим.

"Улуу катындын" балдары деп өздөрүн,
Талас – Ноокат катнаш түзүп жатышат.
Бердикенин маарекесин өткөрүшүп,
ар жыл сайын Курултайга барышат.

Союз учур аталчы эле "Жылкы завод".
Тоо-жайыкта аз жери жок, малга короп.
Кой баш саны кырк алты миңге жетип,
калк жашаган тамеки-дан, малын сатып.

Азыр эмне? Таптакыр заман башка,
эл тигишкен бак-даракты адыр-ташка.
Бөлүшкөн күнгөй-тескей, жайыгын да,
жада калса, бир тууганда үлүш башка.

Жери кенен, адыр-жайык чалкып жаткан.
Көзгө басаар өндүрүш жок иштеп жаткан.
Шаарлашып көп кыйыны келбей жүрөт,
жеке ишкерлер бизнестин жолун тапкан.

## ӨЛБӨС СҮЙҮҮ

Өзүңдү бир көрүүнү ойдо самап,
өмүр кургур акырын өтүп барат.
Өзгөлөргө бактылуу сезилсем да,
өзүм үчүн сезээрлик жүрөк канап.

Өмүр кечтим кыялда бакыт самап,
өрүү карай жолумда каршы тарап.
Өтсө дагы ортодон мерез мезгил,
өзүмө эмес, өзүңө бакыт каалап.

Өктөмдүгүн көрсөтүп бизге карап,
өжөр тагдыр койбоду бизди аяп.
Өткөөлдөрүн сүйүүнүн кече албай,
өлчөөсү күүгүмдөнүп, кечтеп барат.

Өмүрдүн да шамы өчөр күнү келет,
өктөм мезгил өз акысын алат демек.
Өтсө да дагы сан жылдар , сан кылымдар,
өлбөс сүйүү ырымда жашай берет.

## ЭЛЕСТЕРИҢ

Көзүмдөн кетпей сенин элестериң,
апсак да бир топ өмүр белестерин.
Жайнаган көздөрүңө тик тигилип,
эркелетип, жыттагым келет менин.

Жандаша сейил бакта жүргөн кезим,
жүрөктөн сага арналып ички сезим.
Жанындан айланчыктап кете албай,
жан биргем болоор элең жалгыз өзүң.



Ошол күндөр бүгүнкүдөй бүт эсимде,
жашап келет эскирбестен сезимимде.
«Туу чокусу бакыттын»- деп, сезээр элем,
биз өткөргөн ошол күндөр кезегинде.

Көз ирмем ошондогу кайталанбайт,
күбө болгон бак-дарак да айта албайт.
Жылт эткен ак сүйүүгө күбө болгон,
жалынды жалгыз жүрөк сактай алат.

## СҮЙГҮЛӨ, СҮЙҮЛГҮЛӨ

Сүйүүдөн ак жолдуумун, арманым жок.
Сүйө албай кээ бирлердей калганым жок.
Сүйүүдөн бакыт таптым, бүлө күттүм,
сүймөнчүкмүн үй бүлөмө жалганы жок.

Сүйгүлө, сүйүлгүлө жүрөк кагып турганда,
сүйүүңө жооп болуп, сага көңүл бурганда.
Сүйүүлөрдүн гүл багында сейил кургун,
сезимиң акылыңа өз бийлигин кылганда.

Сан миң жылдап акын аттуу ырдап келет,
сүйүүнү түркүн түскө сырдап берет.
Сүйүп калсаң бакыт же чексиз азап,
сүйүү сырын сүйгөн жүрөк айтып берет.

## СҮЙҮҮНҮ ЖАЗА БЕРЕМ

Сансыз ырлар сага арнап жаза берем,
сонун сөздөн сүйүү отун жага берем.
Сага деген эргүүлөрүм түгөп бүтпөйт,
сүйүү үчүн ырларга ойлор терең.

Суусундай тоо булактын «таза» делген,
сезимдерди катып жүрөм «Сага!» деген.
Сездиңби, сезбедиңби сүйүү жазым,
сага арналган жүрөгүмдө орун белен.

Сүйөсүңбү, сүйбөйсүңбү кызыгы жок.
Сүйдүм мен, мага башка кереги жок.
Сен жашайсың аруулап кыялдарда,
аргасызмын жүрөктө бош орун жок.

Сезимимди сени эстеп жарытамын,
сенек учур көңүлүмдү байытамын.
Санаа каптап кээ учур кыйналганда,
сенин наздуу элесиңе жылытамын.

## ОРДУҢ ЖАШАЙТ

Көңүлүмдү жыты аңкыган жаз кылып,
качанкы бир жаш кезимдей азгырып,
каректериң арбап, бийлеп дүйнөмдү,
көз карашың тик карабай наз кылып.

Көңүл кургур кайра баштан жашарып,
калгандай бир бүт сезимим тазарып.
Каалгып учкан жүрөктөгү үмүттөр,
кандайдыр бир күчөп барат оожалып.



Көңүлүмдө сулуу дайым жашай бер,
кереги жок жүрөгүңдөн мендик жер.
Кайда жүрбө, кимдин жары болбогун,
калтырбастан бүт сүйүүңдү ага бер.

Качандыр бир жолугаарбыз бет келип,
көз караштар баштагыдай туш келип.
Кандай болгон учурда да дем берип,
жүрөктөгү ордуң мага эстелик.

## ЭХ ӨМҮРҮМ!

Эх өмүрүм! Бааң чексиз, мынча неге таттуусуң?
Жаратканым жар боло көр, колдоп тураар сакчысың!
Бул жалганда утурумдук, бербе мейли бейишти,
түбөлүктүү жашообуздун бере көргүн таттуусун.

Эх өмүрүм! Тартуу этип, миң бир түркүн сыноону...
Кээде берип, кээде алып, жан чыдагыс кыйноону.
Адамзатың төгүп бирде кубанычтан көз жашын,
дагы бирде, эси кетет билип-билбей ыйлоону.

Эх өмүрүм! Жашай билсем бар сыйыңа кубанып,
топук кылып, насип эткен тагдырыма ынанып.
Жасай алсам бул жалганда аз да болсо жакшы иш,
атым калаар «жакшы ата»-деп, урпактардан уланып.

## ӨМҮР

Өмүр балдай таттуулугун танбайбыз.
Өмүр мүрөк, ичкен сайын канбайбыз.
Таң алдында таңшыган булбул сыңар,
таң калтырган кереметин чанбайбыз.

Турмуш татаал, туура жолун тандайбыз,
Туруктуу бир ийгиликтүү,
жакшы иштерди жандайбыз.
Түшүнбөстөн туура жолдон адашсак,
тагдыр башка салгандан соң байкайбыз.

Өмүр кыска, мезгилди тез жайкайбыз,
Өмүр баркын күзү келсе байкайбыз.
Турмуш чеги кайтпас болуп чектелсе,
«таш боор тагдыр курутту»- деп, талдайбыз.

Өмүр жалгыз, миң издесең таба алгыс.
Өмүр назик, жыртылган соң тиге алгыс.
Туз насибиң түгөйт пендем бир күнү,
Түбөлүк жол, артка кайра келе алгыс.

## ООРУКАНАДАГЫ ОЙ ТОЛГОО

Арадан өтсө - өтпөсө толук бир күн,
күтөмүн көргүм келип жамалыңды.
Жашымда күтчү эмесмин ушунчалык,
көйкөлгөн көзгө сүйкүм карааныңды.

Жаштыгым толук сага бере албаган,
бүтпөй калган сүйүүмдүн чаласыдыр.
А балким таасиридир бул ооруунун,
жашым өтүп бара жаткан абалымдыр.



Кээ күндөрү ойлоп алып өкүнөмүн,
эске түшүп капаланткан кылыктарым.
Ачуу-таттуу күндөрүмдө өбөк болуп,
жалгыз өзүң көңүлүмдү жылытканың.

Өмүрдүн артка карай кайтара алсам,
адашпастан сүйөөр элем кайра өзүңдү,
Бул дүйнөнүн бейишинде жашоо үчүн,
белекке берээр элем мен өзүмдү.

Ыр жазсам мен дайыма жеңилдеймин,
ыр багым гүлзарында сейилдеймин.
Өзүң барда кубат болоор, мүрөк сымал,
буйруса, бул ооруугa жеңилбеймин.

## ӨМҮР КЫЗЫК

Кабар келди мына өмүр күзүмдөн,
нуру аздап оттой жанган көзүмдөн.
Эчен белес, ашууларын ашкан соң,
тагдырыма эчак жазып, түзүлгөн.

Өмүр кызык балалыкты сагынтып,
насип эткен тагдырыңа багынтып.
Келин-кесек, неберелер болгон соң,
«коёбу - дейм, айласыздан жагынтып?»

Жарытылуу майнабы жок жумуштан,
акырындап, четтеп кызуу турмуштан.
Жөлөп-таяп, акыл айтчуу болдум го,
тартынгансып бекер карап туруштан.

## ЗАМАНДЫН КҮРӨӨ ТАМЫРЫ

Кимиң туйдуң заман күрөө тамырын,
бороон-чапкын, кылган адам акылын?
Байлык-бийлик үстөм болуп акылдан,
тепсеп жаткан алсыз менен жакырын?

Чектен ашты Жер Энени кордогон,
тоо-таштарын казып кенин тоногон.
Жер-суу калбай алай-дүлөй түшүрүп,
азыркыдай эч бир апаат болбогон.

Ким тыя алат заалым заман закымын,
жер шарында жакын заман акырын?
Кайда барба согуш-жаңжал тутанып,
чыгарууда жердин «эсин-акылын».

Жаратkандын калып абдан каарына,
«кылсам- дешип, кожоюндук баарына».
Ойлоп тапса акыр заман куралын,
максаттары ээлөө космос жагын да.

Ошолор да ойлоор бекен урпагын,
алар үчүн жалгыз жер шар тураарын.
Жараткандын бар экени чын болсо,
кайсы бир күн өзү берээр сурагын.

## ЧЫГАРМАНДА КАНДАЙ ОЙ

Максаты чоң калемгерде бир тилек,
тартуу кылуу окурманга “пир” китеп.
Уюп жатса толгон асыл ойлорго,
«окулса - деп,  колдон өтүп колдорго».



Эгер чындап бул суроону талдасак,
«кер-мур» айтып таарынычта калбасак.
Калыс сөзүм сандан өтүп сапатка,
китеп атын көбөйтүүгө барбасак.

Чыгарма жаз, камыр кылып жууругун,
шашылбастан иргеп ойдун тунугун.
Чыгарманда эмне максат, кандай ой?
Камырынан сөз берметин сууругун.

Акындар бар китеп санын жакташат,
канча китеп чыгарганын макташат.
Сырты жылтыр, ичи кылтыр экенин,
окурмандар сынын айтып такташат...

...Бир барактап башын окуп көрүшүп,
калган өмүр чаң текчеде сакташат.

## СҮЙҮҮ КӨЗДӨН БАШТАЛАТ

Чын сүйүүлөр көз караштан башталат,
көзүң сүйөт, соңу сөздөр ташталат.
Көз сүйгөн соң көөдөнүңдү тепкилеп,
уландысын жүрөк байкуш башкарат.

Азабы күч, ичиң жалын, сыртың чок,
жүрөгүңө баш ийбешке арган жок.
Үмүт оту бүлбүл жанып шам сымал,
оор болот, укмай сайын ачык жооп.

Бактылуусуң эгер тапсаң колдоону,
аздектегин уга бербей оң - солду.
Кадырлабай эгер колдон учурсаң,
тамырлабай чын сүйүүндүн соолгону.

## КӨЗ МЕНЕН

Учкул кыял канат байлап сезимге,
кайра баштан бардым жигит кезиме.
Тапкан күнүм бир өмүрлүк бактымды,
«күр-шар» аккан Кыргыз-Ата жээгине.

Ошол мүнөт сенде эмне ой сезбегем?
Мен бүдөмүк, кандай жоопко туш келем.
Айта албадым, сен да жооп бербедиң,
суроо-жооп болду жалаң көз менен.

Ошол күнү нике кайып байлады,
бирге кечтик турмуш деген дайраны.
Өзгөрбөдүң оош-кыйыш учурда,
азыр деле кыз кезиндей жайдары.

Өмүр кечтик жарым кылым сезилбей,
жалгызымсың, ошол жап жаш кезиңдей.
Жаштыгыма токсон тогуз барсам да,
кыялымда таба албадым өзүңдөй.

## КӨЗ ИРМЕМДЕЙ АРАЛЫК

Жер ар дайым айланып күнүбүздү,
сан миң жыл угуп жүрөт үнүбүздү.
Келебиз түрдүү айтып жоромолду,
биле албай эмдигиче түбүбүздү.

Түркүн тилде, ар кыл түстө таралып,
адам келет, кайра туулуп, жаралып.
Салыштырсак Жер Эненин өмүрүн,
пенде өмүрү көз ирмемдей аралык.



Пенде туулат, жылуу сууга жуулат,
Ыйлап түшөт, «өмүр» деген жолду улап.
Ушул мезгил канча кымбат болсо да,
келгениңдин кетмеги бар, ал анык.

Өмүр, өлүм теңтайлашып жарышып,
бири оңго, бири солго барышып.
Насип кылса токсон-жүздү жашайсың,
бирок бир күн калаарың чын «карышып».

Бүт өмүрүң жалаң күрөш талаасы,
тирүү калбайт эч бир адам баласы.
Калган жагын урпактарың улантат,
ой-максаттын бүтпөй калса чаласы.

Ак жашагын, максатты кой жогору,
элге жаксын жакшы иштериң ололу.
Урпактарга калсын сенин артыңда,
чептей бекем, адал мурас коргону.

Пенде өлөт, муздак сууга жуулат,
жакын көргөн адам турат ый улап.
Жайын таап түбөлүктүү дүйнөдөн,
жаның кетет чексиздикке жол сурап.

## БАКТЫСЫЗ АДАМ

Максатка кээ адам жетпеген,
өжөрлүк турса да беттеген.
Жашоонун кызыгы ушулдур,
өмүрүң бекерге кетпеген.

Максатсыз, кызыксыз өмүрү,
өзүнүн жашоосун кектеген.
Бул адам болоттур бир өмүр,
өмүрдүн баркына жетпеген.

Сүйүүсүн туш келди арнашып,
гүл сыңар ар кимди тандашып.
Жүргөн көп арада учурда,
чыныгы сүйүүдөн адашып.

Сезимди сүйүүлөр башкарып,
бүт аалам арт жакка ташталып.
Жүрөктөр согушу баш бербей,
кээ учур мөлтүр көз жашталып.

Чын сүйүү арналып бирөөгө,
көрк берип жашоодо өмүргө.
Бек сактап сүйгөндүн элесин,
махабат дем берип көңүлгө.

Жеткен бар, жетпеген сүйүүгө,
арнаган ашыктык бирөөгө.
Жалындап, арабөк калса да,
бактылуу ал адам дүйнөдө.

Бир өмүр бирөөнү сүйбөсө,
махабат отуна күйбөсө,
Мөңгүдөй муздаган жүрөгү,
бактысыз бул адам дүйнөдө.



## АРАКЕТКЕ БЕРЕКЕТ

Өмүр кечтеп, токтоо тарткан курагым,
балким ушул акыл толгон убагым.
Чын дилимде жаштыгымы эскерип,
жүрөк-боорум эңшерилип турамын.

«Көрөлү»- деп, бала - чакам убайын,
жаш тилейбиз, «бере көр»- деп, ылайым,
Оомат жүрүп ташың жогор куласа,
«берди»- дейбиз, тилегимди Кудайым.

Жараткандын бар экенин чанбаймын,
пендесине колдоо кылат танбаймын.
Бирок, сезем болсо аракет өзүмдөн,
берээрлигин мага аябай жардамын.

Суроо салам, кимге берди, кимге жок?
Эмне үчүн мээнетсиздин карды ток?
Кээ бир пенде өмүр бою чор таман,
кээ бирөөгө оюн-күлкү, нур заман?

Кээге пайда иш билерман, тыңдыгы,
аздыр-көптүр жарык жанып жылдызы.
Эсебин таап, бирди-экиге көбөйтүп,
«болобу - дейм, ушул байлык чындыгы?»

А кээ бири эптеп шартты түзө албай,
тапса дагы өнүп-өсүп жыла албай.
Бар тапканын акыл менен иштетпей,
төгүп-чачып, бекем сактап кала албай.

Таарынабыз, «тагдыр ташы басты»- деп,
«кыйын заман тагдырыма жазды»- деп,
эске албайбыз бабалардын айтканын:
“Болсо аракет, дайым болот берекет!»

## ПИКИР ЖОКПУ?

Атуу-баштуу канчалар «пост» киргизип,
келе жатат эне тилге сөз тийгизип.
«Эстүүлүгүн билгизем»- дешеби алар,
орусчаны билгендигин көп билгизип?

«Кыргыз тилин, салт-санаасын сакта!»- дейбиз.
«Ой-бой чатак болду»- деп, кайгы жейбиз,
Билип туруп арт жакка кетенчиктеп,
орус аалым, ой - пикирин киргизебиз.

Кыргызда эмне асыл ойлор, пикир жокпу?
Же болбосо баарында көңүл токпу?
Колдон келсе котор, киргиз өз тилинде,
жаза бербей орусчалап барды-жокту.

Маселеде Салгамани какшап келет.
Ичкиликтин тил байлыгын барктап келет.
Канча миң сап ыр түрмөгүн жазса дале,
чып-чыргысын коротпой сактап келет.

Орус тилге эч бир сөз тийгизгим жок,
боло берсин ал тилдүүлөр көңүлү ток.
Бирок түшүн, айланайын “киргиз” боорум,
тилиң болбой бул жашоодо улутуң жок.



## ЖООП БЕРЕТ

Кыска өмүрдө биз эмнеге умтулабыз?
Хан сарайга дүйнө жыйып, туйтунабыз.
“Байы байга, хан Кудайга жетемин”-деп,
пендебиз да, аша чаап, жулкунабыз.

Көз кызартып бирөөдөгү жалгыз койго,
«алсамбы?»- деп, ушуну да жаман ойдо.
Жарытылуу пешене тер оокат жыйбай,
жүргөндөр көп ар күнү майрам-тойдо.

Бул туура момундарга жалган дүйнө.
Тапканын ташыйт пенде күндө үйгө.
Жыйган дүйнөң, бала-чакаң калат тура,
баары бир жакшы көрбө, миң жол сүйбө.

Бул өмүр да кайсы бир күн өтөт-кетет,
жооп берчүү мезгилиң да сөзсүз келет.
Арам-адал жыйган-терген, жегени үчүн,
бөркүндөй көр урпагың да жооп берет.

## ТАЛДАЙЛЫЧЫ ЖАШЫРБАЙ

Талдайлычы эгемендик жылдарын,
андан берки элдин турмуш-кырдаалын.
Салыштырып оюм онго бөлүнөт,
эстеп алып кайран «Союз» жылдарын.

Ак кайыңдай жаңы өскөн жаш элек,
турмуш жүгү аласалтып баса элек.
Көк шибери аңкып турган жаз элек,
күзү кандай, кышына да жат элек.

Билим алуу, ден соолуктар бек эле.
Кайда барсаң, ачык эшик кең эле.
Даяр жумуш, үй бүлөң да бейкапар,
бай, кедейсиз балдарың да тең эле.

Катаал мезгил салып бүгүн өктөмүн,
күзгө айланды бир кездеги көктөмүм.
Кыйын турмуш көп нерсени үйрөттү,
өмүрүмдүн тар жол, кечүү өтмөгүн.

Ден соолугуң, билимиң да сатылуу.
Эл байлыгы жемкорлордо катылуу.
Чөнтөк жука же амалың болбосо,
жүрөк үшүп сенде болбос батынуу.

Кайдыгерлик орун алып байма-бай,
пенде калбай жашап жаткан жайма-жай.
Бири шылуун, уурдамай да алдамай,
бири момун эптеп тамак жалгамай.

Ак бешиктен табытка чейин акча,
салт-санаабыз, өзгөрүп барат жатка.
Дили бузук жемкорлоруң мээнди жеп,
жулунушат эл төмөндө, алар такта.

Молдо «алат», кызматчы да, баары «алат»...
Өзүң сунсаң кантип турсун алар карап?
Билип туруп агын сууда заарасын,
кана айтчы, такыба эмес, ким танат?

Сиз менен биз мына тирүү күбөбүз,
канча тартты кыйындыкты бүлөбүз?
Азыр мына балдар кетип чет жакка,
бата берип, оомат тилеп жүрөбүз.



## ӨТКӨН ТАРЫХ

Өткөн сайын жылдар жаңырып,
өзөк өрттөп, түтөйт каңырык.
Мезгил закым барат алыстап,
биз жашаган - өтмүштөр тарых.

Бала болуп койнунда эркеледим,
көбүнө жете албадым беттегендин.
Бакыт нуру башынан төгүлсө да,
байкуш пенде койбойт го эңсегенин.

Эр жеткенде элчилеп турмуш күтүп,
эл аралап, бир азыраак алга жүрүп,
тукум улап артымда из калтырдым,
Жараткандан энчиме перзент күтүп.

Барга топук, бергенине ыраазымын.
Алдай албайм, Жаратканды таразасын.
Колдон келсе омоктуу ырлар жазып,
мурас кылып келечекке калтырамын.

## СЫНЫКЧЫ

Пендени кырсык чалганда,
кокустан жараат алганда.
Ким сактайт бизди дайыма,
шум ажал тооруп калганда.

Өлүм менен арбашып,
утулуп-утуп жандашып.
Жараат алган жан менен,
зарыл учур «кандашып».

Тик карап дайым өлүмгө,
бек туруп дайым сөзүндө.
Түнү да, күнү жанында,
өмүрүң улап өмүргө.

Жараат-сынык, баарысын,
жашы менен карысын.
Бүтүндөп кайра чыгарат,
аябай шыпаа дарысын.

Калк алдында сыйлуулар,
жөлөгү үйдө, күткөн жар.
Торунан сууруп ажалдын,
жардамы миңге тийген ал.

## КҮН

Кызарып тээ алыста батыш тарап,
чарчаган күн акырын батып барат.
Таң заардан зарыл нурун аябастан,
жандууга да, жансызга ишке жарап.

Ким ойлонду күндүн абдан бийиктигин,
жашоо-өмүр берип турган ыйыктыгын?
Болгону биз жашайбыз күн-түн санап,
таң аттыбы, кеч кирдиби аны карап?

Ойлойбузбу күндүн өтө керектигин,
бүт ааламга жашоону берээрлигин?
Миллиард жыл илгери да бүгүнкүдөй,
Жер Энебиз аны айланып келээрлигин?



Аалам ээси, бүт ааламды жаратуучу,
баардыгын бир-бирине каратуучу.
Чынжырын үзүп койсо байланыштын,
тозок оту жалын чачаар, кыйратуучу.

## ОЙ-КЫЯЛЫМ

Ой-кыялым булуттардай жыртылган,
шамал үйлөп, күн чыгарып нур кылган.
Жипке тизип, шуру сымал тизмектеп,
ар бир сөздү жайгаштырып ыр кылган.

Ой-кыялым бала чакка жетелейт,
наристе кез, сүт оозумдан кете элек.
«Кел кемпирим, үй курабыз бирге»- деп,
ырдачуубуз жар бооруна жетелеп.

Ой-кыялым кээде алпарат жаш чакка,
жолугууга, кызды күткөн бак жакка.
Ошол күндөр көз алдыма тартылат,
өткөндүгү бозой кездер, жаш чакта.

Ой-кыялым кээде жапжаш баладай,
акыл жетпейт, сөздү эптеп табалбай.
Жазам, өчөт, кайра жазам башкасын,
ыр тизмеги... жазгандарым чаладай.

Ой-кыялым кээде Чолпон жылдыздай,
бүлбүл жанат бир орунда жылгызбай.
Кайра-кайра карагандай көз талып,
таң атканча бир да калем сыздырбай.

Ой-кыялым кээде адам ылгаган,
ичи кылтыр, сырты жылтыр сырдаган.
Мүнөздөрүн тескеп ырга саламын,
жеңилдеймин ойду кууп кыйнаган.

Ой-кыялым кээде жааган бурганак,
заман деми таасир берип сурданат.
Оош-кыйыш турмуш кеми чакырат:
«Мени жаз"-деп, эки колун булгалап.

## ТАРЫХКА КЕТСЕҢ

Кылымдар өтүп закымдап,
тарыхың келет такымдап.
Алдыда кай күн белгисиз,
кай заман келет жакындап?

Карап көрсөң тарыхтан,
канча адамзат алпы учкан?
Адам - Атам замандан,
«Менмин!»- деген миңи учкан.

Тарыхың экен дөңгөлөк,
айланып пенде бир келет.
Күн нуру сымал «жарк» этип,
батаар кез кайра жакындап.

Жашоого бир жол келдиңби?
Журтуңа пайда бердиңби?
Тагдырдын койгон сыноосун,
кайратың менен жеңдиңби?



Адамзат пенде ар дайым,
абийри менен барк табат.
Из калтырып өтө алсаң,
тарыхта ошол ат калат.

Күн сымал көктө көрүнүп,
нур сымал жерге төгүлүп.
Урпагың калаар артыңда,
тарыхка кетсең чөмүлүп.

## БЕШ ДАРЫЯ БАЯНЫ
*(Ноокатымдын баяны ыр түрмөгүнөн)*

Ноокатымды тоо, адырлар курчап турат,
тоо башынан беш дарыя төмөн кулап.
Кошчан, Шаңкол, Кыргыз-Ата чыгыш тарап,
Чили-Сайы, Апшыр-Сайы батыш карап.

Арал ылдый, Кара-Кокту кошулчуу жай,
төрт дарыя тар Даңгиде тосулчуу жай.
Күр-шар этип тар коктуну басып өтүп,
ары өткөндө аталышы Араван-Сай.

Ак-Бууранын башаты да Ноокат тарап,
Бирок агат, ал дарыя Папан карап.
Башталышы Кичи-Алайда мөңгүлөрдөн,
өркөчтөнүп Ош шаарыма шашып барат.

Апшыр-Сайды Кыргыз эли баары билет,
оргуп чыгат кайдан-жайдан аска жиреп.
Жогортодон түшкөн сууга кошулушуп,
таң калыштуу өзгөчө эле укмуш сүрөт.

Нечен кылым бул беш дайра агып келет,
Ноокат элин эч кеми жок багып келет.
Көк мөңгүдөн агып түшкөн мүрөк сымал,
ичип канбай, кайра-кайра ичкиң келет.

## КЫЯЛДАРЫМ

Канат күүлөп ыр дүйнөн мейкининде,
жомокторго алып учат кыялдарым.
Кээ бирде жаш баладай ишенем да,
толкунданып өз териме сыя албаймын.

Мүрөк суусун жомоктогу табайынчы,
сурап-тилеп эки чөйчөк алайынчы.
Бирин сага, экинчисин өзүмө арнап,
айылында жомоктордун калалычы.

Кайрадан жаштыкты издеп барайынчы,
отуз-кыркым бир эскерип алайынчы.
Тапкан болсом кала берип айылында,
кайра баштан бир кумарга канайынчы.

Өзүмдү өзүм, убайымга салбайынчы,
мындан ары карылыкты жазбайынчы.
Курал кылып колумдагы калемимди,
шумкар сыңар канатымды кагайынчы.



## ПОЭЗИЯ - МУРАСЫМ

Поэзия - түгөнбөс түпсүз булак,
иче албайсың ал суудан өзүң сурап.
Жаратканым ыроолосо алтын чөйчөк,
суусунуң кандырууга өзү сунат.

Поэзия - мейкиндик, чексиз булак,
келет менин өмүрүмө өмүр улап.
Эргүү артынан эргүүлөр куюлушуп,
көөдөнүмдү толтуруп күүлөп турат.

«Жүрөгүмдүн төрүнөн таап түнөк,
жүрсө - деймин, дайыма менде түнөп».
Ой-пикирим, жазган ырым элге жагып,
калкым турса «ыр жаз»- деп, мени сүрөп.

Сүрөөн болсо унчукпай тура албасмын,
мактоо жагып териме сыя албасмын.
Бекем кармап бүт келген эргүүлөрдү,
жорголугун калемдин тыя албасмын.

Мен кетемин, артымда ырлар калат,
өткөн өмүр айтылаар болуп санат.
Ырларымда баян эткен нарк-насилим,
урпактарым мурас катар сактап алат.

## БИР ОЙ КЕЛЕТ

Чачымды ак аралап басып бубак,
жашым өтүп бир топко жетип курак.
Жүрөк кургур дагы эле тынчыбастан,
ыр дүйнөгө «баскын!»- деп, тартып турат.

Тынч ала албай эргүүлөргө жетеленип,
баш - аяксыз ой - санаага тебеленип.
Шуру сымал ыр саптары келе берет,
кеч күздөгү жамгырлардай себеленип.

Түн бир оокум, таң агарып атып барат,
келе берет ыр саптары кагып канат.
Баш аягын кымтылап үлгүргөнчө,
эртеңки күн ырыскысы келип калат.

Ушул сыңар күн артынан күндөр өтөт,
боло албайт го бул абалга эч ким бөгөт.
Чыйрыктырган сезимиме бир ой келип,
өлүмдү ойлоп айласыздан көңүл чөгөт.

Жараткандын аманатын берген кезде,
жалгыз өлүм... өлүм гана болоор бөгөт...!



## КАРЫЛЫК

Өткөндүн баары төгүндөй,
жаштыгың кетти төрүндөй.
Көз ирмем тура өмүрүң,
бир күнчөлүк көрүнбөй.

Он эки мүчөң буралчуу,
чарчабай кечке жүрө алчуу.
Буттарда кубат калбады,
секирип таптак тура алчуу.

Кармаган жерден толгочуу,
оң келген ишти омкорчуу,
колдордон кетти күч-кубат,
кааласа тоону «томкорчуу».

Шам мезгили көрө алчуу,
караңгы караан бөлө алчуу.
Көзүңдүн курчу кетүүдө,
көз тойбос жерден көп алчуу.

Күндөп-түндөп жүгүрчүү,
кыз-келин доорун сүрүүчү.
Бел катып, кубат азайып,
билек жок азыр түрүнчүү.

Теңтуштар аздап, бириндей.
Өмүр жол токтоп, чийилбей.
Кубарып барат ырaң-бет,
жылдызы, нуру билинбей.

## СЕЗМЕГИҢ БАР

Эргүүлөрүм ай-ааламга чабыт алып,
поэзия мейкинине багыт алып.
Сөз менен айта албаган сезимдерди,
сүрөттөймүн айтуу үчүн ырга салып.

Жашың өтүп дос да азаят ал сурашаар,
жөлөп-таяп кыйын кезең тик турушаар.
Мурдагыдай бош мезгилде дасторкондо,
маектешип, тамашалап чер жазышаар.

Келечегиң шоола чачып үрүл-бүрүл,
кааласаң да бурулбастан жакшы көңүл.
Көр турмуштун түбү тешик кемесинде,
өтүп баштайт бизге кымбат асыл өмүр.

Ар учурдун келе турган кезмеги бар.
Пендесиңби жон териңде сезмегиң бар.
Эсиң болсо азыртадан сыйлай жүргүн,
алганыңды кайра артка бермегиң бар.

Мезгил келет көңүл чиркин назиктенип,
картаярсың балдарыңдан бөлөктөнүп.
Айланчыктап бала-чакаң турган менен,
калат бир күн бир байбичең жөлөк болуп.



## ӨМҮР ГАНА САТЫЛБАЙТ

Бул өмүрдү Жаратканым бир берет,
аял дебей, эркек дебей тең бөлөт.
Акылы кем, кээ бир эркек сөрөйлөр,
аял затын өздөрүнөн кем көрөт.

Мээримине өз жарларын кең бөлөп,
болсо дайым аял - эркек тең жөлөк.
Оош - кыйыш учурларын турмуштун,
өз жарыңдан башка дагы ким бөлөт?

Эркек-аял бир-бирине төп келишсе,
кыйын кезең акыл менен кечиришсе.
«Каниет»- деп, бары-жокко шүгүр кылып,
жол коюшуп, бир-бирине дем беришсе.

Махабаттын кемесинде бирге сүзүп,
кээде жыргап, а кээде тартып түйшүк.
Эпкининде алай-дүлөй бул турмуштун,
жылуу мээрим тартуулап, калбай үшүп.

Мезгил учат канат байлап закымдап,
кыска өмүрүң өтүп барат такымдап.
Бул жалганда сатылбаган жок нерсе,
өмүр гана, өмүр кайра сатылбайт.

## СҮЙҮҮГӨ АРАЧЫ ЖОК

Сүйүү бул - жалгыз жүрөк, мүчөсү жок,
жалбырттап жалыны бар, түтүнү жок.
«Дүрт»- деп өчөт, калп сүйүү табы калбай,
чын сүйүү өрттөй каптайт өчү бардай.

Кээде сүйүү, «чылк» туңгуюк, эшиги жок,
жарык чачкан үрүл-бүрүл тешиги жок.
Караңгы, күңгүрөнгөн тегирмендей,
барчаланып тегирменде эзилгендей.

Кээде сүйүү, жаман илдет дабаасы жок.
Ажыратаар бул илдеттен арачы жок.
Сүйүүгө сүйгөн жүрөк дабаа болоор,
эки жүрөк бириккенде санаасы жок.

Чын сүйүү, жалгыз кайык калагы жок.
Чалкып жаткан деңиз сымал дареги жок.
Кээ бир учур толкундардын кагылышы,
алды жакта коюу туман, жарыгы жок.

Кээ бирде, айдап бороон кайыгыңды,
таптырбай, азап жейсиң жайыгыңды.
Айлаң кетип толкундардын кучагында,
карайлап таппайсың сен жарыгыңды.



## ЧЫК-ЧЫК, ТЫП-ТЫП

«Өтпөчү өмүр, өтпө- десең, көнмөкпү?
Өтпөй мезгил, өмүрүңдү чоймокпу?
Өчү бардай, саат жебеси чыкылдап,
өтөөр шашып, жүгүргөнүн коймокпу?»

Өмүр, сенде адамзаттын кумары бар,
өлчөп, өкчөп тосуп тураар дубалы бар.
Өтмүшүнө башкаруучу өктөм мезгил,
өткөн-кеткен куракка өксөп тураар.

Чык-чык, чык-чык... саатпы же өмүрбү?
Чыкылдаган бул дабышка көндүкпү?
Чыкылдактын ар бир чыккан доошу,
чыны канча кымбаттыгын көрдүкпү?

Чык-чык, чык-чык... бул узарган өмүрүм,
Тып-тып, тып-тып... кайталангыс өмүрүм.
Чык-чык менен тып-тыбыңдын ортосу,
тып-тып көз жаш, чөгүп тураар көңүлүм.

Ар бирибиз, тыңшасак дейм дабышыңды.
Ар бир секунд чыкылдап кагышыңды.
Ар бир пенде кызганышып пайдаланса,
ар жол сезип, өмүр уурдап жатышыңды.

## ЖАРООКЕР

Жаркырап көк аралаш көзүң асман,
желаргы чачың сылап магдыраткан.
Жел кайык бара жаткан Ысык-Көлдөй,
жоодур көзүң акылды арбап жаткан.

Жароокер, кулк мүнөзүң элге жага,
жайдарысың, күлмүңдөп көзүң жана.
Жакшы менен жаманды ажыратпай,
Жаратканым тартуулаган кимди сага?

Жашың жууп, көз жашыңа тойгондойсуң.
Жыргал жибин «чорт» үзүп койгондойсуң.
ЖаратКандын тартуусуна моюн сунуп,
жакшылыктан үмүт этип толгонбойсуң.

Жаркын мүнөз жароокер кадырланбай,
Жаратканга өткөргөнсүп догу бардай.
Жаман илдет чыкпаган кирне сымал,
же жабышпай, же болбосо ажырабай.

Жаш кайыңдай созулуп үлбүрөгөн,
жаш кез өтөөр көз ирмем күтүлбөгөн.
Жыртык жер калат тура тагдырында,
жамоочу жок өкүнсөң да бүтөлбөгөн.

Жар болоорсуң жигитке бактысы бар,
жыргап жаша, бактысы адашкандар.
Жараткан тартуулаган бир өмүрдө,
жаркып жаша кучак толо ооматы бар.



## КЫЙНАГАН ОЙЛОР

Күндөн-күнгө ырыскым азайгансып,
карылык жашыбызга жарашкансып.
Куушуруп өктөм мезгил үстөм салат,
калган насип, ичээр суум санагансып.

Кандай жумуш бүткөрдүм жерим үчүн?
Кандай пайда алып келдим элим үчүн?
Көпчүлүккө мамилем кандай болду?
Кадыр таптым эл эсинде калуу үчүн.

Көп жашап, кандай турмуш кечиргеним?
Кандай пайда элим үчүн келтиргеним?
Келеттир кайсыл бир күн элим мени,
көтөрүшүп, узатышып бараар жерим.

Калган өмүр, ичээр суум канча калды?
Кайсыл максат, иштерим бүтпөй калды?
Кыйнап келет ушул ойлор сезимимди,
«Коё тур»- деп, Жараткандан «кетишимди».

Канчалык өмүр таттуу, жашоону сүй.
Кача албайсың, бул тагдыр эсиңе түй,
Келет сөзсүз сага дагы мендеги ойлор.
Күтөт дайым өз жеринде түбөлүк үй.

## ЖАШАДЫМ, БАСТЫМ

Жашадым. Жалбырттаган жаштык калды.
Жалынлаган, кумарлуу шаттык калды.
Жашчылыктан өмүрдүн баркын билбей,
Жаратканым канча жакын досту алды.

Жашоом менин алсызга жардам болду.
Жадырап жаз күнүндөй жанган болду.
Жашоонун кумарына эч тойбостон,
Жараткандын аз өмүрү арман болду.

Бастым көп, Жер Энеде изим калды.
Баа жетпеген өз жериме сезим калды.
Балалык кез тоо - таштарын аралаган,
башы мөңгү, кенге толгон жерим калды.

Баш аягы көрүнбөгөн жолдор болду.
Баш катырма, чече албас ойлор болду.
Баардык жүгүм көтөрүшүп, жөлөгөнгө,
бажырайган жар менен тойлор болду.

## ОЙЛОР, ОЙЛОР

Түгөнбөс ойлор уланып,
олтурам азыр ой басып.
Башымдан өткөн өмүрүм,
ыр үчүн болуп гүлазык.

Шурудай тизген ырларым,
катылган ичте сырларым.
Мен жашап өткөн өмүрүм,
турмушта ашуу, кырларым.

Өмүрдө бир топ бел ашып,
тагдырдан оң жол талашып.



Таарындым кээде жазмышка,
кеткен кез бир аз адашып.

Бир мезгил мен да удургуп,
убакыт койдум уттуруп.
Тагдырым буйруп тийген таш,
койду го бир кез бук кылып.

Уттурбай келди ооматым,
тагдырга жоктур дооматым.
Ийилдим, бирок эч качан,
мүңкүрөтпөдү «жоо-касым».

Карылык нарктан адашпай,
жаштардан орун талашпай.
Кудайдан ыйман тилеймин,
чыгарбай жолдон, адашпай.

## ЫР ДҮЙНӨДӨ

Ыр дүйнөдө канча нарктуу акын бар?
Ыры менен жан дүйнөсү жакындар?
Ырга айланып жашап өткөн өмүрү,
ыры аркылуу эл эсинде калчуу бар.

Ырларында эл мүдөөсүн жактаган,
ынтымагын Кыргызымдын сактаган.
Ыймансыздын ашкере ачып айыбын,
ыйман жолго жаштарымды баштаган.

Ыйман эмне? Салтым эмне тактаган?
Ыр дүйнөдө улут наркын барктаган.
Ыркын бузбай ырга салып Кыргызды,
ынтымагын бекем жакка баштаган.

## КӨБӨЙДҮ

Өздөн чыккан кулукту, сүйбөгөндөр көбөйдү.
Тутантып отту өрт кылып, үйлөгөндөр көбөйдү.
Өзү жакшы боло албай, болгонду эч көрө албай,
акылын уурдап адамдын, күүлөгөндөр көбөйдү.

Жакшы иштерге ич күйүп, күймөнгөндөр көбөйдү.
Оңолуп заман жатканын, сүйбөгөндөр көбөйдү.
Азытты сымал азгырып, туура жолдон жазгырып,
байкатпастан аң казып, сүйрөгөндөр көбөйдү,

Калкында жокту кадыры, сыйлагандар көбөйдү.
Сүйрөсөң оңго басышпай, кыйнагандар көбөйдү.
Жете албай элдин баркына, зыяны тийип калкына,
алардан көрүп кордукту, ыйлагандар көбөйдү.

Байлык болуп Кудайы, көпкөн адам көбөйдү.
Дос-тууганга жат, мерез, сөккөн жандар көбөйдү.
Адамдык сапат жоголуп, калгандай өзү торолуп,
ата-эненин көз жашын, төккөн жандар көбөйдү.

Арапча он ооз сөз жаттап, тантыгандар көбөйдү.
Үч айлап кетип дааватка, тентигендер көбөйдү.
Калк арасын толкутуп, тозогу менен коркутуп,
салт-санаасын Кыргыздын, жеригендер көбөйдү.

Бабалар бизге калтырган, кийимди чанган көбөйдү.
Жоолугун зордоп жаткансып, кара салган көбөйдү.
Кыргыз тилин чанышып, арапча билим алышып,
Калыгул бабам айткандай, «молдокелер» көбөйдү.

Орус менен казакта, он жылдап жүргөн көбөйдү.
Кашык менен жыйганын, чөмүчтөп чачкан көбөйдү.



Балдарын кыйнап таптырып, карызга өтө батырып,
Умрага барып же тойдо, чыгым кылган көбөйдү.

Бүгүн күн тойлор көбөйдү, бейэсеп сый көбөйдү.
Сыйы менен калышпай, тойдогу чыр көбөйдү.
Эртеңки күн түпөйүл, кандай болот замана?
Бийлик, байлык кулдарда, бүдөмүк “сыр” көбөйдү.

## ЧАҢ БАСКАН КИМДИН КИТЕБИ?

Акындыктын деңгээли, ырлары менен такталат.
Маанилүү, күчтүү чыгарма, эл оозунда сакталат.
Ийленип өтө тапталса, калемпир-тузу бапталса,
элеги иргеп элинин, кылымга сиңип даңкталат.

Ырларыңдын кадыры, найзадай учтуу тилинде.
Тарбия-таалим берүүчү, агарган ички дилинде.
Жатык тил менен жеткирип, «атаңдын көрү» дедирип,
тамшанса окуп окурман, дилине анын сиңимде.

Китеп санын мактанып, жаткансып илим жакталып,
ал-абал сурай келгенде, сөз таппайм кээде апкаарып.
Маани-маңыз жетилбей, болумдуу бир ой чечилбей,
үч-төрттөн китеп жазышкан, көңүлүң калаар кетилбей.

Замандын тийип илеби, айныды акын тилеги.
Кыйытпай туура айтпасам, кээ бири аны билеби?
Көлөмү бар салмак жок, саны бар, бирок сапат жок.
Дүкөндөр толуп аябай, чаң баскан кимдин китеби?

Окурманды качырбай, жагымсыз пикир калтырбай,
ишенимди кайтарсак, сапатсыз китеп саттырбай.
Жети өлчөп бир кесип, тапшырсак экен басмага.
Ошончо эле зарылбы, бөрк турса башты алдырмай.

## СҮЙҮҮ ЖАНА ДА СҮЙҮҮ

Сүйүүнү аздек тутуп барктаган бар.
Сүйүүнү кумар тутуп жактаган бар.
Сүйгөнүнө бүт өмүрүн багыштаган,
сүйүүнү барктай албай таштаган бар.

Сүрөттөгү бажырайган элесиң,
сукташдырып канчаларды келесиң?
Санаа чегип, сырттан ашык болушуп,
сезим козгоп, канча түшкө киресиң?

Сүйүүнду насип кылып жаратkандыр,
сүйүнүп татый турган жан да бардыр,
Сен тарапка ашыгып, шашып-ташып,
сүйүүдөн башка сезим калбагандыр.

Сүйүүсүз, сыйсыз жүрөк болмок беле?
Сүйүлбөй өмүр кеми толмок беле?
Сарсанаа үшүн алып жүрөгүндүн,
сен менен ооруу санын жоймок беле?

## ЖЫРТЫК БОЛСО МЕЙЛИЧИ

Сактай көргүн эл-жеримдин тынчтыгын,
бекемдегин чек аранын боштугун.
Жер-суу талаш тополоңун токтотуп,
чындай көргүн коңшулардын достугун.

Жаратканым согуш отун тутантпа,
эл-журтумдун жамандыгын сураттпа.
Боздоп-ыйлап апалары, балдары,
оо Жараткан, сагыр башын сылатпа.



Жыртык болсо, болсун менин көйнөгүм.
«Көрбөсөм»-дейм, эл-журтумдун көйгөйүн.
Ач болсом да жаман курсак тоюнаар,
атпай журттун жамандыгын көрбөйүн.

## КАЙРАН ӨМҮР

Кар жаабаса жаз кадыры кайда калат?
Карыбасак жаш кадыры кайда калат?
Алтын баштуу өкүмдар болсоң дагы,
кайсы бир күн ошол баш көрдө калат.

Кайран өмүр байкатпастан узап барат,
таң агарып, күн чыгып чыгыш тарап.
Өмүрүндү салыштырам ушул күнгө,
күүгүмдөнө батыш жакка жылып барат.

Күн артынан күндөрүң чубап барат.
Тараза таш оордошуп кулап барат.
Жыйган терген дүнүйө, бар байлыгың,
кошо кетпейт сен менен, баары калат.

Ата-эне мээрим төгүп бала багат.
Тарбиянын жакшысы кадыр табат.
Аларды сен ыраазы кылуу үчүн,
картайганда азизде жууп-тарап.

Жакшы бала тарбиялоо бизде тилек,
«балдарыбыз өссө экен - деп, өтө зирек».
“Атасына ырахмат”-деп, эл-журт айтса,
мындан ашкан асыл сөз кимге керек?

Ак кызматың, жакшылыгың элге калат.
Чын дүйнөгө соопторуң бирге барат.
Урпактарың эскерип сен жөнүндө,
атак-даңкың айтылып эсте калат.

## ЖОЛ УЛАП

Жаратканга миң шүгүр, зирегим бар.
Ой-максатым колдоочу тирегим бар.
Асыл таштай кир жукпас, дили таза,
өмүр кошоор өмүрүмө мүрөгүм бар.

Сага деген таркабас кумарым бар.
Жүрөгүмө бек каткан тумарым бар.
Айтсам дагы миң ирет кайталачуу,
Жаратканга сен үчүн тилегим бар.

Аска болсом боорумдагы сен булак.
Өмүр кечтик ак мээнеттен бак курап.
Токой болду биз өстүргөн багыбыз,
неберелер, чеберелер жол улап.

Ичиң жарык, дайыма жүзүм жарык.
Өмүр таттуу, дайыма Кызыр даарып.
Ыраазымын ушул жалган дүнүйөдө,
калганыма тагдыр кошуп байланып.

## АК-БУУРА БАЯНЫ

*(Ноокатымдын баяны ыр түрмөгүнөн)*

Ноокаттын туу чокусу:
Кичи-Алай, Чөгөм, Кашка-Суу.
Ак-Бууранын башаты,
кошулат ага мөңгү суу.

Кожокел-Ата дайрасы,
тууштуктун болот суу башы.
Чыгыштан келип кошулат,
Кайынды жайлоо дайрасы.



Балыктын издеп пайдасын,
издешип кайда жайгашын.
Көр болгурлар ток салып,
кетирди форель айласын.

Ак-Буура дайра суналып,
Ош жакка агат буралып.
Өзбекке барып кош айтат,
Шахрихан-Сайы куралып.

Көрк берип келет Ошума,
Сулайман-Тоого кошуна.
Өркөчтөнгөн төө сымал,
тоону жандап шашыла.

Үч миң жылдык тарых бар,
болбогон Оштук суууга зар.
Ак-Буура бойлоп бак-дарак,
жер-жемиш түрү баары бар.

Сулайман-Тоосу, Ак-Буура,
Ошумдун болот сыймыгы.
Көркөмүн көрүп көз тоёт,
Жараткан берген сыйлыгы.

Айылдык элде айып жок,
тоолук элден көңүл ток.
Шаар аралап өткөн соң,
таза суудан дарек жок.

Илгери мүрөк болгондур,
ичкендин көөнү толгондур.
Ичүүгө азыр жарабайт,
шаарлык булгап койгондур.

## ЭРГҮҮЛӨРҮМ

Ырлар жазып ички бугум жазылат.
Көңүл сергип, эске түшүп жаш курак.
«Келгин Ташке, ооз тийип өткүн»- деп,
эргүүлөрүм түн бир оокум чакырат.

Ырлар мени байлап, тушап алгандай.
Акыл-эсим сыйкырланып калгандай.
Түнкү беште, кээде төрттө ойгонуп,
адат болду кагаз, калем кармамай.

Тура албаймын эргүү келсе толгонбой.
Кире качып, чындап делби болгондой.
Кээде унутуп бир ай жүрүп каламын,
эргүүм уктайт, зордосом да ойгонбой.

Элге жагаар жакшы бир ыр жаратсам,
окурмандын көңүл-черин тараткан.
Таасири күч, тарбиялык, жугумдуу,
урпактардан урпактарга бараткан.

Жазам, айрыйм, кайра жазам чарчабай,
убакыттын канча өткөнүн барктабай.
Баарын карап, кайра баштан оңдоймун,
кыялымда сөз каймагын тапкандай.



## АР КЫЛ ПЕНДЕ

Жараткан кээ бирине ыраң берет,
кээ бирине түсү түркүн бураң берет.
Кээ бирине акыл-эс кошуп берсе,
адашып кээ бирине кемтик берет.

Кээ бирине теректей бойду берет.
А кээ бири бойсуз эле төшүн керет.
Ушулардын баарысынын акыбети:
«Адамзат, пендечилик, жашоо»- делет.

Кимдедир ашык дүйнө, эсеби жок.
Кээ бири мал-мүлк эмес, тезеги жок.
Кимисидир адам атын сактап жүрсө,
кайсы бири өз атын барктаган жок.

Көңүл назик уккан, сезген, туйганга,
баасы арзан аны чындап сунганга.
Жеңил гана, жылуу жумшак сөзүңүз,
жарайт пендем соон жыйып алганга.

Айтууда, азыркы бул жалган дүйнө.
Кимге жалган, а кимге арман дүйнө?
Буйруган күн Кудайга кулдук уруп,
алдына моюн сунуп барган дүйнө.

## ЖАШОО КАЙЫП

Жашоо-мүрөк, ичип жандуу канбаган.
Жашоо-кызык, жашап пенде танбаган.
Түркүк болуп, өлбөстүккө жол издеп,
жер жүзүндө эч ким тирүү калбаган.

Жараткандын бизге берген белеги,
жашоо-кайып, айтылбаган кетээри.
Жанды кыйнап, миң аракет этсең да,
жаңы келбейт, өткөн өмүр кечээги.

Жашоо-эмес, эптеп-септеп жан багуу,
жалтыр-жултур көр дүнүйө, мал табуу.
Жашоо-ыйык, маани берип түшүнсөң,
жашоо-баасыз, сыйлап аны күтүнсөң.

Жашоодо бар өлбөстүккө жол табуу,
жашап өткөн тарыхына жол салуу.
Жакшы иштери эсте калаар түбөлүк,
жол көрсөтүп, үлгү болоор күбөлүк.

## ӨМҮР- МАЙДАН

Пенделерге оомат келет ар кыл түрдө.
Алсыздарга менсинбе, такыр күлбө.
Тоскоолдукка мүңкүрөбөй аракет кыл,
жакшылыктан үмүт этип эч түңүлбө.

«Дүнүйө»- деп, ач көздөнүп күнөө үйбө.
Бечараны капа кылба, кабак түйбө.
Жетим-жесир, алсыздын акын жебей,
акыретке ыйман сакта, ойлоп сүйлө.



Бул жашоо убактылуу жалган дүйнө.
Жараткан тынчтык берсин ар бир үйгө.
Кылган айып, күнөөлөрдү кечиришип,
тообо келтир, ыйман жолун таза сүйлө.

Өмүр тура күрөшүүнүн майданы,
тоскоолдуктар чыгат тура кайдагы.
Тагдырыңа өзүң жалгыз себепкер,
желбиретээр турмушуңдун байрагы.

Терең ойлоп чечкин зыян, пайданы,
оокат жоктур чачылган таш сайдагы.
Тууган-урук ынтымагы бек болсун,
кыйын кезең алар табаар айланы.

## ТАҢКЫ ОЙЛОР

Таңга жуук чыгыш асман сөгүлгөндө,
көктөгү чолпон нуру төгүлгөндө,
кыялданам, эргүүлөргө кумар канып,
не бир сонун ой орноп көңүлдөрдө.

Кыялдарым кээде учат чексиздикке,
бүгүнкү болуп жаткан теңсиздикке.
Адам пейлин таптазалап, жууп салып,
койгум келет чоң чекит, эрксиздикке.

Жексен кылсам «напси» деген «чунакты».
Кадырласам ар бир курак, убакты.
Сээп койсом мээримдүүлүк үрөнүн,
такыр үзүп бизге салган «тузакты».

«Өрттөсөм»- дейм, бузуктардын үлүшүн,
манчырканып бай кедейге күлүшүн.
Көмүп салып, темирлерин дат баскан,
калтыргым бар жалаң алтын, күмүшүн.

## «ПАХТАКОРСУҢ» ДЕБЕГИЛЕ
*(тамаша)*

Досторум, менин камым жебегиле.
Акын эмес, «пахтакорсуң»- дебегиле.
«Акындыктын парзы»- деп, түшүнөмүн,
замандын жакшы жагын «дегениме».

Калганым жок эс алууда көчө таптап,
алмаштыргам МЧС ти калем саптап.
Насаат айтып жаштарга аралашып,
жазуудамын иштерин элге мактап.

Ар ишке мурдум тыгып аралашпай,
этияттап зарылдыкка кадыр сатпай.
Келүүдөмүн аксакалдык парзым өтөп,
сын айтамын, мактаймын далы таптай.

Биз эмей ким жаштарга жөлөк болоор,
карысы бар эл-журтуңа ырыс коноор.
Ынтымакта бирге болсок ыдырашпай,
токчулук, аманчылык, ыр да болоор.



## КЫЯЛЫМДА

Өткөн өмүр кайрылып келсе гана?
Жараткан жаштыгымды берсе гана?
Кыялымда каталарым кайра түзөп,
өрнөк өмүр сүрмөкмүн ачык, даана.

Ата-энем азыр болсо сыйламакмын,
карыш кетпей убакыт арнамакмын.
Кызмат өтөп жанынан алыс кетпей,
моокум кана кучактап жыргамакмын.

Өмүрүм узап барат улам шашып,
мен олтурам өткөнгө сареп салып.
Өмүрүм кайрылбасын моюнга алып,
тообо кылып, күбүрөп, зикир чалып.

Жуурулушуп жыргалым, азабым да,
мал-дүнүйө жыюунун казабында.
Эл оозунда айтылат кандай пикир,
өз оюмда булганбай, тазамын да.

Бул өмүргө келмегиң бар, кетмегиң,
жакшы жашап кадырына жетмегиң.
Из калтырсаң эл-журтуңа артыңдан,
ошол болоор максатыңа жеткениң.

## ШАШПА МЕЗГИЛ

Мезгил улам бизге салып өктөмүн,
кайда калды бир кездеги көктөмүм?
Кыя менен кырды ашып кеткен го,
сездирбестен жаштыгымдын өткөнүн.

Күндөр айга, айлар жылга алмашып,
өттү-кетти жигиттик кез кыр ашып.
Арман кылбайм, так билемин себебин,
неберелер тең өсүүдө жанашып.

Күн чыгат да кайра батат кеч кирип,
күндөлүктүн да бир бети эскирип.
Жаратkandын «зам-закүнү» ушундай,
канча кылым келе жатат кертилип.

## КЫЛЫМ КЫЙЫРЫ

Чеги жоктой саясаттын кыйыры,
Канчасы өттү Кыргызымда кыйыны.
Кимдер калды, а кимиси калбады,
эл эсинде чоң-кичине сыйымы.

Бирөө калды, жакшы атына жанашып,
бирөө кетти, бийлик-байлык талашып.
Келечек муун, аты калаар урпакка,
кимдер калды "Эл уулу» атка жарашып?

Пайдаланып Кыргызымдын кеңдигин,
сатты-кетти ал жердеген жердигин.
Жерлер кетти ата-бабам жердеген,
эсептешпей момун Кыргыз эл менен.



Заманында бөрү болуп өткөн бар,
амалданып түлкү болуп көпкөн бар.
Бирок, калат көз жетпеген жылдарга,
сен аткарган, эл жактырган иш гана.

Акын өттү такылдаган таңдайы,
Элмирбектей жаркылдаган маңдайы.
Кыргыз барда кылымдарга сакталат,
маяк сыңар көп акындын ырлары.

Сулуу өттү, ай жылмаяар маңдайы,
Таттыбүбү, Ак-Мөөрүмдүн баяны.
Кала берет кылымдарга Кыргызда,
махабаты, Болот менен арманы.

Улуу дастан махабаттын кыйыры,
сезимдерин пенде байкуш тыярбы?
Раймаалы, Бегимайдай ак сүйүү,
кылымдарга кала берет сыягы.

Улуу Кыргыз эл тарыхы такталабы?
Салт-санаабыз бузулбастан сакталабы?
Кылымдардын кыйырына сиңген сыңар,
көп элдердей, туңгуюкка капталабы?

Кыскача айттым өткөндөрдүн баянын,
«улантсын»- деп, кийинки урпак аягын.
Түтөп барат өткөндү эстеп каңырык,
окуп-билип кылымдардын кыйырын.

## МЕНДЕ ЭМНЕ БАР?

Максаттарым, арзууларым, тилегим бар.
Бар байлыгым, өмүр шерик зирегим бар.
Балдарым бар, неберелер, чеберелер,
ыйык багым, таттуу мөмө, данегим бар.

Перзенттерим үлгү кылып тарбия алаар,
жашап өткөн менин өмүр, дарегим бар.
Балдарынын бактылуу жашоосу үчүн,
урпактарым ырларымдан жооп табаар.

Азыркы учур заманыма толгонуу бар,
жалкоолорго жашоонун оордугу бар.
«Менмин!»- деген азаматты зар какшаткан,
баш көтөргүс кордугу бар, зордугу бар.

Кээ бир учур катуу айткан сындарым бар,
калк үстүнөн жашап жаткан байлар угаар.
Калыс болбой, буту тайып жемкорлукка,
арам менен оозандырып бүлө багаар.

Эс тарткандан жакшыларга жабышамын,
жаман менен чарчабастан чабышамын.
Адашпастан көпчүлүктүн катарынан,
эл-журт менен биргеликте баратамын.



## БИЗ АДАМДАР...

Бири көсөм максаты чоң чабыттап,
ой пикирин бүт ааламга багыттап,
так көтөрүп адамзаттын көйгөйүн,
урпактарга насаат сөзүн табыштап.

Бири жашайт «миндин бири» аталып,
кетсе кетип, кетпесе жок каталык.
Өмүрү өтөт өрнөк болуп элине,
аты аталып өз элинде “Аталык” .

Кээ бир адам сыйлуу болот айлында,
жүгүн артып жамааты үчүн кайгыда,
кээ бир учур кыйын кезең турганда,
өтө зарыл мындай пендең бары да.

Бир пендени бирөө жатса казаптап,
көңүл чыдап кандай адам жата алат?
Жок дегенде калыс сөзүн айтууга,
«пенде» деген ошон үчүн жаралат.

Бирөө жашайт канып дайым табасы,
эл-журт, жамаат чыгып турса аласы.
Түтөткүдөй милте коюп, дүрмөттөп,
ушак жайып, чыгып ириң-жарасы.

Ойносоң да ойлонуп сүйлөш керек,
табаа кылып бирөөгө күлбөш керек.
Карк түкүрүп өзүң ичкен булагыңа,
актанып иш өткөн соң жүрбөш керек.

Дил ооруса көңүлүңдө так калат,
дабаасы жок кесип салаар жок жарак.

Мүмкүн болоор сөз жүзүндө кечирим,
а чынында сөөк менен бир калат.

Дагы бири эт менен чел ортосу,
кызыгы жок, болду менен болбоду.
Бурган суудай оңго, солго агылып,
өмүрү өтөт, сиңген суудай болгону.

Жакшы адамдар жамаатка ынак болот,
ойкоштобой, бир жай ага турак болот.
Баарыбызга Жаратканым өзү күбө,
жалган дүйнө пендесине сынак болот.

## МОКОБОДУМ

Элөөрүп ийгиликти жерибедим.
Мокобой, кыйындыкта кейибедим.
Чыйралып андай учур кайра курчуп,
сууган жок мендеги ысык демим.

Дайым жеңип мендеги бийик сезим,
максат койдум, мен ага «жетсем»- дедим.
«Мезгил келип урпагым сыймыктанаар,
Изим калаар кызматын этсем»- дедим.

Дайыма кызматында болуп элдин,
аткардым убадамды, айткан кебим.
Мына азыр төр ээсимин, сакал сылап,
сыйында болуп дайым калың элдин.



## ӨМҮРҮНҮН УЛАМЫ БАР

Ойлоном, күн болбосо болоор беле?
Жаркырап гүл жыттанган ушул талаа,
кажы-кужу, кумурсканын уюгундай,
биз жашаган калкы жыш Оштой калаа?

Жараткандын карачы усталыгын,
байлаган бир-бирине бүт баардыгын.
Жасаган байлап-түзөп бул ааламды,
«шарт түзө, жашасын!»- деп, биз адамды.

Пенде байкуш напсикор, кутула албай,
келебиз ушул шартты күтүнө албай.
Алардын оюна да келип койбойт,
керектүүсүн бүгүнкүнүн бүтүрө албай.

Бул дүйнөнүн пенде үчүн жалганы бар,
Жараткандын дагы канча ааламы бар?
Бирок туюм, ички сезим билип турат,
чымын жандын өмүрүнүн уламы бар.

...Ошондуктан «эске түй!»- деп, айтар элем,
жакшы-жаман иштериңдин сурагы бар...

## БҮГҮН КИММИН...?

Бүгүн менмин төрт муунду баштаган,
ата-энемдин барк-дөөлөтүн сактаган.
Жаш кездеги кундуз кара чачтарды,
балдар-кыздар, чөбөрөгө таштагам.

Отуз беш жыл бир бөлүмдү баштагам,
калктын мүлкүн туш тарапка чачпагам.

Бей-бечара, жетим башын сыладым,
арамдык жок, мен ошого мактанам.

Өмүр өттү кызмат кылып барк алган,
жазды жайлай, күздө үйдө жатпаган.
Жашым жете бошогон соң жумуштан,
эргүү сүйрөп ыр дүйнөгө баш багам.

Көч башы элем, бир тууганды баштаган,
атам жыйган мал-мүлктөрүн чачпаган.
Бир туугандар болгондон соң бүлөлүү,
жаман-жакшы сөз кошууну таштагам.

Дос-жар күттүм бир учурлар каптаган,
байлык-бийлик колдо барда жактаган.
Ишим жүрүп, ташым өрлөп турганда,
«кел досум»- деп, башым сылап таптаган.
Азыркы учур дос-жар калды сатпаган, ...

## ОЙЛОР КЕЛЕТ

Тообо кылам бүгүнкү күн бардыгыма,
Жараткан насип эткен тагдырыма.
Бирок да, кээ бир учур капаланам,
көр пенделер ичинин тардыгына.

Кейибейин өмүр чиркин, аздыгына,
кубанайын аз да болсо, саздыгына.
Ал өмүрдү кулпунтуп жашайынчы,
баш койгончо Жер Эне жаздыгына.

Насибин, өмүр кемин жашайынчы.
Элге жагаар бир жумуш жасайынчы.



Аз болсо бул өмүрдө из калтырып,
урпактар ыракматын алайынчы.

Бул өмүрдөн насибин алайынчы,
Жараткан «чакырганда» барайынчы.
Телегейи тегиз делген бейишинде,
орун берсе түбөлүккө калайынчы.

Ар пендеге так ушул ойлор келет,
кааласаң, каалабасаң баары кетет.
Көрүстөндө топурак салган кезде,
жаманды да айласыз «жакшы» дешет.

## АТА

Ата бул - үй бүлө үчүн чынар терек.
Асманын бекем сактап турган тирек.
Акыл калчап ар бир анын айткан сөзүн,
ашык көрбөй, «зарыл го»- деп, угуу керек.

Атаң барда көңүлүң ток, үйүң кенен!
Атаң барда үстүң бүтүн, тамак белен!
Атаң барда кээ бирибиз түшүнбөйбүз,
«Ата» деген – Кыргыз сөзү, «бакыт» деген.

Атаң тоодой, ооп баратсаң сен таянаар.
Атаң чынар, күндөн сактап, сая кылаар.
Ата сыйлуу, өзү жерде, баркы асманда,
аяр тутуп, сактап-барктап алчуу тумар.

Ата баасыз, жер-ааламда табылбаган.
Анын орду алтын-зерге сатылбаган.
Аталарды аздек тутуп, сыйлап алгын,
«ата» деген, көзү өткөн соң чексиз арман.

## СЕН БИР ААЛАМ

Поэзия–сен бир аалам, көпту алдым.
Ыр дүйнөдө кайрагы жок тапталдым.
Чынын айтсам көбүнө сен себепкер,
мен өзгөчө, кайра баштан жаралдым.

Кезигиштик мен алтымыш ашканда,
акыл токтоп, ой жүгүртүп калганда.
Балким дагы бийиктерге учмакмын,
жолукканда сен экөөбүз жаш чакта.

Иш күнүмдүн сааты башка түзүлүп,
дили жакын достор таптым күтүнүп.
Баштагыдай көчө таптап жүрүш жок,
колдо калем, түн бир оокум үңүлүп.

Чабак уруп мейкининде ырлардын,
издеп келем сүйүү, өмүр сырларын.
Жаш өткөндө мухиттерге туш келип,
ыр дүйнөдө өз бактымды таба алдым.

## КАЛЫС БОЛГУН

Душман сыйлап суктанаар калыс болгун.
Түз жол болсун ар дайыма басаар жолуң.
Ачык айтып, ак сүйлөгүн ар бир иште.
Туу тутканың ар дайым чындык болсун.

Бузуктардын бал тилине кирбегинин,
мактоо сөздү кулакка көп илбегиниң.
Напсиң тыйбай арамдыкка аралашып,
кайсы бир күн уят болуп жүрбөгүнүң.



Элиң сыйлап, пикириңди колдоп турсун.
Душман муюп, айткан сөзгө көңүл бурсун.
Беттешкенден уялышып сөз талашпай,
касың эмес, досуң катар колун сунсун.

Туу тутаарың артыңдагы калкың болсун.
Сыймыктанаар эл- журтуңа намыс болгун.
Жеткенден соң ийгиликтен көөп кетпей,
адашпастан тандай билгин басар жолуң.

## ЫЛГАЙ БИЛГИН

Арам менен адалды ылгай билгин.
Адашпастан аларды сындай билгин.
Ачуу душман, акыл дос болот дайым,
алдырбастан ачууну кармай билгин.

Жакшынын жакшы жагын туя билгин.
Жаманды жаман жолдон тыя билгин.
Жакшылыкты жайылттырып эл-журтуңа,
жакшы жолго көч башын бура билгин.

Учурунда сүйлөөнүн шартын билгин.
Улап кетээр маегиндин баркын билгин.
Угарманга жагымдуубу айткан кебиң,
узак дебей, уккан сөздүн тегин билгин?

Калемиңди калыс ишке булгалагын.
Кыйын кезең акын атын булгабагын.
Каңкуулабай талдап жазгын ак караны,
картын бузуп жарылбаган сен жараны.

Калыстыктан тайыбаган акын болгун.
Күрөшө бил, бузуктарга жайып торуң.
Кесмеги жок салтыбызда акын тилин,
калкың сыйлап окушаар сенин ырың.

## АЗ ЖАША, САЗ ЖАША

Моюндап бешенем жазыгын,
каксам да каруумдун казыгын.
Тилеймин өмүрдүн узунун,
жана да жан дүйнө азыгын.

Келсе да өмүр күз курагым,
түгөнбөйт көр турмуш убайым.
«Баарына шүгүр»- деп, жашаймын,
тазалап тартылган тузагын.

Аз жаша, көп жаша - саз жаша!
Албаймын жазгандан башкача.
Артымда жаман сөз калбасын,
адамча, жашаймын таптаза.

Урпактар качандыр эскерээр.
Жакшы атым аларга эп келээр.
Мен жазган ырларды окушуп,
«Сыймык!» - деп, мактанган кез келээр.



## ЭТИЯТТАП КАДАМДА

Бүгүнкү күн, оң-тетири заманда,
басаар жолуң этияттап кадамда.
Муз сыңары тоңуп калган көөдөнү,
жүрөгү таш жан көбөйдү адамда.

Байлык үчүн көңүлүңдү муздатаар,
бечаранын акысын жеп сыздатаар.
Бийликтердин төбөлдөрү аз келип,
буттан чалып башкалары «ыйлатаар».

Тууган толо колдо бийлик барында,
колдоп-коштоп күнү-түнү жанында.
Түк билбейсиң кимиси “ак-карасын”,
билинишет аттан түшкөн маалында.

Кээлери дос капчык калың маалында,
кур каткырып чайың ичүү камында.
Салам айтпай өтүп кетет билип кой,
бут чалышып, итке минген маалында.

Көзүңдү ачып абал сурайт баягы,
бирге өсүшкөн «бозо» досуң сыягы.
Жазгы өткүн жамгыр сыңар жоголот,
байлык, бийлик досторуңдун аягы.

Төгө жаздап чыдамымдын кесесин,
ойлойм кээде бала-чакам эртесин.
Соороторун кайра туруп көңүлдү,
сабыр кылсаң тилегиңе жетесиң.

## ОШОНДО КҮЧ

Чыгарма жаз омоктуу, албан-албан.
Сөзүң чыксын орундуу, өтө балбан.
Тешик таппай кирээрге чычалайсың,
ушак менен айтылган арсыз жалган.

Уялгандан жүзүн буруп калкаласын,
ой-максаты таптакыр талкалансын.
Айтканына «тооболоп», жака кармап,
уйку көрбөй жүз жолу калкаласын.

Жараткан акындарга бере көр күч,
болсун дайым кармаган калемиң уч.
Эргүү келип таасирлүү ырлар жазып,
максатыбыз бир болсо ошондо күч.

## КОШ АРАКЕТ

Торун жайып коррупция жапырып,
ач тырмагын улам барат батырып.
Жумушу жок, оокат издеп калкымды,
чачып ийди бүт дүйнөгө сапырып.

Айыл жоктур өлгөндөрүн санабаган,
жүрөк жоктур «ковидден» канабаган.
Дүйнө калкын чымындай титиретип,
жөргөмүштөй жергеме торун жайган.

Илим-билим, медиктер алсыз болуп,
Европа өлүктөргө сансыз толуп.
Медицина өнүккөн Индия да,
акырындап баратат алсыз болуп.



Ушул илдет Кыргызга жабышканы,
аз келип "жепутаттар" кабышканы.
Сүйрөп барат өлкөнү аңга карай,
кыйын кезең каргышка калышканы.

Бүгүнкү күн калемгер бизге милдет,
чыгарма жаз мазмундуу ойлоп, иргеп.
Калем күчү теңдешсиз күчтүү курал,
бул илдетти жеңүүгө кош аракет.

## АТА-ЭНЕҢДИН КУМАРЫ БАР

Бул жалганга пенденин келмеги бар.
Маңдайдагы ырыскысын термеги бар.
Туу көтөрүп бийикке жетмеги бар.
Туз насиби түгөнсө кетмеги бар.

Ата-эненин балага кумары бар,
жүрөгүндө тереңде тумары бар.
Каранындан айланып чексиз ирет,
бата тилеп Кудайдан сураары бар.

Айлананда өз балдарың карап турат.
Ар бир кылган мамилеңе көңүл бурат.
Өзүң дагы билинбей улгаярсың,
келбейт тура карылык бизден сурап.

Текке кетпейт ата-энеңе жардамдарың,
балдарыңдан кайтат сөзсүз алгандарың.
Картайганда сый көрсөткүн ата-энеңе,
калтырбастан өкүнүчтүү армандарың.

## ЧЫРПЫГЫҢ АЙЛАНАТ ЧЫНАРГА

Жашаба турмушка камыгып,
жараткан Кудайга таарынып.
Жакшылык өзүңдүн колуңда,
жолу жок коюлган салынып.

Жасай бер чарчабай аракет,
табасың мээнеттен берекет.
Эртеси көчөөр күн болсо да,
жайыңа чырпыкты тиге кет.

Чырпыгың айланат чынарга,
дем болуп өмүрүң улаарга.
Батасы тийгенде элиңдин,
батаарсың макталып кумарга.

Ишиңдин чаласын улаарга,
эскерип эл-журтуң тураарга.
Санжыра сыяктуу кеп кылып,
артыңдан дубасын кылаарга.

## БҮГҮНКҮНҮН ДОСТУГУ

Достун дагы досу болот кол алышкан,
бар-жогуңа кайыл болуп ынанышкан.
Жамандыгың жашырып жөлөп-таяп,
жакшылыкты кубанып бөлө алышкан.

Кыйын учур дос болоор ишенгенин,
көп сыноодо сынагансбыз берилгенин.
Ал достуктун эзелтеден түбү терең,
уктуңарбы кимдин-кимди жеригенин?



Достугун көп жолу уктук улуулардын,
суктандырган жан дүйнөсү сулуулардын,
төбөсүндө кылыч кармап турса дагы,
укпагангбыз досун кечип сынууларын.

А азырчы...
Күндө угамын саясатчы достуктарын,
ээрден ооп ыркырашкан пастыктарын.
Бул досторго бийликти да кошоор элем,
амал үчүн жасап жүргөн кастыктарын.

## БИРОК, ҮЛГҮР...

Угуп жүрөм сүйүүлөрдүн ар түрүн,
жазгым келди арасынан жаз гүлүн.
Кээ бирибиз соолутабыз сүйүүнү,
бага албастан ачыла элек гүл бүрүн.

Сүй, сүйө бил, сүйүүдө жоктур бөгөт,
махабат эрктүүлөргө мээрим төгөт.
Сезимдин гүл бактары сууга муктаж,
бага алсаң не бир сонун гүлдөр өнөт.

Жеңил ойлуу сүйүп-күйүп жалынат,
эрки жетпейт, сел каптаса багынат.
Махабаттын гүл багына жете албай,
дагы бирин «тумар» кылып тагынат.

Бул турмушта кээде болот татаалдык,
катаалдыктан келип чыгат каталык.
Бирок үлгүр, селге карап каршы тур!
Пенде өмүрү көз ирмемдей аралык.

## БИР БЛОГЕР СӨРӨЙГӨ

Жылтыраган таз башында акыл бардай,
Кыргызга ашыкча эле күйгөн жандай.
Эки-үч күндөп эфирди тынчытпайсың,
саясатта чоң атаңдын өчү бардай.

Бузуктуктан мөөрөй утуп алгандайсың,
элди бузуп ич ириткен шайтандайсың.
Камчы болуп бирөөлөрдүн колундагы,
тагдырына эл-журтуңдун ургандайсың.

Жалганды чындык сыңар тик тургузуп,
маашырлана эл арасын бүт бүлдүртүп.
Эки дүйнөң жалгыз сага баары бирдей,
күнөөңдү үйбө өз журтуңду күйдүрүп.

Тополоңдон чын ырахат тапкандайсың,
чыр чыгарсаң байге утуп алгандайсың.
Бузукулук кылган ишке маашырланып,
оо дүйнөнүн бейишине баргандайсың.

Сен бузуку, шайтан сүтүн эмгенсиңби?
Ыйманы жок көктөн түшүп келгенсиңби?
Кумурсканы пилдей кылып, көбүрттүрүп,
эл чарчады бир күн тынчтык бербейсиңби?

Эл убалы тынч жаткырбайт эске түйгүн,
күмүш сырга кулагыңа түйүп жүргүн.
Ачыкталып жалгандарың чыгып жатат,
кайт жолдон, чыга электе элден бир күн.



## ЭЧ БИР ЖОКТОЙ КАТАСЫ

Амалдуунун сүттөй агы, тазасы,
ондон бири, чыкса-чыгат чамасы.
Актанышы баары окшош жанын жеп,
карганышат эч бир жоктой катасы.

Элде да бар, кээ бир ичи аласы.
Дүмбүл бойдон, быша элек чаласы.
«Эл дарбыса, эшек кошо дарбыйт»-деп,
издегени бийликтердин катасы.

Ак-карасы, амалдуусу баш болуп,
эл акысын уурдаганга маш болуп.
Айткан сөзгө жасаганы төп келбей,
жүрүшөт го бир-бирине кас болуп.

Оңу келсе бири-бирин кыйнамай,
татыксызга төрдү берип сыйламай.
Туш тарапка бөлүп-жарып эл ичин,
атасынын куну бардай жооламай.

## ПАРАКОРДУН ЖАШООСУ

Айланада көшүлөт караңгы түн,
күн батса бүгүнкү күн өткөн учур.
Түн жарымы оогондо бүгүн бүтүп,
эртеңки күн ырыскысы күтөт утур.

Кимге аз, а бирине көбүн берээр,
чынында, ал ырыскы тегиз эмес.
Ак мээнет эл катары жашабаган,
паракордо ырыскы эгиз эмес.

Эңиле куурай башын сындырбаган,
паракордо бул жашоо убактылуу.
Арам аш, аш болбостон уйку качып,
элестеп тор артында жабык туруу.

Убактынча жашаарсың сайран куруп,
уурулугуң билинет бир күн анык,
Укуругу мыйзамдын азыр узун,
уу жуткузат, узабай кылтак салып.

## КЫЙЫТМА

Калыс айткан пикирди ойлоп койбой,
адат болду сын тилди байлап коймой.
Сын айтып, өз оюңду айткан болсоң,
«ушакчы»- деп, башканы шайлап коймой.

"Эксперт"-деп, келеке ат энчилемей,
жар салып, эл алдында тепкилемей.
Каяшасыз кой сыңар куйрукка тээп,
кылган мээнет-эмгегиң белгиленбей.

"Тең жегенди теңирим сүйөт" демек,
калыстыгың жамаатка абдан керек.
Ашыкчасы эч качан аш болбостур,
эл айтмакчы бир күнү тешет, демек.

Ыдырап жамаатымдын ынтымагы,
бузулууга коркомун жакын калды.
«Аттиң»- деп, бармагыңды тиштеп калба,
ойлой жүр, ырыс алды ынтымакты.



Ташты да тебе берсең бутуң ооруйт,
болбосо бут кийимдин сырты жооруйт.
Корккунуң көпчүлүктүн назарынан,
көп кошомат күттүрбөй, жолуң тооруйт.

## СЕН АРАМЫ

Баарыбыз бир Жараткандын адамы.
Башка-башка өлкөлөрдүн жараны.
Бир-бирине окшошпостур өң-түсү,
бирок окшош, жок дегенде кадамы.

Болуп келген ар бир элдин жаманы,
бузуп-жарган өз журт ичин, арамы.
Башы баштай, бирок ичи ашкабак,
бузукулук, баскан-турган кадамы.

Башты жерге салдырдың сен арамы,
баштап коюп "Көк бөрүдө"балээни.
Бүткүл Кыргыз бети жатат чымырап,
берсин бийлик сен арамга жазаны.

Баштагыдай койбо соттор жашырып,
«болбойт»- дебе, сомун алып кашынып.
Бийлик күчүн көрсөтүп кой арамга,
башкалар да жүрбөгүдөй таш уруп.

## АР КЫЛ АДАМ

Жүргөн бар жакшы адам эсебинде,
күнүмдүк көр тирилик жетегинде.
Барга-жокко ар күнү шүгүр кылып,
кир жугузбайт инсандык беделине.

Өзүн санап жакшылар эсебинде,
жүргөн бар өлүк дүйнө жетегинде.
Байлыгын атасынан бийик санап,
өмүрү өтөт адамдыктын этегинде.

Аксакал бар, жашаган болуп калыс.
Арамдык, кошаматтан жүрөт алыс.
Айткан сөзгө, жашоосу төп келишип,
алтын-зериң оң жолдон бура алгыс.

Жүргөн бар байлыктын сөзүн сүйлөп,
жанында бийликтүүнүн күндөп-түндөп.
Жасаганы айтканына төп келишпей,
өзгөрүлмө ар күнү миң бир түрлөп.

## ЭГИН КАЛДЫ

Саясатчың дыйканыңа суу бурабы ?
Үйсүзүңө: - "Ме жаша» деп, үй курабы?
Ычкыры жок, этектери дал болбогон,
саясатчы сөрөйлөрдөн тазаң барбы?

Уккан менен баарыбыз кулак түрүп,
ишенбейбиз түк аларга көңүл буруп.
Отуз жылдык саясаттын азабынан,
эли-жерим бүтмөк болду такыр куруп.



Кур кыйкырык ураанды баштап коюп,
бөкүгөнчө арам ашка баарың тоюп.
Ашказаның сиңире албай букулүсүн,
эми баарың турасың момун болуп.

Кой сыңары кээ бирин айдап алып,
эл-журтуңду тупөйүл ойго салып.
Түшүнүшсө, кээ бири түшүнбөстөн,
оромоттойт Ак үйүңдү иштен калып.

Бөлүп-жарган Кыргызымда ынтымакты,
Таштагыла тажатма саясатты!
Оо дыйканым, эгин-тегин, чөбүңдү чап!
Сугарылбай, чабылбаган эгин калды.

## МАНАС БААТЫР, БАРСБЕК КАГАН

Кыска жашайт, пенде болуп жаралып,
урпак улайт, жүз жол жүзгө таралып.
Кээ бир адам жашай берет кылымдар,
аты өчпөстөн, жакшы-жаман аталып.

Пенде билбейт качан, кантип кетээрин,
бул жалганда канча жашоо кечээрин.
Акыл менен өз напсисин жеңе алып,
эл-журту үчүн кандай кызмат өтөөрүн?

Кылымдык өмүр жолун баскан менен,
тең болоорлук даңкы калат өтө терең.
Айтылаттыр урпактарга дастан болуп,
кылган кызмат журтуна терең сиңген.

Кылымдарда жашап келет канчалаган,
атак-даңктуу, эли жерин сактап калган.
Кыргызым бар түбөлүккө жашай берет,
эл кураган Манас баатыр, Барсбек каган.

## ЫЙМАН ЫЙЫК

Жалган дүйнө, көз ирмемче аралык.
Пенде келет жашоо үчүн жаралып.
Кээси ыйман, а кээ бирлер күнү-түн,
жашап келет мал-дүйнөгө алданып.

Бүт өмүрүң бир кадамдай аралык,
миңдин бири, жашайт дили агарып.
Байлык-бийлик, мансап төрдүн ээси,
көр дүйнө үчүн келет жаны сабалып.

Ата-эненин жашоо шарты суралбай,
бир айда бир, барып маек куралбай.
Шаардыктардын эсеп-чоту такталуу,
той маараке, оюн-зоокко бара албай.

Ага-инилер калды кээде катташпай,
айыл жерде үлүш жерин такташмай.
Гектарлаган кең талаалар турса да,
жашай албайт эгин-сууну талашпай.

Бабалардан калган салттан адашпай,
жашайлычы байлык-мансап талашпай.
Батыштагы кээ бир элдер сыяктуу,
бир туугандар калышат жүз карашпай.

Бул жалганда баары утурум нерселер.
Ыйман ыйык Жаратканга төп келээр.
Ыйманды кой эң алдыңкы максатка,
тилек кылсаң турмушуңа кут кирээр.














1-Май 2015-ж




GAP


40 жылдык юбилей 22.05.2013




16 06 2023
“Кызгалдак”




ЧАК ТҮШ


АЛЫКУЛ








## КААДА КҮТҮП

Жадырап жаз да өттү мезгил бүтүп,
таттуу өмүр камчылана турбай күтүп.
Көр пендеге буйруганы кыска тура,
Жаратқандын өктөмүнө турбай түтүп.

Күттүрбөстөн жай да өтөөр күнү бүтүп,
адыр-тоолор боз тартып, гүлү күүлүп.
Өмүрүбүз окшойт тура мезгилдерге,
саргарган жалбырактай күздө үшүп.

Кайсыл пенде кетти экен арман болбой,
жашоосун жашап өткөн чексиз жолдой.
Өмүр жолу дайыма гүлдөп-жайнап,
кышты-күздү билсе да үшүп койбой.

Оюмду айттым сүрөттү карап туруп,
дос-жарымдын келбетине көңүл буруп.
Бир кездеги жалындаган жигиттер жок.
баары аксакал, дос-жарым каада күтүп.

## ТУУРА ДИНДИ ТАНДАЙЛЫ

Бул жалганда кайгы-мунду унутуп,
жашайлычы пейлибизди тунутуп.
Чатагыңдан тажап бүттү Кыргызым,
бүтмөй болдуң Ала-Тоону курутуп.

Өткөн өттү, кереги жок аны ойлоп,
токтотолу жашообузду той-тойлоп.
Кеч болтурбай алдын чара көрөлү,
уулуу жылан келе жатат жол тороп.

Сөзүн уксаң балдай ширин тили бар.
Көөдөнүндө салтка каршы дили бар.
Ишенбегин айланайын Кыргызым,
Кыргыз тилин кирдетүүчү кири бар.

Узак эмес, дагы уктасаң отуз жыл,
ойгонбосоң анык болдуң дагы кул.
Ак калпаксыз, шалбар, топу кийишип,
Ала-Тоодо калбайт такыр Кыргыз уул.

Кыздар жүрөт бети-башын жабышып,
Кыргызга жат кийимдерди табышып.
Отуз жылда салт кийими калбайт го,
Датка энебиз Курманжанды чанышып.

Мусулманбыз, аны эч качан чанбайлы.
Пайгамбарым Мухаммедди танбайлы.
Ата бабам миң жыл ашуун тутунган,
кел Кыргызым, туура динди тандайлы.

## БЕРЕ КӨР ОҢ ЖОЛ АДАШСАМ

«Берсе»- деп, өзүң тараптан,
ооматым күтөм Жараткан.
Күнүмдүк жалган дүйнөдө,
бере көр ак жол адашсам.

Өлчөнүп берген ченемиң,
баа жеткис белек экенин.
Кадырлап жашап өтүүгө,
жан үрөп дайым келемин.



Буйруган күнү бараарбыз,
түбөлүк жайды табаарбыз.
Жообун берип ар күндүн,
бейиштен орун алаарбыз.

Пенде көп ондо бараткан,
кээ бири жолдон адашкан.
Оң жолго салып, ыйман бер,
мээримиң төгүп Жараткан.

## ЖАШАП ӨТӨМ УШИНТИП

Күрөшөмүн, чындык жакты жактаймын.
Ашкерелеп былык ишти тактаймын.
Жолум тосуп канча тоскоол болсоң да,
абийримди мен акчага сатпаймын.

Калысмын мен, калыстыкты сактаймын.
Напси бузук жемкорлорду тактаймын.
Туу тутамын өз элимдин бактысын,
арам жолго азгырсаң да баспаймын.

Өмүр саатым узап барат күнүгө,
ыраазымын өтүп жаткан күнүмө.
Ниетим ак, жашап өтөм ушинтип,
жашабаймын пастык ишке жүгүнө.

## МАХАБАТ АЗАБЫ

Сүйгөндөн соң ак сүйүүңдү сатпагын,
тумар сыңар жүрөккө бек сактагын.
Суктаныша үлгү алышып эли-журт,
дастан болуп ырларында мактасын.

Чын сүйбөсөң сүйүү отун жакпагын,
пайда кылып соо жүрөктүн зарлашын.
Махабаттын ооруусундай ооруу жок,
таба албайт ал айыктыраар аргасын.

Жаштарыбыз ойлоп кадам таштагын.
Тилээр элем мындай ооруу тартпашын.
Бир адашсаң кайтпайт андай махабат,
өмүрү өтөөр зарлап тартып азабын.

## ӨЗ БАКТЫСЫН ӨЗҮ КУРАТ

Күлүк мезгил ар учур бизди сынап,
өмүр барат токтобой жолун улап.
Оош-кыйыш замандын агымында,
тагдыр ташы жогору же төмөн кулап.

Эрксиздерди өз ташына бастырып,
эрктүүлөрдү дайым келет жактырып.
Сели сыңар алай-дүлөй турмуштун,
тепсеп өтөт табаа кылып каткырып.

Темирдей эрки күчтүү жолун улап,
моюн сунбай сыноого бекем турат.
Мүңкүрөбөй селге дагы каршы агып,
эрктүү пенде өз бактысын өзү курат.



## КЫЛБАЙЛЫЧЫ ТАЛАШ-ТАРТЫШ

Жаралгандан адамдарда жер санаш,
бир кылымда он өзгөрүп көз караш.
«Эр Манастын балдарыбыз»- деп туруп,
качан калат Кыргыздарда жер талаш?

Уюшабыз боло калып тамыр-тааныш,
байлыгы көп же мүмкүн молдо чалыш.
Үйрөттү го Кыргызымды эл өкүлдөр,
жаат-жаат боло калып тааныш табыш.

Манас Ата урпактары чыгыш-батыш,
кылбасак байлык үчүн талаш-тартыш.
Жер байлыгын мунасада тең бөлүшүп,
жакшы иштерге бололу дайым катыш.

## ЖЕР ЭНЕНИ КОРГОГУН

Жер Энебиз коргойт бизди баарынан,
ультра нур, күндүн тийген заарынан.
Эмнегедир түшүнө албай кыйналам,
коргой албайт Жараткандын каарынан.

Ким күнөөлүү, Жер Энеби, башкабы?
Мүмкүн биздир шартты бузуп жатканы.
Пейил кетип, арабыздан ырк кетип,
чыгып жатат Жер Эненин талканы.

Оо адамзат! Дили сокур кайраным,
Сезесиңби жакын калды жайраарың?
Жер Энени кордой берсең ушинтип,
адамзаты калбай такыр кыйраарын.

Эсиңе кел! Оо адамзат токтогун!
Арбайыңды байлык үчүн сокпогун.
Табиятка жасап таттуу мамиле,
урпагыңдын келечегин ойлогун.

## ТАТЫДЫМБЫ ЖАКШЫ СӨЗГӨ?

Жылышып жыл артынан жылдар өтүп,
жаштыгым кумга сиңген суудай житип.
Жашоонун өңү-доңун түшүнө албай,
жөнөймүн бул жалгандан өмүр бүтүп.

Жүдөтүп баш аяксыз санааларым,
жүрөктү өйүп жүргөн жараларым.
Жашоодо кээ-кээде муңга айланып,
жүрөмүн таба албастан баш аягым.

Жашаптырмын бир арык аттаганча,
жумуш, үйдүн ортосун таптаганча.
Жүдөтүп карылыгың алкымдады,
жашоонун таттуулугун аңдаганча.

Жашадымбы татыырлык жакшы сөзгө?
Жамаатымда болбостон кээде өзгө?
«Жакшы киши болгон»- деп, эл эскерчүү,
жатышканда кийиндирип актай бөзгө?



## КИЧИ ПЕЙИЛ МҮНӨЗҮ
*(Мырза иниме)*

Адал иштеп, көптү билип, өткөрүп,
ачуусун да, таттуусун да көп көрүп.
Алга умтулуп мокобостон келесиң,
ак мээнетти келин менен тең бөлүп.

Кылбадың сен байлык үчүн аракет,
Кудай берип билим жактан берекет.
Кандидаттык даражаны жактай бер!
Куттуктайлы тууган-урук эртерээк.

Кичи пейил, дайым көрөм жайдары.
Каалабайсың байлыкты сен кайдагы.
Качан көрсөм оор басык мүнөзүң,
Кара-Суунун сыймыктанаар каймагы.

Жаркып турсун ар убакта карегиң,
ушул сенин бизге кылган белегиң.
Жакшы сөздөр ар дайыма угалык,
жакшылыктан орун таап дарегиң.

## АЙЫБЫ ЭМНЕ?

Адам жашайт өмүрүнө тынчтык каалап,
ачуу үчүн аалам-жердин сырын самап.
Айга жетип, баскан изин калтырышып,
андан ары Марска чейин кагып канат.

Акыркы учур эстен чыгып мындай санат,
асман-жерим чаң-тополоң, күйүп жанат.
Алай-дүлөй, батыш-чыгыш бүт жер шары,
асыл жандар бааланбастан бүткүл тарап.

Айыгышкан согуш жүрүп асман-жерде,
ач-жылаңач, көз жаштары толуп элде.
Акча, байлык, бийликти самаган топ,
айыбы эмне бей-бечара, кайран элде?

## САГЫЗГАН
*(Тамсил)*

Узун куйрук, узун тумшук сагызган,
уудай тилиң күнү бою жаңырган.
Ушак-айың таркатуунун устасы ,
уучуң куру уят менен намыстан.

Жок сөздөрдү казып, издеп табасың,
жаныбардын баарын чууга саласың.
Жан-жаныбар, токой ичи чуу түшсө,
жашырынып коңулга баш катасың.

Жаман ойдо жан-жөөкөрүң топтолуп,
жалпы журтка каршы чыгып октолуп.
Жаман ою былгып чыгып, сасышып,
жаныңдагы баары жатат соттолуп.

Жыгылсаң да эч күрөшкө тойбогон,
жаман ойду кандай жансың койбогон.
Жаңы жылда таштачу ушул адатты,
жору сымал жалаң тарпты ойлогон.

Жаратканым насип эткен ырыскы,
Жер Эне да каалап турат тынчтыкты.
Жалпы элдин кыжырына көп тийсең,
журттан алыс кууйт сендей бузукту.



## ТӨШ БЕЛГИ

Акынсыңбы? Ыр маанисин ылгагын.
Аяк-башын сырдап жазчы ырларың.
Ой-пикирин кызуу талкуу билгизген,
окурманы көп болгондо жыргагын.

Ар бир ырда ой-максат бар, ал анык,
айткын оюң эрежеге так салып.
Алп акын көп анча-мынча үлгү алгын,
алар өңдүү өскүң келсе бүр алып.

Акын барктуу, эл оозуна алынсаң.
Акындардын түйшүгүнө малынсаң.
«Азамат»- деп, акын атка коноорсуң,
«Акын» деген төш белгини тагынсаң.

Айырбаштап төш белгини тараткан,
акча-байлык бүгүн болду саматкан.
Азыр мисал, уят болоор чынында,
алууну эңсөө бирикмелер тараптан.

Толуп кетти төш белгини тагынган,
тантырактап күндө бутка чалынган.
Тааныш-билиш же акчага сатылып,
төш белгиси чыгып барат жарактан.

## ТАРЫХЫЙ ТАШТАНДЫ

Быйылкы жаз, жергемде эрте башталды,
булут каалгып, төгүп бермет жаштары.
Бүр ачышып бак дарактар, чөп-чарлар,
биздин журтта жаңы жашоо башталды.

Суулар агып ар тараптан топтолуп,
селге айланып бара жатат шоктонуп.
Сенек болгон тарыхтагы таштанды,
суюлган соң агып жатат «бок» болуп.

Сел калдыгы бир чуңкурга топтолду,
«сен кайда?»- деп, болбоду аны жоктоору.
Сайдын үстүн басып кээде таштанды,
сасыган соң чөп-чар өсөт окшойбу?

Эстешпейт го таштандынын дарегин,
эл-журтунун бузуп жаткан керегин.
Эгер чындап маани берип түшүнсөң,
эл-журтка эмес НПО го отчет берээрин.

Фейсбукта жүрөт кээ бир таштанды,
«Ферз» ойлошуп мээси жок баштарды.
«Фурункулу» шишип толуп, ириңдеп,
«Ферздери» да «пешка» боло баштады.

Толгон элден бирин-серин кезигет.
Таштандыдан арылган оң тезирээк.
Тамырларын калтырбастан тазалап,
тээп салгын май куйрукка эртерээк.

Жылдар өтөөр, таштанды үстү бак болоор,
жайы-кышы бакка түркүн куш коноор,
Жумурткалап кой үстүндө боз торгой,
журтумда бир эстей жүрчүү той болоор.



## ЧЫГАРГЫЛА!

Ылайлашып, таза сууну булгашып,
Ыймансызы батыш ырын ырдашып.
Ыдыратып тынч элимдин арасын,
ынтымакты алыс кууду, чырдашып.

Бузукулар, дили такыр оңолбойт.
Билими тар, булар кыйын, орондойт.
Башка жактан издебегин душманды,
бир күн кайра, шайлоо учур сороңдойт.

Ойлон Кыргыз, ойлонгунуң эртерээк.
Ойрон болот, алдыда али келечек.
Ойгонбостон уктап жата бергенде,
ой-кырыңды душман кетет тебелеп.

Чет элдиктин кылтагына илинип,
чын-төгүнү калды окшойт билинип.
Чырылдашып капаста да жөн жатпайт.
Чыгаргыла! Кетсин журттан куулуп.

## ЭСТЕЙ ЖҮР

Ушул жарык дүйнөдөн,
улуу, кичүү баары өткөн.
Жарыкчылык күн бүтүп,
жашооң түгөп, күтпөстөн.

Атадан калып балага,
аталып келген дүнүйө.
Азабын тартып кээ учур,
азгырып турган күнүгө.

Барбы, жокпу карызың?
Бөтөндүн сенден акысын.
Жамаат-журттан суралат,
жаназаң учур акырын.

Казылып замат кабырың,
кылымдар жатчу түбүндө.
Көтөрүп барып эл- журтуң,
көмүшүп кайтаар күнүндө.

Жаназа көркү эл менен,
кабыр көркү жер менен.
Кыр-кыр жыйган дүнүйөң,
кабырга жатпайт сен менен.

Жыл өтпөстөн билинет,
жакшы адамдын кадыры.
Жетишип баары турса да,
жашоонун ансыз агымы.

Намыстуу болсо балдарың,
ниетин туура кылышаар.
Ата салтын сыйлашып,
атыңды сыймык тутушаар.

Намыссыз болсо балдарың,
дүнүйө бөлүп тытышаар.
Чилдей тарап туш жакка,
жыл өткөрбөй тынышаар.



## САТКАН АДАМ

Бут эркинди, жүрөгүңдү уурдап алып,
баёо сезим-туйгуларга отту жагып.
Байкатпай арт жагыңдан бычак урат,
бейкапар үй бүлөгө бүлүк салып.

Ал адамга санаа тартып кейибегин,
адамдыгың, асылдыгың жерибегин.
Адам сындуу айбандан кутулганың,
кийин сага келээр бакыт деми дегин.

Сен үчүн өз жакынын саткан адам,
убактылуу жыргалыңа баткан адам.
Ишенбе миң жалынып жалбарса да,
сени да бир күн келип сатчуу адам.

Өз балдарын ара таштап качкан адам,
өз бакытын ай талаага чачкан адам.
Өрткө салып очор-бачар үй бүлөсүн,
өмүр бою сар-санаада жанчкан адам.

## НЕГЕ ӨЗҮҢДҮ КЫЙНАЙСЫҢ ?

Эй пендезат! Неге өзүңдү кыйнайсың ?
Напсиң бузупташынганың тыйбайсың.
Көр дүйнөгө ашык жерге жүткүнүп,
гектарлаган турак жайга сыйбайсың.

Колдон келсе ылгабастан уурдайсың,
уурдаган соң канаат кылып тынбайсың.
Колго түшүп буттан капкан чапканда,
«Кудай урсун, жебедим»- деп, ыйлайсың.

Насип кылбай калат салган турак жай,
гектарлаган бак-шак калат суралбай.
Ажалыңдан бир топ эрте кетээрсиң,
күйүт тартып мал дүйнөңдү кыя албай.

## ЧӨКПӨСҮНЧҮ КӨҢҮЛДӨР

Не бир сонун каалоо сөзү сүйлөнүп,
өлгөн достун уулу жатты үйлөнүп.
Жан досумдун орду жогу билинди,
көрүнсөк да он кыл болуп түрлөнүп.

Той узатып, дос-аяшка көз салып,
үстөл үстү жайнаса да көз тайып.
Ички сезим ыйлап турду өксүтүп,
эске түшүп кыйбас досум - сен, тарых.

Мезгил өтүп дос -аяштар суюлуп,
кээ бирлери чын дүйнөгө бурулуп.
Той-топурда өксүйт тура балдарың,
ордуң жоктоп, ич дүйнөсү буулугуп.

Чөкпөсүнчү, оо аяштар, көңүлдөр,
кеткендерди эстеп жүрөк сөгүлөөр.
Силер бизге, биз силерге жөлөнүп,
узак, узак, узай түшсүн өмүрлөр.



## МАКСАТ

Максаты жок бул жарыкта пенде болбос,
максаты ар кыл, ким ыраазы, кими тойбос.
Максат менен ынсабыңды тең тута алсаң,
максатыңды Жаратканым чана койбос.

Максат келет ар күн сайын алга сүрөп,
максат бүтпөйт калбаса эгер өмүр түгөп.
Максат түгөп калса эгер - эртеңкиң жок,
максат менен биргеликте токтойт жүрөк.

Жашап келем ар бир күнү максат кенен,
жашоо-турмуш жуурулушса адал менен.
Жараткандан таң эртеңден тилеп-сурап,
жарты нанбы, азбы- көппү, адал делген.

## КЕТСЕ КЕТСИН МЕЙЛИЧИ

Иш башында ал-ахывал сурашып,
иш ортосу итче ыркырап талашып.
Ишиңердин баш аягы билинбей,
ишенимден кеттиңер го тажатып.

Ишенгени бузуп-жаруу амалы,
иш жүрбөсө канып турган кумары.
Иритесиң билип турам канча ишти,
ичтен чыккан ийри жылан сыңары.

Ит ордуна көрбөй жашты, карыны,
иттен алып, итке салган жакшыбы.
Ичим сыздап, кан басымым өйдөлөп,
иштен калдым эптей албай алымды.

Идиректүү эл билерман жакшылар,
ишенимин өз калкынын тапчуулар.
Илешпестен кетсе-кетсин мейличи,
ишеничсиз, ичтен бузуп жарчуулар.

## АЙТПАЙЫН ДЕСЕ...

Бир мезгилдер махабат балын татып,
ырыңарда бирге-туруп, бирге жатып
чыга албай ак сүйүүнүн желесинен,
жашадыңар бактыңар толуп-ташып.

Бир-бириңе күн алыс ырлар арнап,
биз күбөбүз жүрдүңөр ойноп-чардап,
ошол күнүң таптакыр эстен чыгып,
бир жыл ашты калдың го башка жандап.

Жигит киши мынчалык чачылчуу эмес,
намысына бирөөнүн катылчуу эмес,
бир учурда оттой ысык жашаганын,
жарыя айтып абийрин сатуучу эмес.

Бул кетиште көп узакка жетпейсиң го,
жаныны да таш-талпактай тепсейсиң го,
бүгүнкүдөй ашмалтайын бүт чыгарып,
байкушка да ырлар жазып кектейсиң го.

Пастыктын да эби болот, чени болот,
ар пенденин убал менен деми болот.
Чындык турса чычалап көзгө сайсаң,
Кайтаар дүйнө дегендей кеги болот.



## КАРГЫШ УРАТ

Күздүн айы, тажик кирди самсалап,
Кыргыз чегин бузуу үчүн талкалап.
Канча өмүр айыбы жок кыйылды,
Кыргыз чегин калуу үчүн калкалап.

Кемпирабад ызы-чуусу басылбай.
Кажы-кужу бир-бирине асылмай.
Кыргыз элим жүдөп, жадап бүттү го,
кимге айтам, арманымды жашырбай?

Кара туман биздин журтта айланып,
кыйын абал кетпей турат жайланып.
Кыйынсынып, бийлик самап кээ бири,
күнү-түнү чыр токтобойт сандалып.

Кары-жашың бир-бириңди укпайсың,
кадырыңды бийик кармап туптайсың.
«Кыргыз» деген ыйык атың кор кылып,
кайран Кыргыз ата-салтын булгайсың.

Качан болсо уу сөз айтып соттойсуң,
кур дүрмөтүң бийлик тарап октойсуң.
Кадырына өз журтуңдун жетпесең,
каргыш урат, сен эч качан оңбойсуң.

## ЫЙМАН МЕНЕН ЖАШ БОЛДУ
*(Азил-чыны аралаш)*

Бүгүн мына алтымыш алты жаштамын,
жаштык учур ташпишинен ашкамын.
Мурда олтурсам той-аштарда орто туш,
азыркы oopдум төрдү ээлей баштадым.

Мурда олтурсам маарекеде чай куюп,
азыр калды мага жаштар чай сунуп.
Энчим болчуу той-аштарда карчыга,
азыр ээмин жамбаш тургай башка да.

Көп учурлар зарыкчумун кеңешке,
азыркы учур акыл айтам кеңешсе.
Анча-мынча жамаат-коңшу суранат,
«баш-көз болуп бериниз-деп, кеңешке».

Өзүм чыны молдо эмесмин дасыккан,
диний ишке бүт берилип ашыккан.
Ошентсе да «жаштарга сиз үлгү»- деп,
бир мечитке имам шайлап алышкан.

Жаштыгымда чуркаганым иш болчу,
кайтарымы келиң-туруң аш болду.
Ошентсе да мен напсиме жыгылып,
тилегеним ыйман менен жаш болду.

## КАЛКЫМДА БАР

Калк сезими сенек болуп каткандай,
кайдыгерлик кара туман баскандай.
Кайгы менен ачуу кылып үстөмдүк,
Кыргыз жери ичи сыздап жаткандай.



Калк акысын уурдаган бар жазганбай,
Кудай кууп, ал жыңайлак качкандай.
Калктын мүлкүн ээлеп алган энчилеп,
корстон болуп менчик кылып алгандай.

Кыргызымда дагы кээ бир эргул бар,
көрө албаган жакшы ишти пейли тар.
Калктын баарын уйгу-туйгу чаңдатып,
каршылашын түртүү максат, болсо жар.

Калктан бийик өзүн дайым сезген бар,
калктан качып чет өлкөгө безген бар.
Кайтаар күнү бул дүйнөдөн кош айтып,
Кыргызымдан топуракка болоор зар.

## ДЕГЕНИМ
*(Азил-чыны аралаш)*

Сарасеп салып карасам,
токтоо тартып баратам.
Соңку учурлар чекелеп,
окшобой оюн-тамашам.

Жашына кантип жанашам,
ыңгайсыз болсо тамашам,
Билинбей өтүп жаш кезим.
чын эле карып баратам.

Орунсуз болсо тамашам,
уккандын баарын каратам.
«Сакалың күйгүр, бузук»- деп,
ыңгайсыз абал жаратам.

Айланып чыкпай жанынан,
кызматын кылып жагынам.
«Байбичем, сенден койбо»- деп,
күнүнө беш маал жалынам.

Эртеден кечке чарчабай,
жумушту бүтүп жайма-жай.
Дос-жар менен чайлашкан,
жаштыгым кайда, арман ай.

...Буларды айткан себебим,
унутпай жүргүн эртеңиң.
Кыз-келин көрсөң калжандап,
алжыбай жүргүн дегеним...

## БААТЫРЛАР

Уктагыла бейиш бакта баатырлар,
кире албады Кыргыз чекке каапырлар.
Эр Манастын антын бузбай аткарып,
тарыхында Кыргызымдын калдыңар.

Эрдигиңер эл оозунда даңкталат.
Кыргызымдын жүрөгүндө сакталат.
Шер Манастан элиң ураан чакырып,
Кыргыз барда эскерилет, баркталат.

Жаман коңшу элге тийип кусуру,
чектен чыгып, ашыкча эле кутурду.
Ниети арам, пейили тар адамдар,
тынчыбады, чырды баштап утуру.

Ниети бузук, ичи арам журт башы,
оңдурбасын энелердин көз жашы.
Урпагыңа «канкор» эни басылып,
жети атаңа жетсин элдин каргышы.



## БИР БЛОГЕР СӨРӨЙГӨ

Жылтыраган таз башында акыл бардай,
Кыргызга ашыкча эле күйгөн жандай.
Эки-үч күндөп эфирди тынчытпайсың,
саясатта чоң атаңдын өчү бардай.

Бузуктуктан мөөрөй утуп алгандайсың,
элди бузуп ич ириткен шайтандайсың.
Камчы болуп бирөөлөрдүн колундагы,
тагдырына эл-журтуңдун ургандайсың.

Жалганды чындык сыңар тик тургузуп,
маашырлана эл арасын бүт бүлдүртүп.
Эки дүйнөң жалгыз сага баары бирдей,
күнөөңдү үйбө өз журтуңду күйдүрүп.

Тополоңдон чын ырахат тапкандайсың,
чыр чыгарсаң байге утуп алгандайсың.
Бузукулук кылган ишке маашырланып,
оо дүйнөнүн бейишине баргандайсың.

Сен бузуку, шайтан сүтүн эмгенсиңби?
Ыйманы жок көктөн түшүп келгенсиңби?
Кумурсканы пилдей кылып көбүрттүрүп,
эл чарчады бир күн тынчтык бербейсиңби?

Эл убалы тынч жаткырбайт эске түйгүн,
күмүш сырга кулагыңа түйүп жүргүн.
Ачыкталып жалгандарың чыгып жатат,
Кайт жолдон, чыга электе элден бир күн !

## АЗЕЗИЛДЕР!
*(Иблистер)*

Наристе кыз, бейиши бол, Айдайым,
көрбөй кетти бул дүнүйө жыргалын.
Айласыздан «айыптуу»- деп жатабыз,
заманымдын чаң-тополоң кырдаалын.

Адамзаттан мындай жексур туулбайт,
жаза бербей эл каргышы тыйылбайт.
Жети жолу жексур жанын алсак да,
Айдай кыздын аккан каны жуулбайт.

Кордук барбы эне байкуш ыйындай?
Боздоп ыйлап эне жашы тыйылбай,
Айдай кызын жексурларга алдырып,
ата калды көз жаш төгүп, жалдырай.

Кызгалдак жаш өмүрдү кыйуу кандай,
колуң барды наристеде өчүң бардай?
Жырткычтан аша чапкан азезилдер!
Ат таппайм мындан жаман, атың кандай?

## БҮГҮНКҮ КҮНДӨН БИР ЭЛЕС

Саясат айткан сынчы эмес,
ичи кир адам тынчуу эмес.
Чыныгы сынчы эч качан,
келеке кылып турчу эмес.

Ашаарда кербен бир белес,
мактаган баары дос эмес.
Жаза тайып жаңылсаң,
түшөсүң аңга эч келбес.



Башчысыз кербен жүрчү эмес,
маарага жетпей турчу эмес.
Айгайлап тоссо журт ээси,
тартиптүү иттер үрчү эмес.

Алабай чыгып оң жактан,
чалабай үрүп сол жактан.
Кербенди жолдон бурабы,
түз эле жолдо бараткан?

Тайгак кечүү, тар жолдо,
баратат кербен түз жолго.
Айгайлап тосоор ээси жок,
арсылдап иттер тороодо.

Кээ бири ачка, кээси ток,
а кээ биринин ээси жок.
Куйругун кыпчыйт бириси,
ичи өтүп кеткен, арты бок.

Жугунду, сөөк самашчуу,
жылуудан орун каалашчуу.
Ашаткы жок, сөөк да жок,
бир-бирин өзү талашчуу.

Бетке айтпаган сынчы эмес,
тукуруп элин турчу эмес.
Кашкайта айтса чындыкты,
ал болоор досуң, кас эмес.

Бул ырым такыр сын эмес,
сын айтчуу сынчы мен эмес.
Чыдамым кетип айтылды,
бүгүнкү күндөн бир элес.

## АКЫН КЫЗГА

Дайым болсун ак периште оң жагында.
Максат, оюң оңдон келсин ар дайыма.
Жакындарың бул дүйнөдө аман болсун,
кубанышып ак жол каалап ыр жолунда.

Жүзүңдөн турсун дайым нуруң тамып,
келечек, бакыт жолуң болсун жарык.
Зоболоң көтөрүлсүн мындан бийик,
поэзия дың айдыңын бузуп - жарып.

Аруу тилек, ак батам кабыл болсун.
Турмушуң кубанычка, шаңга толсун.
Акын агаң алтын кызым каалоолору,
менден сага сунулган белек болсун.

## АРАМДАР

Байлыгың барда чеченсиң,
байлыгың кетсе бечелсиң.
Амалың үчүн жигиттер,
мынча эле "б...у" кечесиң.

Бөлүп-жарып эл ичин,
бийлик, байлык кен үчүн.
Бийликке карап таш атып,
«болбосо - дейсиң, эл бүтүн».

Жараткан өзүң эгемсиң.
Силерге ким теңелсиң?
Ичиңер ирип сасыткы,
ушунча арам белемсиң?



Кой десе койбой арамдар,
дили бузук наадандар.
Кыргыздын наркын кетирет,
силердей бузук жамандар.

## ЖАША НООКАТ

Бейишимсиң аты улук менин ыйык Мекеним,
дүйнө билет сууң таза, жериң кооз экенин.
Меккедеги сатылуучу зам-зам суугa барабар,
дары сууң, ыйык сууң бизде бекер экенин.

Наристе кез балалыкта тартуу кылган белегиң,
ошол бакыт өз койнуңду дайым эстеп келемин.
Жаштык кезим ашуу ашып, өмүр күзүм келсе да,
тооң кезип, моокум канып, бир жашарып кетемин.

Уул-кызың билсе дагы сенден алыс кетээрин,
билим улап, илим жолдоп, бийиктикке жетээрин.
Ойлонушат, толгонушат насип буйруп бир күнү,
картайса да сени эңсеп кайра кайтып келээрин.

Чыгааны көп, өзүңдө өскөн арасында элдердин,
балбан билек, эр көкүрөк коргоп алчуу Мекенин.
Мекен үчүн өз өмүрүн, каны-жанын бүт арнап,
бийик тутуп, алоолонгон Кыргызымдын Желегин.

***Кайырмасы:***
Бабаларым Мекен кылган, атың улук сенин Ноокат!
Киндик каным тамган үчүн, улуктаймын сени Ноокат.
Урпактарым сенде жашап, өнүп-өскүн улуу Ноокат!
Кылымдардан кылымдарга атың өчпөй жаша Ноокат!

## КИТЕП

Китеп - бул билим мунары,
солк этпес, бекем дубалы.
Билип, окуп дос болуп,
билимден мурас куралы.

Китеп-бул алтын казына,
толтураар акыл башыңа.
Ал эч качан ылгабайт,
карабайт кары-жашыңа.

Китеп-бул сенин тарыхың,
кең келечек, баардыгың.
Туура жолго баштоочу,
жол көрсөтөөр жарыгың.

Китептин издеп дайынын,
билимге кангын, байыгын.
Мухиттин жолун табаарсың,
башкарып билим кайыгын.

Талдап көрсөң кырдаалды,
аң сезим такыр ууланды.
«Батыштан үлгү алам»- деп,
салт-санаа, насил булганды.

Ойлонуп оң-сол жактарын,
кетирип жаңы тактарын.
Кеч болуп али кала элек,
элиңдин баркын сактагын.

Китептен белек берчи элек,
кастарлап аны турчу элек.



Кол жазманы калтырып,
жетине албай калчы элек.

Өткөн салтка кайталы,
китептин баркын байкайлы.
Тамшана окуп, эс алып,
сезели жашоо жыргалды.

## ЖАЗБАЙМЫН АТАК ДАҢК ҮЧҮН

Ыр жазбайм атак-даңк үчүн,
күйөмүн Кыргыз салты үчүн.
Күйбөгөн жерим күл болот,
тепселеп жатса наркымды,
дамбал кийген бир чычым.

Үрөймүн болгон бар күчүм,
күрөшөм Кыргыз тил үчүн.
Кечикпей бөгөт коюуга,
азыртан жолун тосууга,
сактоого тилди бир бүтүн.

Кээ жаштар жүрөт ээлиге,
мурасын билбей жээлиге.
Тилиңди билбей каласың,
эгедер чыкпай урпактар,
салт-санаа тургай жериңе.

Ой чычым, токтот эмитен,
ансыз да көбүм кемиген.
Бийлигиң чыгып сугалак,
бири-бирин келет кубалап,
атуулдук парзын жериген.

## ТИЛ

Байлыктын пири ден соолук,
жыйнаган дүйнөң бүт толук.
Капыстан илдет тооруса,
бейкуттук качар жок болуп.

Кокустан калсаң жан ооруп,
бастыра койбой жол тооруп.
Көрүнбөйт дүйнөң көзүңө,
кала албайт аның эм болуп.

Өмүргө дабаа ак дилиң,
ак дилдин өзү бир тилим.
Пендеси тургай эки элди,
чабыштырар уу тилиң.

Сөз сүйлөө дагы чоң илим,
керексиз ага көп билим.
Болгону талап кылынат,
көңүлгө дабаа бал тилиң.

## КЕЛ-КЕЛИМДИН БЕЛГИСИ

Күн сайын эрте турганың,
бет-колдоруң жууганың,
ынтымак үйдө орношсо,
«аталап» сени жоктошсо,
кел-келим сунган белгиси,
турмушум бейпил дейличи.

Колдо бар алтын баркы жок,
ден соолук таза, дартың жок.



Жарты нан менен көк чайга,
каниет кылып кайгың жок,
кел-келдин берген белгиси,
жүргөнүм байлык дейличи.

Колуңда кармаар ишиң бар,
жумшай турган күчүң бар.
Зарыкпастан үй бүлөң,
жей турган тамак-ашы бар,
кел-келдин бизге белгиси,
токчулук бизде дейличи.

Элиңде болсо токчулук,
алыстап качып жокчулук,
Мээнеттин көрүп үзүрүн,
күзүндө толсо түшүмүң,
кел-келдин болуп белгиси,
тапканым алтын дейличи.

Алыс-жакын тууганың,
сурашып абал турганың.
Алар да аман, сен аман,
болбосо ичте эч жаман,
кел-келдин бизге белгиси,
ынтымак элде дейличи.

Бейпил болуп чек араң,
кылдырап турса арабаң,
Элиң тынч да, аалам тынч,
болсо эгер пендем заманаң,
кел-келдин берген белгиси,
Кудайга шүгүр дейличи.

## ОЙГОНЧУ

Жүрөгүмдү жарып көрүп карасаң,
жүз бөлүккө тилингенин көрөсүң.
Жолдон тайып тилибиз да дилибиз,
жалпы журтум бүлүнгөнүн көрөсүң.

Ала-Тоом кас душманы жолобогон,
ак калпагым той-аштарда коробогон,
Ак пейил эл бүгүнкүдөй айласыздан,
ар өлкөгө кендир кесип кор болбогон.

Ала-Тоомдун тоо-таштары бүлүнбөгөн,
келечектен үмүтүң үзүлбөгөн.
Жат эмес атка минээр жегичтери,
эл ырысын уурдап жеп сүйүнбөгөн.

Эсиңдедир, кайгы-капа билбегенбиз.
Эзели, тамак издеп жүрбөгөнбүз.
Эгерде бирөө жарым кайгы тартса,
эл-журтум биргеликте жөлөгөнбүз.

Айланайын Кыргыз журтум ойгончу.
Акылыңды жакшы пештеп ойлончу.
Азырынча бар убакыт, кеч болбойт,
Ата-Журтту, улут салтын ойлойлу.



## ТОЗОК БОЛООР

Ой пендем ай, пендем ай, оюң күлүк,
эмнелерди эңсейсиң жерде жүрүп?
Ой жетпеген алыска «барсам»- дейсиң,
кол жетпеген бийикти «алсам»- дейсиң.

Жараткандын мыйзамына көңүл буруп,
кулкунуңду өзүңдүн тыйбай туруп.
Чын дүйнөгө ала кетчүү мурас сыңар,
не кыласың өлүк малга напсиң бузуп?

Айткан сөздү дилиңе түй, көңүл буруп,
токтотчу эми алганыңды улуп-жулуп.
Элден алдын сен өзүң нысап кылгын,
эл да айтаар жакшы сөз болсоң улук.

“Көрбөйт - деп, ууру кылба” сен эч качан,
бул накыл сөз ата-баба, миңден калган.
Арамдыктын акыр түбү тозок болоор,
“Тогуз өлчөп” ушул сөздү түшүн абдан.

## КЫЯЛДАР

Пенде болбос жашабаган кыялсыз.
Бул бир сезим акыл-эсиң тыя алгыс.
Ойлоп-ойлоп аягында жетпейсиң,
баарын жыйсаң бүт ааламга сыя алгыс.

Кээ бири ойлойт кыялында байлыкты,
а бири ойлойт амал менен сыйлыкты.
Көз-кулагы, ден соолугу чың болсо,
кайдан сезмек Кудай берген сыйлыкты?

Кээ бири эңсейт кыялында сулууну,
аз болсо да аны жандап турууну.
А кээ бир ары жогу түш көрөт,
бир учурда үч-төрт турмуш «курууну».

Бирөө тилейт балалуу үй-базарды,
күн-түн тилеп ден соолуктан азарбы?
Дагы бири ынсап тилеп боздогон,
жалгыз перзент берип жатса азарды.

Пенде экенбиз кыялдарда айдабыз,
тагдыр насип, буйруган бир жайдабыз.
Үмүт өчпөйт, үмүт жанат алоолоп,
көп учурда, аткарылбас пайдасыз.

## НООКАТ - "ООМАТ"

Көп кылым аталардан калып санат,
Ноокатым, күндөн-күнгө өсүп барат.
Жазылып карт тарыхтын беттеринде,
кызмат өтөп көп адамдын аты калат.

Калкыбыз ак ниеттен милдет өтөп,
кыйын кез, тирек болуп, таяп-жөлөп.
Ноокатым, "Оомат"деген атка конуп,
көпчүлүк Ноокатымды келет көксөп.

Бүт өмүрүн коюшкан илимге арнап,
«билим» десе ичкен ашын жерге таштап.
Канчалаган жаштарыбыз өсүп жатат,
катар, катар талыкпай илим жактап.



Жараткандын өкүмүн терең тактап,
дин тутумун, бузбастан бекем сактап.
Бузбай жашап жолдорун шарияттын,
аалымдар көп Куранды койгон жаттап.

Кадырлашып көп улуттун эли жашап,
ынтымак, ырыс-кешик, жакшы башат.
Кажыбас, кайраты күч эмгек менен,
Ноокатым ишеничтүү алга барат.

## ТАГДЫР ЖАНА ҮМҮТ

Тагдыр татаал, бирде берет, бирде бербей.
Үмүт өчпөйт, бир жанып, бирде жанбай.
Биз пенделер күрөшүүгө жаралганбыз,
татаал тагдыр сүйрөсө да кеги бардай.

Кээде болот учурларың муз болгон,
үмүт өчүп, жүрөктөргө муз тоңгон.
Тепкиге алып татаал тагдыр көйгөйү,
шаштыңды алып, алактатса оң-солдон.

Үмүт этүү - көк беттенип умтулуу,
мокоп-сынбай, максатыңа бек туруу.
Үмүт өчүү - моюн сунуу, жеңилүү,
тепкиге алып, уруп жатса тек туруу.

Өмүр үчүн үмүтүңдүн майдасы жок,
үмүт болбойт бактың үчүн пайдасы жок.
Ар бир үмүт аткарылса ОРДУ менен,
эхх, жыргал, болосуң ээ көңүлүң ток.

## КЫЯ АЛБАСА

Кызганычтык, түшүнбөстүк таап түнөк,
көптөн бери муңун айтат эки жүрөк.
Кыйындыгын ажыроонун сезип-туюп,
кыйыша албайт жашоону, бирге түнөп.

Кээ бир учур казан - аяк кагышабыз,
канткен менен айланадан жашырабыз.
Катаалдыгын ажыроонун сезсек деле,
куру намыс тушап келет дарылагыс.

## АТТИҢ АРМАН!

Жарабас иш болмок болду,
жүрөктөрдү парча кылып тилмек болду.
Жакшы күндөр улам алыс, ыраакташып,
жылуу сезим, пикир өксүп калмак болду.

Текеберлик бузук уусун чачып жүрөт.
Жүрөктөргө айыкпас дарт сунуп жүрөт.
Бул турмуштун бурулуш жолдорунда,
сонун күндөр элес катар соолуп жүрөт.

Дабаасы жок, ички сезим туя албаса,
жараланып, бири- бирин кыя албаса.
Жаракасы жараат болуп кала берет.
тең экиге, тарс бөлүнүп сына албаса.

Бул пикирим айтпасам жалган болоор.
Калпыс чечим өмүр бою арман болоор.



## КЫРГЫЗ-АТАМ

Кыргыз-Атам кадырың артып барат,
калкым өсүп, бийиктеп, кагып канат.
Кызматын Кыргызымдын аркалаган,
кадырлуу уул-кызың баардык тарап.

Кыргыз-Атам караганга кумар канат,
келген эл-журт суктанышат сени карап.
Көчөлөрүң, айылдарың, борборубуз,
кадимкидей шаар сыңар өсүп барат.

Кыргыз-Атам аталардын сактаганын,
калкыңды көр улуу атың даңктаганын.
Кадырыңды бийик тутуп бүт өлкөгө,
калган салтты аталардан сактаганын.

Кыргыз-Атам келечегиң элестетем,
келээр күнүң өнүп-өсүп, болот бекем.
Калышаттыр көп адамдар тарыхында,
кызматтары, өсүшүңө себеп делген.

## КӨРӨ АЛБАС

Сыртың жылтыр, өзүңчө эле тазасың.
Кээ бирөөнүн айыптарын казасың.
Улам өрлөп бара жаткан досуңдун,
ийгилигин көрсөң өңдөн азасың.

Бечараны кектеп-жектеп басасың,
жетекчиге сын айтуудан качасың.
Кокусунан ээрден ооп кыйшайса,
кубанасың «бере көр»- деп, жазасын.

Көөдөнүңдү көрө албастык өрттөсө,
текебердик улам күчөп көктөсө.
Жүрөгүңдү ачып кеңин текшерсе,
кичинекей бир ийне-жип өтпөсө.

Эски кеп да, ”ичи кеңге, кең дүйнө”,
Ичи тарга сен сыяктуу, тар дүйнө.
Көкүрөгүң ачып койгун кеңири,
өкүнбөйсүң, «болду го»- деп, зар дүйнө.

## КӨК ЧАЙ ИЧИП ЖАМБАШТА

Наалыбагын, “жолум дайым жабык»- деп,
иштен качып, жалкоолукка табынып.
Качан көрсөм башың жумшак жаздыкта,
жүрөсүң көп Жаратканга таарынып.

Көрө албай, кошунаңдын көктөшүн,
шылтоо издеп, үй бүлөңдү жектештин.
Эр жеткенче сенден үлгү алышса,
алар кантип эл сыңары көктөшсүн?

Жаратканым кантип сени колдосун,
эгер болсо жалкоолук чын жолдошуң?
Жараткан да «мээнеттүүгө берем»- дейт,
болсо эгерде ак эмгегиң-колдоочуң.

Иштеп тапкын, мээнет болсун жолдошуң,
балдар көрсүн, бекер наандын болбошун.
Ак мээнеттен эл сыңары үзүр таап,
мээнеттүүнү эл-журт дагы колдошун.



Кел тууганым, андан көрө иш башта,
жалкоолукту алыс ыргыт, тыш жакка.
Териң төгүп, чарчап үйгө келгин да,
бак ичинде көк чай ичип, жамбашта.

## АРМАН ДЕБЕ

Чын сырым дилимдеги жалганы жок,
бул жалганда барбы пенде арманы жок?
Бир өмүр эч бир болбой бир да арман,
болгон десе айтмакмын, такыр жалган.

Бул ааламдан өтүшкөн канчалап жан,
дүнүйөнү жарым ээлеп хан Чыңгызхан.
Азияны тең жапырып, Индини ээлеп,
«арманы күч өткөн»- дешет, хан Темирлан.

Баскан жердин бар байлыгын жыйнаган,
ал да жетпей салык салып кыйнаган.
Байлык-бийлик, тоодой үйүп койсо да,
ажалынан арачылай албаган.

Айтылат бабалардан көп-көп дастан,
дүнүйөнү дүңгүрөтүп толуп-ташкан.
Аягында бийлик менен байлык үчүн,
өз жакыны уу берип же кууп салган.

Арман кылуу адамзаттын мүнөзүбү,
же Жараткан кошуп берген күнөөсүбү?
Же пендени бул жалганда сыноо үчүн,
Жаратқандын бизге койгон сыноосубу?

Армандын аты менен заты да көп,
кат - каттап келе берчүү каты да көп.
Соолутуп, дарак сымал алсыратып,
акырында жыгып салчуу дарманы көп.

Биз пендебиз, армандарды оозанабыз,
«Ой кокуйдун» жаздыгын көп жазданабыз.
Чыныгы арман жөн-жайын биле бербей,
майда турмуш ташпиши арманыбыз.

Сүйүүдөн болсун -арман, ага мейли.
Ден соолук начар-арман, дагы мейли.
Жакыныңды жоготуу Жараткандан,
калган арман-күйүттөрүң буга теңби?

Адаштырган арманды тилек менен,
кээ адам какшанганын угуп келем.
Тилектериң эч качан арман болбос,
болгону ал сенин напсиң, эч бир тойбос.

Калган арман ачкычтары өз колуңда,
аткарылаар, жоголоттур өз жолунда.
Катуу айтпайм, баарысын орду менен,
аткараарсың кайрат кылып, сабыр менен.

## САБЫР БЕРСИН

Аткарып буйруктарын Жараткандын,
келемин напсимди мен тыйып дайым.
Көөдөндөгү экөөсүнүн талашынан,
омоктуу ой-пикирлер жаратамын.

Напси жаман, дайыма жолдон урат.
«Жолобо»- деп ыйманым тыйып турат.



Тообо кылып жакамды кармаганга,
көбүнчө абийирим бийлик кылат.

Жараткандан дайыма тилегеним,
«уят кылба, ынсап бер»- деп, тиленемин.
Эл көзүндө миллиондун бири болсом,
а өзүмө, пейли таза бир пендемин.

Кээде коём напси-ынсапты таразага,
«кайсынысы жеңет?»- деп, таразада.
Ойлоп-ойлоп ооруна жылдырамын,
салыштырып мен өзүмдү башкаларга.

Кыр ашканда Жараткан ынсап берсин,
биз эле эмес, эл-журтка сабыр берсин.
“Сабыр түбү дайыма сары алтын”-дейт,
насип кылса алтын чөйчөк суу ичээрсиң.

## ЖАКШЫ СӨЗҮҢ

Өмүрүң бул, өткөн менен келечектин ортосу,
кагып турса токтобостон жүрөгүңдүн толтосу.
Аралыгын бул мезгилдин узартуунун бир жолу,
болот тура жакындардын көңүлүңдү колдошу.

Колдоо эмне?Сатылбас бир оңой эле аз нерсе,
кээде бир сөз же жылмаюу, учуруна төп келсе.
Балким бул сөз же жылмайып колдосоң,
кубат болоор, чечип коёор өтө зарыл көп нерсе.

Кээ учур жакыныңдан ширин сөздү аяп коюп,
кетиребиз ортодогу ынтымакты керип-чоюп.
«Эл көрсүнгө» түр көрсөтүп жакшы сүйлөп, сый болуп,
сездирбестен аш бычакты далы ортого уруп коюп.

## ТОКТОТ! ЖЕТЕТ!

Сурап-тилеп алганы жалгыз бала,
анысы да сен келесоо, эси чала.
Кичинеңде эрке-талтаң бала болсоң,
жетилбей, башка бүткөн болдуң балее.

Куурай башын сындырбай жүрүп алып,
ата-энеңдин мойнуна минип алып,
кырктын кырын эчак эле ашсаң дагы,
жубарымбек, жүрөсүң бүлүк салып.

Ишиң менен тапканыңдын дареги жок.
Ата-энеңдин жарытылуу тамагы жок.
Ар бир айдын онунчу күнүн күтүп,
пенсиясын аңдыйсың ыйманы жок.

Таң эртеден кечке чейин бильярдда,
жүрө берсең ата-энең да сыгылат да.
Аларыңдын жандары да темир эмес,
кайсы бир күн төшөккө жыгылат да.

Токтот! Жетет! Болду эми, эсиңе кел!
Ата-энеңдин мээнетин кайтарып бер!
Эгер бүгүн кор кылсаң ата - энеңди,
караанына болоорсуң бир күнү зар.



## КЫЙЫНЧЫЛЫК ЭНЧИ ЭМЕС

Кээ бирлер туура теминип,
кээ бирлер жүрөт элирип.
Кээ бири тойбос напси үчүн,
күн сайын жүрөт эңилип.

Күн тийген жердин күкүгү,
күнү өтсө болду бүгүнкү.
Күн карама сындуу өзгөрүп,
көрүнбөйт максат түпкүрү.

Күржүйүп, албыр күчү бар,
кеңкелес башта билим тар.
Камчысы болуп бирөөнүн,
көчөлөп жүргөн бирөө бар.

Күн сайын басып тетири,
калкына тийип кесири.
Кыйнап да бүттү калкымды,
күнүмдүк митинг эпкини.

Көтөрүп күндө бааны,
калк болуп анын «сааганы».
Каржалтып бүттү калкымды,
кымбатчылык карааны.

Кысылып барат токчулук,
кеңейип келет жокчулук.
Күн тиээр бир күн жарк этип,
көңүлдө болсо токчулук.

Көңүлүң жарды болсо да,
көкүрөк жарды болбосун.
Кыйынчылык энчи эмес,
Кудайым бизди колдосун.

## ЗИРЕГИМ БАР

Жаратканга миң шүгүр, зирегим бар.
Ой-максатым колдоочу тирегим бар.
Асыл таштай кир жукпас, дили таза,
өмүрүмө мөл булак мүрөгүм бар.

«Сага»- деген жазылбас кумарым бар,
жүрөгүмө бек каткан тумарым бар.
Бир жол эмес миң ирет кайталачуу,
Жаратkандан сен үчүн тилегим бар.

Өзүң барсың дайыма жүзүм жарык,
өмүр кечем өзүңдөн кубат алып.
Ыраазымын ушул жалган дүйнөдө,
калганыма сендей жанга байланып.

## КЫРГЫЗ-АТАМ МЕКЕНИМ

Кыргыз-Атам - Мекеним туулган жерим,
алга умтулам күч берип сенин демиң.
Касиеттүү Кызыр Атам колдоп келет,
«ынтымакта жашасын»- деп кыргыз элин.

Киндик каным тамызган ыйык жерим,
урпагымын «Кыргыз» деген улуу элдин.
Кызыл-кыргын, канчалаган чабыштарда,
майтарылбай коргоп келген эли-жерин.

Шык берип, алга сүрөп сенин демиң,
даңктап келет уул-кызың өз Мекенин.
Тоо этектеп жайгашып төрт айылың,
кылымдарды карытып келет элиң.



Эгинге мол, түшүмдүү сенин жериң,
ак мээнеттүү, чарбачыл менин элим.
Кара-Койдун мөңгүсүнөн агып түшүп,
Кыргыз - Ата дарыясы багат элин.

Колдоп, сезип бүгүнкү заман демин,
аракет күч толуктоого турмуш кемин.
Сенин ыйык атыңа доо келтирбей,
«кызматыңды аткарып берсем»- деймин.

## САДАГАМ

Садагам бар, бактысы өмүрүмдүн,
сен менин толкунусуң көңүлүмдүн.
Серпиле кайык сымал деңиздеги,
сезилбей узап жаткан ар күнүмдүн.

Самадым бирге болоор ар түнүмдү.
Сага арнап өтүп жаткан ар күнүмдү.
Сыладым атыр жытуу чачтарыңдан,
сезип-туюп мага каккан жүрөгүңдү.

Саналуу калып барат өмүр кешик,
санаасыз жарым кылым өмүр кечип.
Садагам бир-биринен өтө ширин,
сен экөөбүз терметип канча бешик.

Секиртип-мүдүрүлтүп алаарыңда,
санаага балдарымды салаарымда.
Суранам! Жаратканым суранамын!
Садагамды бир жыттап кайтайын да.

## ӨЗГӨЧӨМ

Өзгөчөм мээнетиңди сезем, туям,
өмүрүм өткөн сайын улам-улам.
Өзүң мага, мен сага эриш-аркак,
өкүнүчсүз жашаганга шүгүр кылам.

Өзгө үй, батирлерде көчүп-конуп,
өзүмө өмүр бою жөлөк болуп,
өксүгүн жокчулуктун сездирбестен,
оокатыңдын ар күнү алдын коюп.

Өз элимден көптөгөн бата алдым
Өзүң жөлөп өр тартып кете алдым.
Өлүк дүйнө, напсиме жеңилбестен,
өз элимдин сыйына жете алдым.

Үзүрүн мээнетимдин азыр көрүп,
өз үйүм бактап-шактап, бала толуп.
Өмүрүм текке кетпей изим калды,
өзүң менен бактылуу өмүр сүрүп.

Өмүрдүн жазы, жайы, күзү кетти.
Өткүрү кылыч сыңар курак өттү.
Өзүбүзгө көңүлдү тереӊ буруп,
өзүбүздү сыйлоого мезгил жетти.



## КЫРГЫЗСТАН МЕНИН ЖЕРИМ

Суктандырган дүйнө элин,
Кыргызстан менин жерим.
Даңктап өтөм сени дайым,
калганчакты соңку демим.

Караанындан кагыламын,
узап кетсем сагынамын.
Тумар кылып сенин атың,
жүрөгүмө тагынамын.

Ыйык мага ар бир ташың,
таазим этип, ием башым.
Мага ырыскы топурагың,
ал мен үчүн жеген ашым.

Аздек сактап тооң-ташың,
Бабаларым төккөн канын.
Ошолордун жолун улап,
урпактарга тапшырамын.

## БҮГҮН МЕНИН БАЛДАРЫМДЫН АПАСЫ 67 ЖАШТА

Өмүр шерик, жайдары мүнөз асылым,
бул жалганда, жүрөгүмө жакыным.
Анча-мынча чалагайым эркектен,
сөзү ордунда, жугуп тураар татымың.

Тагдырдын мыйзамына таазим этем,
«Жуп болуп жашагын»- деп, сени берген.
Жарым кылым сыйлашып өмүр сүрүп,
кучак толгон чеги жок бактым кенен.

Бул өмүрдө дайым мага бел болдуң.
Ызгаарында көңүл жылыыр дем болдуң.
Мээ кайнаткан ысыгында турмуштун,
мелүүн соккон сергитүүчү жел болдуң.

Эл алдында бийик кылдың башымды.
Акыл кошуп дос-жар кылдың касымды.
Жөлөп-таяп оош-кыйыш турмушта,
эчен ирет аарчыдың көз жашымды.

Төрт баланы өстүрдүк мээнет менен,
оор мезгил бир өзүндөй жөлөк менен.
Чөбөрөмдүн тоюнда бийге түшүп,
«сарпайын кийсек» деген тилек менен.

Учурда жакын жансың теңдеши жок.
Өзүң бар үй бүлөдөн көңүлүм ток.
Түп көтөрүп ызы-чуусу балдардын,
короо толгон оюн-күлкү көңүл шок.

Маңдайыма жазылган сен таалайым.
Бул жалганда эч бир жоктур арманым.
Сапарыбыз узак болсун жан биргем,
туулган күнүң мен ушуну каалаадым.

## БАШКАНЫН ЖОК КЕРЕГИ

Ой чабытым ай-ааламды сермеген,
«эргүүлөрүм келсе экен»- деп, тилеген.
Максатым бар ыр жаратуу түзүктөй,
жүрөк кылын дирилдетип термеген.

Жаш өткөндө жашоомо дем берген,
өмүрүмдүн кеч күзүндө бир келген.



Аруу сезим, жан жыргалы дүйнөмүн,
ыр ааламы – «сен» дегеним, «сен» деген.

Кээде жакын ыйык досум сен болуп,
турган күндө көөдөнүмө бук толуп.
Бар күчүмдү чыгарсам да чыдайсың,
бороон-чапкын, ызгаарыма бир тоңуп.

Кыйналсам да тажабадым мен деги,
дем-күч берээр жашоомдун сен деми.
Ыйыбыз да, күлкүбүз да бир болуп,
буйруган күн узатаарсың сен мени.

Жараткандын ыроологон белеги,
азыр мага башканын жок кереги.
Көзүм өтсө болбостурмун кыжаалат,
мен калтырган ырлар калат себеби.

## ЫРЛАР КАЛДЫ ЖАЗЫЛБАЙ

Күнөө менде, ырларымда эмне айып?
Эргүү келет күттүрбөй жаза тайып.
Учурунда бул саптарды жазбай калсам,
кайра таппайм, ал ырым болот кайып.

Көөдөнүмдө жүрөк-акыл чуусу толуп,
ач тырмактуу кызганычка көңүл соолуп.
Жаза турган ырларды да жаза албастан,
кээде калам жүрөк заада кулуң болуп.

«Кимге арналган ырың»- деп, тескөө салып,
чатак салат кээ күнү биздин зайып.
Айласыздан кетенчиктеп туруп берем:
“Жаздым жаным, образга кире калып”.

Жазылбаган канчалаган ырлар калды,
алып кеткен өзү менен жазды-жайды.
Көөдөндөгү ой чабыттар сыртка чыкпай,
кала берди ырларымдын көбү жарды.

Мен кетээрмин кайсы бир күн аттанып,
кимдир бирөө окуур ырым шаттанып.
Жок дегенде урпактарым окушаар,
калбасам да эл алдында даңкталып.

## ҮЙ БҮЛӨНҮН ТУТКАЛАРЫ

Жаңырып жагымсыз үн кулагыма,
келген күнү аздек туткан турагыма.
Өзүмө нараазылык наалат айткам,
түкүргөн тунук аккан булагыма.

Акыл жетпей өмүрдүн сырларына,
тушугуп тагдырымдын сынагына.
Ийри-буйру жолунда изим калып,
кайра эле башым ийгем ынагыма.

Айланткан ал булакты дарыяга,
тоскоолго канча ирет кабылсак да.
Бүгүн мен чын ниеттен таазим этем,
мени сыйлап аздектеген ынагыма.

Турмуштун ачуу-таттуу даамын татып,
ичине үй бүлөлүк сырды катып.
Жашасын үй бүлөнүн туткалары!
Аялзаты биз эркектен сыйга батып.



## СҮЙҮҮНҮН ПИРИ

Тан беремин бир аяштын чыдамына,
муңайбаган көр турмуштун сынагына.
Өз түгөйү чын дүйнөгө жапжаш кетип,
чаң жугузбайт кырк жылдай ынагына.

Чыдап келет жалгыздыктын азабына,
ушак-айың көп сөздөрдүн казабына.
Кээде бирге аяш менен ой бөлүшсөм,
чын ишенем махабаттын бардыгына.

Андай түгөй болоттур миңдин бири,
ак куу сыңар сүйүүнүн чыны-пири.
Бейиш жайда түгөйүм күтсө эгерде:
«Барамын - дейт, досуңа, эч жок кири».

## СЕНДЕН КЕЛБЕЙТ АЛЫСТАГЫМ

Мен үчүн ажарлуусуң асыл жарым,
мага дем бул жалганда сенин барың.
Мына азыр жетимишке таянсам да,
мүнөткө сенден келбейт алыстагым.

Мейли күн, мейли түндүн жарымында,
мен келем бул турмуштун агымында.
Мага атап оокат-аштын алдын коюп,
мамык жаздык, төшөнчүң салынуу да.

Менин каным, сенин каның аралашып,
мага да, сага окшошкон балдар табып.
Мээрим берип элүү жыл жашаптырбыз,
мээнет менен маңдай тер, бала багып.

## СҮЙҮҮ НАРКЫ

Билбегендер баалашаар алтын наркын,
чын сүйгөндөр баалашат сүйүү баркын.
Миң жылдары айтылган дастандардай,
«чылк» алтынга тең келгис сени таптым.

«Канышам»- деп, мен сени атап алдым,
жалындап ак сүйүүгө күйүп жандым.
Көөдөндөгү муш сыңары жүрөгүмдү,
махабаттын азабына чындап салдың.

Билгени махабаттын мындай дартын,
болбостур мамилеси мага салкын.
Жыйып койсо алмашкыс экендигиң,
салмагыңа тең келээр чылгый алтын.

Ооба ! Ооба ! Керек эмес чылгый алтын.
Алтындан да кымбат турат сенин наркың.
Тоодой алтын тыйынга да жарабастыр,
салыштырсам бала-чакам, сенин баркың.

## КЫЗЫМА

Таазим этип Кыргызымдын салтына,
жеткин кызым кайын журтуң баркына.
«Нарктуу жердин кызы экен»- дедиртип,
кызматыңдан жаккын кызым жалпыга.

Үй бүлөөңдүн биримдигин бийик тут,
ынтымактуу үй-бүлөөдө болоор кут.
Кайын журттун данакери болгунуң,
эл сыйлаган келин атка конгунуң.
Келечекте кыз чыгарып, бала үйлөп,
айлыңардын купулуна толгунуң.



## БЕРГИН ЭЛИМ ЧӨБӨРӨМӨ АК БАТА

Күн желеси бере баштап аптабын,
бүчүрлөрү ачылганда бак-шактын.
Келечекте чоң үмүткө бел байлап,
бул сүрөттө чөбөрөмү мен тарттым.

Кулук мезгил кийинкиге жол улап,
чөбөрөмө мен турамын бак сурап.
Кабыл болсун көпчүлүктүн батасы.
ушул балдар элим үчүн бек турат.

Бергин элим чөбөрөмө батаңды,
булар ондоор биз кетирген катаны.
Балким жасап эли үчүн зор кызмат,
болоор жигит чыгып журтка атагы.

## КЫЯМАТТЫК ЫРЫМСЫҢ

Капаланткам кээ бир учур турмушта,
калпты айта, шылтоо кылып жумушка.
Кечиримдүү болуп келдиң ар дайым,
кээ бир душман ортого от жагышса.

Кадырың зор, балдарыма энесиң.
Күнү-түнү айдап турмуш кемесин.
Канчалаган татаалдыкты эс менен,
кемтиги жок чечтиң түймө желесин.

Канышасы турмушумдун бир өзүң,
кубат мага жөлөк болоор мүнөзүң.
Кыйын кезең колуң даяр сунууга,
кейибестен билегиңди түрөсүң.

Кыяматтык менин бүтпөс ырымсың.
Көмүскөдө бирөө билбес сырымсың.
Кебелбеген тирек болоор турмушта,
күүсү жагым комузумдун кылысың.

## ШҮГҮР САГА

Ак көңүл, менин сүйгөн жароокерим.
Акылдуу жандан шайыр данакерим.
Айланамды канча сулуу курчабасын,
айтамын бактым жалгыз сен экениң.

Адашпагам көп сулуудан сени тандап,
артыңдан ээрчигемин дайым жандап.
Алпештеп багып-тилеп, бой жетилтип,
ата-энең койгон тура мага камдап.

Ай жүзүңдө элден ашык жанып чырак,
ар дайыма көпчүлүктүн көөнүн бурат.
Анекдот, күлкү-оюн сен жүргөн жер,
вйланаңдан кээси келет күлкү сурап.

Атайылап күлкү-анекдот курагандай,
айтышат го, «жүрөбүз- деп, уга албай».
Айылдап келип-кеткен эл да жыргайт,
айланада бирге жүргөн достор тургай.

Ачык айтам, менде жок эч бир санаа.
Алаа Таалам насип кылган сени мага.
Адаштырбай экөөбүздү эгиз кылган,
айта берем миң кайталап, шүгүр сага.



## АЛТЫН ТОЙ

Кадырымды бийик туттуң, арманым жок.
Калктын баары билип турат, жалганы жок.
Канча өтсөк да тайгак жол, тар кечүүдөн,
кайратымдан жазып-тайып калганым жок.

Кээ бирлердей оош-кыйыш болгонум жок.
Көңүл калаар, кээ бирчилеп ойронум жок.
Колдон келген урматыңды бийик туттум,
кадырыңды төмөн таштап койгонум жок.

Күтүүсүздөн арабызга салгандар чок,
күткөн ойлор, максатына жеткени жок.
Көңүл калып, жаман-жакшы айтышууга,
кээ бирлердей ушак-айың болгонуң жок.

Кудай берип кем ырыскы болгонум жок,
келди-кетти, дос-жардан кемчилдик жок.
Көңүлүлүмдө уюп келет жакшы бир ой,
келээр жылда өткөрсөк деп “Алтын той”.

## АЖЫРАТПА ЖАРАТКАН

Сүйүү менен түн узата, таң аткан.
Убакытты сезбей өтүп бараткан.
Уламыш го азыр айтсам жаштарга,
биз кечирген студенттик тараптан.

Дилдер таза, алыс жаман адаттан,
жүрөк сүйүп сулууларга жанашкан.
Чанып койсо ошол сулуу сүйүүңдү,
кутулбайсың «сүйүү» деген азаптан.

Кыял кургур сулууларды саматкан,
назик сезим, бүт эркинди караткан.
Буйруганын тагдыр насип көрсөтүп,
бир сулууга кошуп койду Жараткан.

Максаттар күч бийиктерди саматкан,
жетишүүгө жакшы кызмат тараптан.
Бирок турмуш болот тура ар башка,
сурабастан чечип жатты Жараткан.

Түз жолунда эл катары баратсаң,
тагдыр түртөт тескери жол адашкан.
Ташың кулап тээ төмөнкү коктуга,
турмуш өтөт эч кутулбай азаптан.

Жашоодобуз, баары бала тараптан,
кабак-кашын келиниңдин караткан.
Карыганда үзүр ушул турбайбы,
кемпиримден ажыратпа Жараткан.

## ИЗДЕП БАРАТ

Ардагым, ааламда жок асыл адам,
айдай жүзүң элестетип ойго батам.
Айласыздан апакем шыпаа таппай,
алтымыш бир жашында ажал алган.

Андан бери чейрек кылым өтсө дагы,
алтымыштын жетисинде жаш курагы.
Айланайын жаным апам, балаңыз мен,
ар күн келет сизди ойлоп мага кайгы.

Ажарыңар эстен кетпейт бүт эсимде,
атам экөөң жашайсыңар сезимимде.



Аттиңай, айласыздан арман кылам,
алпештөөгө жарабагам жаш кезимде.

Азыр менде неберелер, чөбөрөлөр,
«Ата»- дешип айланамда мени жөлөөр.
Ажайыбы бул жалгандын ушул тура,
ата-энеге бала-чакаң жөлөк болоор.

Ала салып мерез мезгил өтүп барат,
алпештеген эрке балаң карып барат.
Ажал жетсе Жаратканым буйруган күн,
артыңардан жаман балаң издеп барат.

## ӨЗҮМӨ СУРОО

Ата-энем көңүлүн таптымбы?
Алпештеп аларды бактымбы?
Акыркы сапарга узатып,
аябай санаага баттымбы?

Кээ учур адашпай жолумдан,
кадырлап жарымды сүйдүмбү?
Канчалык ал мени сыйлаарын,
көңүлгө бекемдеп түйдүмбү?

Аймончок балдарды таптымбы?
Кем кылбай аларды бактымбы?
Кадырым сездирип балдарга,
атамдан артыкча жактымбы?

Кантип мен өткөрдүм өмүрдү?
Калтырып кимдерге көңүлдү?
Кыйналган туңгуюк жолдордо,
канчалык кармадым өзүмдү?

...Канчалык ортодон жыл өттү?
Карылык жакындап жүдөттү.
Моюнга дагы эле алгым жок,
картайтпай көңүлдү, жүрөктү.

## АТА-ЭНЕ

Жакшы перзент ата-энеге табылга,
жамаат менен эл журтуна казына.
Жеңилдетип оош-кыйыш күндөрүн,
жолун тосот, күч келсе да жанына.

Жакшы чыкса ата-эненин баласы,
жалтаңдабай, өткүр болсо чамасы.
Жыйындарда төрдү ээлеп дайыма,
жалпы журтта барктуу болот атасы.

Жаман перзент ата-эненин жазасы,
жаамы журтта ичтен чыккан аласы.
Жамандыгы тез-тез чыгып, эл тажап,
жат душмандын канып турат табасы.

Жер көз болуп, баш көтөрбөй атасы,
жашын төгүп, кетип турат чамасы.
Жаратканга миң бир ирет жалынат,
жаткан сымал болуп анын жазасы.

Жаш балдарга муну айткан себебим:
«Жаш кезинден тарбия ал»-дегеним.
Жармашпастан күнү-түнү «соткага»,
Жаратқандын эстей жүргүн белегин.

Жаратқандын белеги бул ата-эне,
жан аябай жакшы көрөт бат эле.
Жаман атка консоң деле «ботом»- деп,
жанын үрөп сүйө берет дагы эле.



## КЫЗ БАЛА ЫЙЫК

Кыргызда кыз баланын орду ыйык.
Кыз баланы кырк жерден келет тыйып.
Кыз балага ата-энеден каалоо-тилек,
«кадырын тутунса- дейт, ордун билип».

Жашоомдо мен мактанам ырысыма,
жоодураган төрт сулуу жылдызыма.
Жаратканым телегейим тегиз кылган,
жакамдагы жарашыктуу кундузума.

Бири калбай чоң аталап абал сурап,
баары удаа бойго жетип, тегиз курак.
Билимдерин улашып мектептен соң,
Бишкекте экөө, а экөөсү Ошто турат.

Мен үчүн силердин барың сыймык,
максаттарым силер үчүн өтө бийик.
Мени аяп Жаратканым өмүр берсе,
мейли эле узата алсам бата кылып.

## ЧӨБӨРӨМӨ КАТ

Бир учурда болгом сендей наристе,
балдай таттуу, ата-энеме periште.
Бажырайып шаңга бөлөп үйлөрүн,
бөлөнгөмүн Кыргыз арча бешикте.

Кайран атам «дары тура деми»- деп,
кээ бир учур эстеп жүрөк эзилет.
Кучагына боюм таштап эркелөөм,
кечээ гана болгон өңдүү сезилет.

Күн артынан чубалып күндөр өтүп,
көрчү балам, кубат кетти сага өтүп.
Кара чачым аппак болуп бубактай,
көздүн нуру калбай барат чырактай.

Кол алдымда олтурасың чөбөрөм,
келечегим, улай турган үй бүлөм.
Тукум улап менден калаар урпагым,
көз жумулса сала турган турпагын.

Бир мезгилде сен да баба болоорсуң,
аталардын баскан жолун жолдойсуң.
«Байкуш бабам эркелетчүү мени»- деп,
балдарыңа айтып, мендей ойлоорсуң.

## КУЛАК КАГЫШ

Эл-журтка ишеничим актаарымсың,
эртели-кеч абалымды тактаарымсың.
Эл алдында башымды бийик тутуп,
элге дайым сыймыктана мактаарымсың.

Көз тийбесин, ыйык туткан тумарымсың,
келечекке куруп койгон мунарымсың.
Капыстан кайра кайтпас жолго аттансам,
кадырымды бийик тутуп тураарымсың.

Бул жалганда менин жолум улаарымсың,
бүтпөй калган курулушум кураарымсың.
«Байкуш атам, эмне мынча шаштыңыз?»- деп,
башым жөлөп акыркы саат тураарымсың.



Жарк этип жарык чачкан чырагымсың,
жетилип келе жаткан чынарымсың.
Жылтыраган көздүн нуру өчкөн кезде,
Жараткандан бейишимди сураарымсың.

Жаш өткөндө тилек кылат ар ата-эне
Жашоого тоймок беле байкуш пенде?
Жаратканга жалбарып сурап, тилейт,
жашоо бүтсө, өлүмдүн да агын берсе.

## БИРГЕ БОЛСОК

Оош-кыйыш мезгилдерге күбө болуп,
жалгыз баш, алты үй толо бүлө болдук.
Алтымыштын алтысынан ашсак дагы,
ниет кылам сексен доорун сүрмөк болуп.

Шүгүр айтам, жанымда бар өмүр шерик,
ал бар үчүн жүрөм дайым төшүм керип.
Айланчыктап жанымдан алыс кетпей,
жаш баладай бапестеген, чайын берип.

Жараткандан тилегеним бирге болсок,
сексенгеби же токсонбу чогуу толсок.
Таттуусун перзенттердин бирге татып,
ажырабай бейиш бакка бирге консок.

## КАЙНЕНЕ

Кыргыз неге башка улутту туурайбыз,
урмат-сыйын кайнененин кылбайбыз.
Өз энеңден ашса-ашаттыр, кем калбас,
билип туруп, анда неге сындайбыз?

Кайненеге анекдоттор жаратып,
ушак-айың, кордоо сөздөр таратып.
Ар дайыма аны душман көрөбүз,
көрдөн алып, көргө салып ыйлатып.

Эрегишпе кайненеңе ээлигип,
басынтпагын ал адамды жээлигип.
Ойлонуп көр, мүмкүн күнөө өзүңдө,
кеткендирсиң, мал-дүйнөгө берилип.

Кайненеңдин сыйын койгун жайына,
дайым кара, ал адамдын алына.
Аны сыйлап өз апаңдан артыкча,
аракет кыл, ак батасын алууга.

Эгер билсең, ал жарыңдын апасы,
дайым бүлөң, анын ою-санаасы.
Тилектери, ниеттери ак болот,
ар заманда тийип турар батаасы.

## ЖЕҢЕЛЕР

Кырк түркүндүү кылыгы бар жеңелер,
наздуу келин, эртең тайне-энелер.
Туткаларын бекем кармап турмуштун.
бүт үй бүлөң ай-асманга теңелээр.



Акыл-эстүү, сөзү барктуу жеңелер,
бир уруунун акылына тең келээр.
Баш-көз дайым, жаманбы же жакшыда,
Кыргыздагы салт-санааны так билээр.

Биз бала кез, бир чоң энем тактачуу,
бир уруунун иштерин бүт баштачуу.
Ар бир иште акыл салып дайыма,
бүт уруубуз «чоң энем»- деп, барктачуу.

Ийге салып, терс жолдорго түшкөндү,
жараштырып канча ойрон үйлөрдү.
Баскан-турган, айткан кеби омоктуу,
той-аштарды башкарганы үнөмдүү.

Азыр барбы, ушул өңдүү жеңелер,
ургаачылар, эл башчыга тең келээр?
Кыргыз салтын, аял баркын көтөрүп,
азыркынын кыздарына дем берээр?

## КЕЛИН

Келин менен кайнененин зубаласы бир болот.
Эгер келин жакшы болсо үй бүлөгө кут толот.
Тил табышып, эриш-аркак ынтымагың оожалып,
Очор-бачар, каттам үзбөй, неберелер топтолот.

Дасторкону кенен болот, ар дайыма жайылып,
жылуу-жумшак төшөк даяр, кайын журтка салынып.
Эгер болсо, ар бир келин жогору мен айткандай,
көшөгөсү көгөрбөйбү, өпкө-жүрөк чабылып.

Бир туугандык, коңшу менен жылуу болот мамиле.
Ушак-айың, суук сөздөр аралабайт деги эле.
Кирди-чыкты, меймандостук алакасы уланып,
калк ичинде кадыры өсөт, келиниңдин тез эле.

## КАЙНАТАҢ ДА ӨЗ АТАҢ

Көп жолу алгам кайнатамдын батасын,
бир топ уккам зарыл турмуш насаатын.
Кабыл болуп мээрим, алкоо, батасы,
оңдоп келем кээде турмуш катасын.

Жаштык кылып, сезбей анын санаасын,
турмуш курган бизге бакыт каалашын.
Келме кезек, кайнатамын азыр мен,
эстейм дайым анын жакшы сапатын.

Өз атамдан кем болбочу мээрими,
тез-тез болчу биздин үйгө келими.
Анча-мынча кайненемден жашырып,
«Ал балам»- деп, жөлөк болчу берими.

«Жаңы орозгер, үй бүлөсүң»- балам деп,
турмуш жолдон салаар эле узак кеп.
Балдарымды багып калып карашчуу,
биз эс алчуу убакыттын камын жеп.

Кайнатаң да кадимки эле өз ата,
«Болбойт»- десең анда болоор чоң ката.
Жакшы көргөн таятасы балдардын,
небере үчүн жанын чабат садага.

Күтө албады, бизден болгон үзүрдү,
көрбөй кетти биздин турмуш түзүмдү.



Азыр мына, бактап-шактап өсүшкөн,
тилек кылчуу биздин үйдүн түзүмү.

Чын ниеттен бата кылам күн сайын,
сыйлап келем кайнатамдын арбайын.
Күйөө балдар чайлашканда кеп салам,
кай даража, ал кишинин салмагын.

## ЫЙЫК ДОСУМ

Тосмо бузуп, кирген суудай көбүктөнүп,
колум созуп бийиктерден үмүттөнүп.
Жаштык кезим өткөн тура дарыядай,
жашоого мас, тизгинсиз күлүк болуп.

Баары дос, бар кезинде баары досум,
ойдо жок, көңүлүлүмдө жаман жосун.
Сезесиң тайып, кокус мүдүрүлсөң,
ким сага амал-дүйнө, чыны досуң?

Аласын пенделердин сезбей, туйбай,
жакшылап ой токтотуп, көңүл бурбай.
Качан гана котур ташы билингенде,
арман кылып каласың, жүрөк муздай.

Өмүрдүн күлгүн кези, жазы, жайы,
акылга толуп турган күздүн айы.
Гулүндөн акырындап көрк да кетип,
келет тура качсаң да кышкы маалы.

Кеп уладым, сөз учугу сөздөн чыгып,
азыр мына, калган учур иштен чыгып.
Дос-жардын каттамы да азайгансып,
олтурам үйдөн чыкпай, тынып, бугуп.

Бир Ташполот он бешке жеткен учур.
Чынар болуп артымдагы канча бүчүр.
Текке кетпей бул өмүрдө баскан жолум,
өмүрүмдөн көрүп жатам береке-үзүр.

Жаманымды жашырып, билдирбестен,
жаман сөзүн эч кимдин тийдирбестен.
Мээрим төгүп ар күнү жаш баладай,
эргүүмө маани берип, бүлдүрбөстөн.

Бул сөзүмдүн акыр - аяк, жыйынтыгын,
жандай достун айткым келди сылыктыгын.
Бала-чакам, дос- туугандар өз жолунда,
жандай досум-байбичемдин ыйыктыгын...

Кулагына ар бир жаштын күмүш сырга,
колдон келсе өз жарыңды азыр сыйла.
Келээрсиң ашып-шашып өмүр күзгө,
болбойт тура жардан артык өмүр күздө.

## “2+АЛТЫ” ЖАШТАСЫҢ

Буудай ыраң өтө шайыр кыз элең,
бул турмуштун оңу-солун биле элек.
Жүрөгүмдү багындырган наз элең,
айланаңа сунуп дайым ыр белек.

Ал мезгилде таң калышкан айлана,
турмуш курсак он тогузда жай гана.
Кол кармашып, жетелешип өтчүүбүз,
ушак кылчу топтолушкан жайдан да.

Кандай турмуш алдыбызда белгисиз,
«ойноп-күлүп жашайбыз го»- дечүүбүз.



Ошол мезгил ой-кыялга келбептир,
ушунчалык татаалдыгын кечүүбүз.

Өмүр дайра, канча өйдө-ылдый акпадык,
кээде жактык, а кээ бир кез жакпадык.
Ошентсе да дил оорутпай сыйлашып,
Өмүр шерик, бир-бирибизди сатпадык.

Мына бүгүн “эки + алты” жаштасың,
кырк сегиз жыл болду сени тапканым.
Бакыт сундуң, бала сундуң, сый сундуң,
мен ыраазы, мактоо сөзүм актадың.

Бейкут турмуш, таттуу өмүр жашадык,
азыр турат карылык доор башталып.
Жаштар үчүн акыл-насаат сөз айтып,
Жаратканга шүгүр айтып жашайлык.

## ҮЙ БҮЛӨМДҮН КҮЗГҮСҮ

Өмүр чиркин өтүптүр октой болуп,
өктөмдүгү жаштыктын чоктой болуп.
Өзгөчө бир жарытылуу иш жасабай,
өзгөлөргө өрнөк болоор сабак болуп.

Жалбырттаган жаштык кез узаса да,
жакшынакай үмүттөр көп али алдыда.
Жакшылыгын балдардын көрсөк ошол,
жаштыгыбыз кайтып берген үзүрү да.

Турмуш жүгүн дайыма бир көтөрдүң,
кыйын кезең дайым сага жөлөндүм.
Жаш өткөндө кадимки эле апамдай,
жылуу-жумшак мээримиңе бөлөндүм.

Үй-бүлөөмдүн чагылдыраар күзгүсү.
Кыздарыма жашоо - турмуш үлгүсү.
Жарык берчүү түндүгүмдү көтөргөн,
мен бүткөргөн жакшылыктын уңгусу.

## ЧӨБӨРӨМӨ ҮЧ СУРОО

Бабаң баскан из менен, басасыңбы жан балам?
«Адашкан жолдо болгон»- деп, чанасыңбы жан балам?
Мүмкүн заман оңолуп, Кыргыз журтум торолуп,
жылдыз болуп жериңе, жанасыңбы жан балам?

Бабаң кийген ак калпак, кийесиңби жан балам?
Кийимдерин жат элдин, илесиңби жан балам?
Салт-санаа чыгып эсинден, үрп-адаты кетилген.
Ата мурас Кыргыз тил болоор бекен бекилген?

Бабаң сүйгөн эл-жерди, сүйөсүңбү жан балам?
«Айырмасы кайсыл?»- деп, күлөсүңбү жан балам?
Ажыратпай баарысын, тепсеп Кыргыз намысын,
айланып араб чалышка, жүрөсүңбү жан балам?

## УЛАНАТ БИЗДИН ТАРЫХ

Ар күнү турмуш жүгүн тартып эчен,
арнагам, бүт өмүрүм сарптап келем.
Адамзат жаралгандан ушул түйшүк,
ата-эне үчүн өтө ыйык милдет белем?

Аткарылса менин максат тилектерим,
араңардан чыкса деген зиректерим.
Ардакталып, эл оозунда “Азамат”-деп,
айтылсаңар мен ошону тилеп келем.



Мен кам көрөм, күндүзбү же түнкүсү,
мага кымбат үй бүлөмдүн күлкүсү.
Жашооңордун бийик болсо деңгээли,
ушул болоор мээнетимдин күзгүсү.

Убакыт зымырык куш, доор алмашып,
чоң аталар, бабалар көбү узашып.
Небере, чөбөрөлөр барсыңарбы?
Силер барда биз да барбыз,
уланат силер менен биздин тарых.

## ТАРЖЫМАЛЫҢ-БАЯНЫҢ

Турмуш сага дареги жок, кыйын жол.
Сен күтпөгөн калпыс жерден жаят тор.
Турмуш кээде тар учурда тайдырып,
темтеңдетип жол таптырбай кылат кор.

Турмуш сага дайым талаш кураарың.
Жол көрсөтүп, акыл айтаар мугалим,
Турмуш сынчы оош-кыйыш жолдордо,
сени сынап, туура баалап тураарың.

Көрө билсең жамандыкты, жакшыны,
кече билсең кайгы менен бактыны.
Канаат менен өжөрлөнүп жеңгенге,
кайрат кылсаң минесиң сен тактыны.

Турмуш сенин таржымалың-баяның,
эч ким билбейт бул жолдун так аягын.
«Турмуш» деген таштуу жолду басып өт,
аягы ошол, бир өмүрлүк баяның.

## НЕБЕРЕЛЕРИМЕ ТИЛЕГИМ

Келечегим, менин бийик чынарларым.
Көкүрөктө медер туткан тумарларым.
Эл-журт аман, арасында силер аман,
ынтымакты Жаратканым берсин дайым.

Бек болсун дайым баскан кадамдарың.
Аман болсун жакшы көргөн адамдарың.
Ден соолукта аман болуп, эр жетилип,
ырыс-кешик, оомат берсин Жаратканым.

Максатыңар тоолорумдай бийик болсун.
Ниетиңер тоо суусундай тунук болсун.
Тилек кылган максат-ниет орундалып,
Жаратканда эч үзүлбөс колдоо болсун.

Оомин!Оомин!Кайра-кайра «Оомин!»- деймин,
бактыңарды миң бир ирет мен тилеймин.
Жакшылыгың, жалаң гана жакшылыгың,
Оо Жараткан! Бул жалганда мен билейин.

## ЖАЗА АЛБАЙМЫН

Жаза албаймын көңүлдүн азаптарын,
өгөйлөгөн энелердин казаптарын.
Жаратканга тообо кылам, өгөй эне,
сезбегенге жүрөгүмдү канатканын.

Көрө албаймын жетимдин көзү менен,
сүйлөй албайм алардын сөзү менен.
Себеби мен эң бактылуу өскөн экем,
эркелеп ата-энемдин өзү менен.



Элүү жашым өткөн экен кемтиги жок,
үй-тирилик, балдар үчүн көңүлүм ток.
Баарысын атам байкуш ойлончу экен,
жашаптырмын эч кимге бересем жок.

Көргөнүмдүн баарысы эле турат эсте.
Уккандарым бүт жаңырып бала кезде.
Ата-энемдин мээримдүү ар бир сөзүн,
кайталаймын небереме ушул кезде.

## КУБАНЫЧТЫН КӨЗ ЖАШЫ

Жакшылыкка ар пенденин ниети бар,
Жаратканда сурап күткөн тилеги бар.
Тилектин чоңу болбойт, кичүүсү жок.
Ар бир тилек, орундалса көңүл улаар.

Менин да зарлап күткөн тилегим бар.
Өмүрүмө өмүр кошоор мүрөгү бар.
Мына бүгүн ошол тилек орундалып,
кубаныч тартуу болду, жашым кургаар.

Жаман ойлор, санаалар жанга батып,
жылдар өттү, санаанын уусун татып,
өмүрүмдүн кыйрагансып бүт тиреги,
ойлондуруп неберемдин келечеги.

Биринчиден Жаратканды эми болуп,
Новосибирск доктурлары себеп болуп.
Сегиз жашар сүймөнчүк неберемдин,
көзү ачылды дүйнө жүзү жарык болуп.

Мен ыраазы, аалам ээси Жаратканга,
мээрим төгүп, бул ааламды жарыткaнга.

Пендесинин тилектерин кабыл этип,
чоң-кичүүбү, суранышса зарыкканда.

Жазып жатам бул ырды, тамып жашым,
күч жетпей сүртүү үчүн бакыт жашын.
Бактылуумун, мен өзгөчө бактылуумун,
миң айтсам да сезип-туям сөзүм азын.

## КОШУНАЛАР

Жанга жакын үйүмдөгү кошуналар,
жакшы көңүл, ала топу ашыналар.
Жанымда туугандарым болбосо да,
жакшы болсо бир жашаган кошуналар.

Көп жыл бирге жашаган кошуналар,
колу төштө, дайым "лаппай"ашыналар.
Колумдагы жумушумду ала коюп,
кол кабышын аябаган кошуналар.

Чарчагансып келе жатсаң бутту сүйрөп:
"Чой ичамиз, үйга киринг, чойлар таяр".
Чарчашпайт, теригишпейт, кирбесем да,
чакырышат колу төштө, дайым даяр.

Кошуналар, мен сыйлаган кошуналар!
Каны башка, дили жакын ашыналар!
Кокустан сааты келип көз жумулса,
келме айтып, узатышып, ээгим таңаар.



## КУБАТЫМ БАР

Байлык жыйдым насибиме бергенче,
үстөл миндим, эс-акылым жеткенче.
Урпак көрдүм бир-биринен татымдуу,
баба болдум, ушул жашка келгенче.

Кадыр таптым эли-журтум билгенче,
Атка кондум, "Азаматсың!" делгенче.
Эл кызматын абийир менен аткардым,
алтымыштын жетисине келгенче.

Көнгүм келбейт бекер нанды жегенге,
кубатым бар, иштеп таап келгенге.
Үлгү болом жаштар үчүн иш менен,
Жаратканга, чымын жанды бергенче.

## БАЛАЛЫГЫМ

Бара алсам балалыкка кайрадан,
чатак салып, «момпосуй»- деп, ыйлаган.
Оюн куруп тентектигим ченде жок,
кечке издетип ата-энемди кыйнаган.

Талаа безип, үйгө олтуруп тынбаган.
Жаман ой жок, арамдыкты туйбаган.
Азыр ыйлап, беш мүнөттө соорунуп,
көңүл калуу, эч жүрөкө сыйбаган.

Келсе гана балалык кез жайнаган,
ата-энени, мугалимди сыйлаган.
Мал-мүлк эмес кара жаның аябай,
бир тууганды, өскөн жерди кыйбаган.

## ТИЛЕК

Жараткан мага берген акылыңдан,
ажыратпа мен сыйлаган жакынымдан.
Айланама кучак толо ынтымак бер,
иргеп салып адамзаттын бакылынан.

Сактагын каар заман өктөмүнөн,
согуштан, ажал отун төккөнүнөн.
Насибине бала-чакам, урпактардын,
аябагын жакшы заман, көктөмүңөн.

Алыс кылгын ачкөздөрдүн байлыгынан,
чыры бүтпөс кокус келген сыйлыгыңдан.
Адал оокат, бир сындырым наның артык,
душманы көп ат башындай алтыныңдан.

Оорусам шыпаасы бар ооруу бергин,
кечиргин пенделечилик, бардыр кемим.
Пендеңмин кыйналганда жардам күтөм,
эш тутуп, ыйык тутуп сенин демиң.

## ӨМҮР ШЕРИК

Жүрөгүмдүн тээ төрүнөн орун берип,
жаштык кез өткөн тура төшүм керип.
Жакшы-жаман мендеги дүйнөм түгөл,
жанымда болуп дайым өзүң шерик.

Байкатпастан өмүрдүн да күзү келип,
баса албай жаш кезимдей төштү керип.
Бала-чака өз жолунда жашап жатат,
биргелешип өстүргөн таалим берип.



Жаш кезде ойлонбопмун маани берип,
жалгыз жарың калат десе өмүр шерик.
Жаш өткөндө миң ыраазы болом азыр,
жалгыз өзү калганына мээрим берип.

Калды азыр мен мактаган ошол шерик,
күндө ээрчишип, соолугума баа берип.
Көңүл бөлүп бассам-турсам алым сурап,
качанкы бир өткөн жаштык эске келип.

## БИР ӨЗҮҢСҮҢ

Тагдырыма Кудай кошкон түгөйүмсүң,
чарчаганда эс алдыраар түнөгүмсүң.
Бул өмүрдө армансыз жашоо үчүн,
энчиленип бир берилген чүрөгүмсүң.

Жакшы ниет, максатташ, тилегимсиң,
кыйын кезде жөлөк болоор тирегимсиң.
Бул жашоодо ырыскымды тең бөлүшөөр,
Дасторкондош, жаздыкташ түгөйүмсүң.

Көкүрөктө согуп турган жүрөгүмсүң,
өмүрүмө кубат берээр мүрөгүмсүң.
Балдар менен кубанычым тең бөлүшүп,
картайганча бирге өмүр сүрөөрүмсүң.

Сапарыбыз карып барат барган сайын,
өмүрлөшүм бактыма бар бол дайым.
Жараткандан күн сайын тилек кылам,
бир өзүңдөн башкага калтырбашын.

## КҮЗГҮ БАКТА

Өмүр күзү мезгил күзгө алмашып,
кетти жаш кез, тээ алыска кыр ашып.
Өткөн жаштык кезибизден кеп салып,
бара жаттык күзгү бакта жандашып.

Бүт өмүрүм санааларым сыр катып,
наалыбадым, дил оорутаар сөз айтып.
Бири-бирин сыйлашуунун мөмөсүн,
бараткансыйм азыр дагы бир татып.

Биргеликте турмуш жолун бир басып,
адашпадык, калбадык жол талашып.
Басып өттүк эчен турмуш ашуусун,
сен да мага, мен өзүңө ыкташып.

## АСЫЛ ЖАРЫМ

Бул жашоодо жөлөгүмсүң асыл жарым,
өмүр шерик дем-күчүмсүң, жүрөк дарым.
Көрбөй калсам бир-эки күн караанынды,
жаш баладай жоктоп сени сагынамын.

Жумушумдан ар күн үйгө шашыламын,
жылуулугуң эңсеп келем асыл жарым.
«Биздин үйдүн бактысына аман кыл»- деп,
ар күн таңдан Жаратканга жалынамын.

Окшобостур аялзаты сенден бөлөк,
таба албастыр жүрөгүмдөн башка түнөк.
Ойлонбостон берээр элем жүрөгүмдү,
бир өзүңө дары болсо менден жүрөк.



Өзүңө арнап ырларымды жаза берем,
ыр дүйнөнүн берметтерин каза берем.
Поэзия дүйнөсүндө талыкпастан,
эне жана аял баркын даңктай берем.

## ЖӨЛӨГҮМ

Жөлөгүм, кубанычым, алган жарым,
бир жүргөнүң мен үчүн майрам дайым.
Жаратканым берекелүү өмүр берсин,
ой байбичем, мага койгун калган жагын.

Бакыт жолуң дайыма кенен болсун,
бактылуу күндөрүбүз терең болсун.
Балдардын бактысына аман жүрсөк,
өзүңдү барктап алуу менден болсун

Ынтымактар бекем болсо арабызда,
жамандыкты бирге жеңип алабыз да.
Чөбөрөдөн той-тамаша насип кылса,
биз бакытты ошолордон табабыз да.

## ӨМҮРҮМДҮН ДАРЫСЫ

Жаш кезимден тапканым,
айтып бүткүс дастаным.
Көңүлүм таап дайыма,
дилиме майдай жакканым.

Жакшы көрөм жамалың,
жаркылдап дайым кабагың.
Жан дүйнөң сенин таптаза,
дилиңдей жапжаш баланын.

Жалпыга жакшы санаалаш,
жүргөнүң күлкү аралаш,
көңүлүн элдин көтөрүп,
куйкум сөз айтып «каралаш».

Жашыбы же карысы,
жактырып угат баарысы.
Сен берген күлкү жалпыга,
болот го өмүр дарысы.

## БОЛБОС КЕМИМ

Жаш кезимде көрүшкөнүм,
өмүр шерик, көнүшкөнүм.
Оош-кыйыш турмушумда,
кыйын күндү бөлүшкөнүм.

Айга-күнгө болуп теңим,
«таянаар тоо, белим»- деймин.
Дайым жүргүн күлүп-жайнап,
айдай жарым болуп менин.

Өзүң барсың менин кеним,
ак көңүлүм, менин демим.
Оозур көрүп перзенттерден,
бир жашасак болбос кемим.



## ИЧТЕГИ АРМАН...

Арманды жазуудамын жашым төгүп,
сиздердин майрам күнү көңүл чөгүп.
Бүгүнкү күн сиздердин майрам экен,
кеч болсо да калаар ырым белек болуп.

Буулугам ичте толгон арманыма,
алтын апам эрте сапар алганыңа.
Эсим таап мээримиңди сезе элек,
элесиң жап-жаш бойдон калганына.

Алтымышта айыкпас оору тооруп,
айласыздан кеттиңиз гүлдөй соолуп.
Апакебай кулунуңду кечире көр,
арзыбапмын мээримиңе уул болуп.

Андан бери эчендеген жылдар өттү,
аздектеген атабыз да сизге кетти.
«Алдей» айтып уктатчуу жаман уулуң,
жетимиштин кырына келип жетти.

Азыр мен баба болгом алтын апам,
а сиз үчүн бала бойдон эсте калгам.
Алдыңызга апам ай, барган кезде,
айтаармын арманымды ичте калган.

## АТТИҢ АЙ!

Теңдешсиз энелердин сулуулугу,
сактоочусу, коломтонун жылуулугу.
Өмүр берип, тукум улап адамзатка,
таазим этээр, жаратуучу улуулугу.

Тазалап айланасын, тамын-ташын,
даярдап үй оокатын, берээр ашын.
Кечиксе перзентинен бирөө-жарым,
эне күтөт жаздыкка койбой башын.

Күнү-түнү көп ойлонуп бала камын,
карч уруп, аябастан кара жанын.
Бүт жаштыгын, өмүрүн арнап койгон,
балдар жана неберелер бактысы анын.

Көзү барда толук билбей апа баркын,
өз балдарым, жарым болуп эси дартым.
Мына азыр чеберелүү болгон кезде,
аттиңай, эми сездим апам баркын.

## ЭНЕ УЛУКМАН

Дүйнөнү түркүк сымал кармап турган.
«Дайыма тынчтыкка»- деп, үндөп бурган.
Дем берип эч түгөнгүс мээрим төгүп,
даражасы өтө бийик - Эне улукман.

«Эне» деген адамзаттын бак-таалайы,
өмүрлөрү өлчөнбөгөн жаш курагы.
Кайда жүрсө дайыма жанып турган,
маяк сымал чакыруучу шам чырагы.



Дүйнө башы - Энелигин кимдер танган?
Өмүр бою ырлар жазып, күүгө салган.
Уйкусуз перзенти үчүн канча түндөр,
кана айтчы, кимиңердин эсте калган?

Аптапта дайым турат салкын чачып,
бороондо үшүтпөстөн илеп жагып.
Баласы канча болсо oорду башка,
эне байкуш жүрөгүндө тумар тагып.

## ЧӨБӨРӨМӨ КАТ

Ар күн үзбөй абалымды сураарым.
Арка белим, жөлөп-таяп тураарым.
Адамдыктын бийик наркын туу тутуп,
ар-намыстуу баба жолун улаарым.

Көкүрөктө ыйык туткан тумарым.
Көөдөн толо жыттап канбас кумарым.
Келечекте учугумду узартып,
кенен жаяр тамырымды чынарым.

Атым сактап урпагымды улаарым,
ата журттан түтүнүмдү булаарым.
Ата-баба арбайына багыштап,
аруу тилек бейиш жайын сураарым.

Улуу Манас болсун дайым урааның!
Улуу өлкө болсун уулум, кураарың.
Түпкүлүгү миң жылдары түптөлгөн,
Улуу Кыргыз жашай берсин ылайым.

## БИЗДИН БАЛДАР

Балдарыбыз бул дүйнөнүн гүлдөрү.
Ак-карасы, сары түстүү, түрлөрү.
Дили таза, ак барактай тагы жок,
шаңдуу чыгып, күлкү менен үндөрү.

Таза көңүл, бар-жок менен иши жок,
болсо болду азыркыга курсак ток.
Кызыктырбайт үстүндөгү кийими,
булганабы, булганбайбы колу шок.

Болсо болду дайым жанда апасы,
эркелетсе кем көрүнчүү атасы.
Кызыгы жок ага башка дүйнөнүн,
болбойт анын башка менен чатагы.

## КАЛКЫҢ АЙТСЫН

Айланайын көзүмдүн ак-карасы,
чоң атаңдын жакшы көргөн баласы.
Ушунундан жазбай жүрсөң ээрчишип,
болбостур эч үй бүлөмдүн капасы.

Ичте болот кээ бир адам аласы,
ичи тардык анын болот жарасы.
Жаман көздөн, ушак сөздөн сактасын,
болбосун эч үй бүлөңөр талашы.

Сенден болбос чоң атаңдын санаасы,
канбасын эч душманымдын табаасы.
Жашооңо эл суктана сөз айтсын:
"Бали балам! Нак атанын баласы!"



Менден сага жалгыз тилек карачы,
мүмкүн калаар, менин ишим чаласы.
Калкың айтса;
"Баракелде!Атаңа чоң ыракмат!",
мына ошол бүткөн ишим чаласы.

## НЕБЕРЕЛЕРИМ ЭМИР МЕНЕН ТИМУРГА

Бүгүн мен эл алдында жүзүм жарык,
неберем Эмир, Тимур турат жанып.
Экөөсү тең мени бирдей кубандырды,
мелдештен эң алдыңкы байге алып.

Бул өмүрдүн ийри-буйру жолунда,
туш келесиң кээде мүшкүл торуна.
Ачуу эмес акылыңды дос кылсаң,
оомат менен бакыт келет соңунда.

Кайда жүрбө, кандай абал болбосун,
мокой көрбө, жеңилүүчү болбогун.
Көк беттенип алга карай жүрө бер,
тилеп-сурап Кудай жолуң оңдошун.

## ТУУЛГАН КҮНҮҢ КУТ БОЛСУН, ЭМИКЕ !

Куттук айтам жан балам,
кубаныч болсун айланаң.
Керилген жигит болуп өс,
карааным сенден айланам.

Кадырың өсүп калкыңда,
кызмат менен жаркылда.
Калтырбай окуп сабакты,
Казбек досту уят калтырба.

Келечек күтөт алдында,
кызыкпа акча, алтынга.
Кенчи болот бакыттын,
кемтиги болбос акылда.

Келет мезгил жетилип,
кемийт өмүр кетилип.
Керегин биле пайдалан,
келбейт өмүр кайрадан.

## ШИРИНИМ

Башкача мага дем берген,
бакытты сезем сен менен.
Бактылуу узун өмүр сүр,
бал тилдүү ширин неберем.

Орусча, Кыргыз, немисче,
үйрөнө бергин корейче.
Бирок дайым эске түй,
жаман сөз мага тийгизбе.

Эрмеги болгун атаңдын,
жөлөгү болуп апаңдын.
Бактылуу болгун, Айлиним,
жардамы тийип батамдын.



## ЖАКШЫ, ЖАМАН

Жакшынын жакшы жагын билгендер бар.
Жакшылыкты жүрөгүнө түйгөндөр бар.
Жакшылыкка жакшылыкча жооп берип,
жан дүйнөсү жакшы иште жүргөндөр бар.

Жакшылыкты жан дүйнөсү сүйгөндөр бар.
Жакшы ишке өмүр арнап жүргөндөр бар.
Жакшы жагын жайылтып эл -журтуна,
жөлөк болуп бирге өмүр сүргөндөр бар.

Жамандыкты кесип кылып жүргөндөр бар.
Жамаатынын жүрөктөрүн тилгендер бар.
Жамандыкты жакшылыкка душман кылып,
Жамандарды «жакшы»- деп, билгендер бар.

Жамандыкка көңүлүн бөлгөндөр бар.
Жамандардан сый-урмат көргөндөр бар.
Жүргөн жери такыр болуп, чөп чыкпастан,
Жан денесин тозокко көмгөндөр бар.

## БАЛ ААРЫ, ЧИРКЕЙ, ЧЫМЫН

Кээ бир адам кадимки эле аары болот,
нектар сымал жыйгандары даары болот.
Ак мээнеттин үзүрлөрүн балдай татып,
эч кеми жок турмуштары таттуу болот.

Эли сыйлап кадырлуу, барктуу болот.
Сөзү өтүмдүү, ар бир ою нарктуу болот.
Артындагы жаштарга жол көрсөтүп,
урпагы сыймыктанаар даңктуу болот.

Ар бир айткан сөзүнүн оорду болот,
маектешип олтурсаң купул толот.
Кулагыңа күмүш сырга биз үчүн,
уккан сөзүң сага-мага даары болот.

Кээ бирлери кан ичээр чиркей болот,
колтуктап бирге жүрүп каның сорот.
Көлөкөдө, жылуу жерде күн кечирип,
мээңди жеп түгөткөндө карды тоёт.

Ойлогону арыз менен кутум болот,
ар күн бузук жамаатына жаман ойлоп.
Канчасы инсульт алып, мээ чыңалып,
чыдабай жеңилүүгө мажбур болот.

Ушак ташып жаңжалдарга себеп болот,
«нервиңди» жеп түгөтүп, маашыр болот.
Жамаат тургай үй бүлөнү ажыратып,
былгытып ичти иритип, тирүү соёт.

Кайсы бири чымынга окшош болот.
Билесиңер, чымын орду кайда болот?
Таза жерди жактырбастан ар дайыма,
кирип чыкчуу ажаткана орду болот.

Оозу чирик, былык-чылык сөзү болот.
Жакшылыкты көрө албаган көзү болот.
Издегени жамандык, жаңжал - уруш,
оозданганы туулганда бузук болот.

Аңдыганы кошуна же дагы бири,
Кудай сакта, ушак менен чырдын пири.
Өзү кылбайт, кылганды көрө албастан,
оргуп чыгат көөдөндөгү арам кири.



Мени уксаң жаш балдарым, кеңеш берем:
«Жакшыларга шериктеш бол, жанаш»- деген.
Жамандардын пейли курсун алыс качып:
«Жолобо, шерик болбо алар менен».

Жакшылык да, жамандык да жерде жатпайт.
Жакшылыгың “Азамат”-деп, жонуң таптайт.
Жамандыгың унутпай жүр, кайра кайтып,
өзүң тургай балдарыңды селдей каптайт.

## КЕЧИРГИЛЕ

Мугалим-эжейлерим мээнети күч,
болгон экен биздерге көңүлдөр түз.
Кечиргиле мына азыр кеч болсо да,
көп учур кыйнаганбыз сиздерди биз.

Мына азыр бүт окуучуң өз алдыңда,
ар башка бул турмуштун сынагында.
Турмуш жолу аталган чоң сынактын,
өйдө-төмөн, оош-кыйыш жолдорунда.

Окуучунун үйдөн сыртта ата-энеси,
жылыйт го жакшы болсо өз чекеси.
Арабыздан чыгышса жакшы адамдар,
ушул болоор мээнетинин берекеси.

Кайрадан жүз-көрүшүп амандыкта,
акыл сурап келээрбиз кыйындыкта.
Ак жол тилеп бата бер балдарыңа,
таазим этем чыйыр жол салганыңа.

## ЖАКШЫ СӨЗҮН УГУП КАЛ

Ата-эне да бул дүйнөгө бир келет,
ар күн сайын эсендигиң миң тилеп.
Алды жакта канча өмүрү калганын,
Жараткандан башка дагы ким билет?

Ишиң шылтоо убакыт жок барганга,
кээде барып бир жол кабар алганга.
Ата-энеңден кымбат дагы кимиң бар,
айтчы балам, бир күнчөлүк жалганда?

Ата-энең зар, карааныңды көргөнгө,
шылтооң даяр ага убакыт бөлгөнгө.
Жок жерден да убакытты табасың,
дос-жар менен оюн-зоокто жүргөнгө.

Кеч болоттур, башка тагдыр салганда,
ата-энеңдер кайтпас жерге барганда.
Мал-дүнүйөң, кызматың да жарабайт,
ата-энеңди алмаштырып алганга.

Арман болоор, ушул өткөн күндөрүң,
миң элестеп ата-эненин үндөрүн.
Башың ташка урсаң дагы миң ирет,
кайталанбайт маек курчу түндөрүң.

Барып калсаң корстон болуп суйүнүп,
кайтканыңда бар тапканын түйүнүп.
Небересин кайра-кайра жытташып,
айланчыктап асты-үстүнө үйрүлүп.

Жөнө азыр, калбай кийин арманда.
Олтур, сүйлөш, чал көңүлүн алганга.



Көзү барда насаат сөзүн угуп кал,
түбөлүктүү эч ким турбайт жалганда.

Жөнө бачым, кечикпей тез жөнөп кал.
Бирге олтуруп, жакшы сөзүн угуп кал.
«Силерди»- деп, ак баш болгон атаңдын,
күмүш түстүү чачтарынан сүйүп кал.

## ӨМҮР - ДАЙРА

«Өмүр» деген, тоо суусундай аккан дайра,
ал дайраны агыза албайт эч ким артка.
Аракет көп, соодалашка Кудай менен,
акылдуулар, алхимиктер эчен-кайра.
Табышса жандырмагын табышмактын,
аз болсо да токтоор беле ушул дайра?

Ашып өтүп турмушта көп белестерден,
артка таштап тоскоолдукту эчен-эчен.
Аттуу-баштуу достор күттүм арзуу менен,
ак көңүлдүү, арамдык жок ичи кенен,
Айырмалап билбесем да жашап келем,
акылдашып тапкан-туткан акыл менен.

Агып келем "Өмүр" деген дайра менен,
ал дарыя кошулаар чын деңиз менен.
Алды жакта табышмактуу дүйнө күтөт,
адамзатка ачылбаган сырлар менен.
"Акырет"-дейт, ал деңизди койну кенен,
ажалдуунун миң жылдап баары сиңген.

## ЭКИ ТАГДЫР БАЯНЫ

*(Поэма)*

Жаздын айы, март айынын аягы,
көчөт тигүү маалы келди сыягы.
«Бала-чака өрүк даамын татаар»- деп,
каарманым бак тигүүнү самады.

Кош өрүктү сатып келип базардан,
ой-максатта, тилек кыла тазарган.
Көңдөн кошо эшик алды бапестеп,
кош өрүктү олтургузду азандан.

Өрүктө да тагдыр тура адамдай,
өтө берди ортолуктан үч жылдай.
Өчөшкөндөй ылаң тийип бирөөнө,
өспөй куурап отун болду курулай.

Жыл артынан көп жыл өтүп узады,
жалгыз өрүк боюн керип узарды.
Ар жыл сайын жай мезгили аягы,
көз суктана мөмөлөрү кызарды.

Өрүк ээси жүрөк-боору сөгүлүп,
өрүк сыңар бешене тер төгүлүп.
Өзү тургай кошунанын балдары,
өрүккө карк курсактары көбүрүп.

Байкуш адам кадимки эле өрүктөй,
бешене тер бала өстүрүп өксүтпөй.
Башын ийип өктөмүнө мезгилдин,
берип жатты өмүр саатын терикпей.

Мөмө тургай көлөкөсү көп тийип,
жазы-жайы жел бешигин аса илип.



Неберелер даамын татып чоңойду,
жалбырактын шуу-ырына бөлөнүп.

Бутак-шактан «шуудур» обон угулуп,
ага шайкеш бешик ыры кошулуп.
Үй ээсинин топ балдары өсүштү,
эр жетишип, жигит болуп чоңоюп.

Экөө бирдей баралына келгенде,
адам – өрүк, өз мөмөсүн бергенде.
Кайсы учур түгөөр күнүн билбеди,
Жаратканды өкүмүнө бергенге.

Мерез мезгил көргөзө өз өкчөөсүн,
тойдурууга Жер Эненин көксөөсүн.
Шагы куурап өрүгүнөн көрк кетип,
үй ээсине буйруп койду тумоосун.

Айыга албай өрүк ээси тумоодон,
үмүт калбай баштан өмүр улоодон.
Өмүрүнө турган менен суранып,
калбады анын бул өмүрү узарып.

Аптип-миптип ал арада жыл отту,
өлүк көмүү салт-санаасы жүдөттү.
Даярдана жылдык ашын бергенче,
балдар-кыздар отун жагып түгөттү.

Алыс-жууктан тууган-урук чогулуп,
аш берүүнүн жол жобосу болунуп.
Отундуктун кем-карчтыгын чечүүгө,
өрүк байкуш кетмек болду согулуп.

Отунчуну айылынан тандашып,
бир жигитти чакырышты, жалдашып.

Ал жигитке дагы бирин кошушту,
бутак-шагын туруу үчүн кармашып.

Жаркылдатып күн нуруна балтасын,
берүү үчүн карт өрүктүн "жазасын",
шымаланып жигит ишке киришти,
түрүп коюп билек менен жакасын.

Карт өрүктүн качып кетээр эби жок,
арачалаар аны тиккен киши жок.
Көлөкөлөп, мөмө берип өстүргөн,
балдар дагы эч капарсыз, иши жок.

Пенделердин кылаар иши ушу кеп,
«Ажалымдын жеткениби ушул?»- деп,
өрүк турду өткөн күнүн эскерип,
тил-оозу жок, эси кете убай жеп.

Карап көрүп өрүк учун чалкалап,
кайсыл тарап кулатууну чамалап.
Күрс-күрс эте кулатууга киришти,
аздектелген бал өрүктү балталап...

...Эки тагдыр, "адам-өрүк" окшошуп,
мезгил алды экөөсүн тең жоктотуп.
Жаратылдын зам-закүнү ушундай,
калбайсың эч убакытты токтотуп.

Жаралдыңбы? Кайра сөзсүз кетесиң,
эч ким билбейт канча жашка жетесиң?
Бул кара жер, күйдүрүп же чириткен,
жараткан соң кайра жутуп эчесин.

Сырдуу дүйнө бүт ааламды башкарып,
эсеп-чоттор жик-жигинен такталып.
Акыл жетпес сыйкырлары аркылуу,
бүт талкалап, кайра баштан жаратып.



## НООКАТ БАЗАРЫ

Жай мезгили барчылыгын мол берип,
базарларда мөмө-жемиш көп кирип.
Бакылдаган ызы-чуусу сооданын,
барчылыктан кабар берет жан кирип.

Жок нерсе жок, баары турат базарда,
сөзүм жетпейт, эмне барын жазаарга.
Жандуу-жансыз, жашоо үчүн керектүү,
тамак - ашка, жер иштетип казаарга.

Тамак-ашың чийкиси да бышыгы.
Кийим-кече ичкиси да тышкысы.
Басам-күтөм, ары басам-күтөмүн,
байбичемдин такыр келбей чыккысы.

Үстүдө аптап агызып май, терди да,
аябай бир азабымды берди да.
Колдо баштык, ичи толо аштыкка,
кетким келди, бир settings kezdegi жаштыкка.

## БИЗДИН КӨЧӨ
*(Баян)*

Өткөн кылым чаң көчө эле жүргөнүм,
балалыктын таттуу доорун сүргөмүн.
Капарымда кийинкимдин камы жок,
эртели кеч оюнда өтчүү күндөрүм.

Бир топ бала өзүм сындуу куракташ,
эч кири жок көңүл таза, ынакташ.
Бир сындырым нан тапсак да ортодо,
бөлүп жешип болоор элек табакташ.

Бир көчөдө айылчылап таш чыны.
Жүзгө чама, сыры кеткен, жок сыны.
Той-топурбу, өлүм-житим болгондо,
ташылгандан кетилген го бүт кыры.

Бүгүнкү күн чаң көчө жок бир карыш,
жашообузда бир топ болуп өзгөрүш.
Жолдор таза, бирок сезим чаң басып,
пейлибизде жаман болду төңкөрүш.

## КАРА-КОЙДУН БИР КҮНҮ

Кара-Кой тоонун абалы,
түш кезде ачык жамалы.
Түштөн бир азга ооган соң,
бүркөлүп баштайт кабагы.

Шамалы жүрөт даркырап,
мөңгүсү күнгө жаркырап.
Бир заматта Кара-Кой,
туманы каптап сурданат.

Шаштыңды алып шамалы,
көрүнбөй күндүн жамалы.
Ачуусу мага келгенсип,
түнөрө түшөт кабагы.

«Калдайга» жетип жөө туман,
көбөйүп барат бир замат.
Калдайып келсе сур булут,
боз басып калат айланаң.

Баштаса жамгыр дыбырап,
жаткансыйт дайра шыбырап.



Кайра эле чайыт, күн ачык,
жандуунун баары кыбырап.

Нөшөрү өтүп кеткен соң,
күндүн табы жеткен соң.
«Питомник»ичи куш сайрап,
угулат сонун түр обон.

Бийиктеп «Мазар» башылап,
качкан туман жашынат.
Өзгөрүп турат көп жолу,
бүркөлүп кайра ачылат.

Кыдырсаң «Мазар» тоо тарап,
жан жыргап көңүл ачылат.
Ташпишиң баары жоголуп,
жөө туман сыңар жашынат.

## КАРА-КОЮМ ЫЙЫГЫМ

Кара-Коюм муз кетпеген аскаларың,
кылымдардан кадырың элге дайын,
Арча-Мазар, Мундарчы, Дары-Булак,
ыйыктардын ыйыгы көп жайларың.

Кураганың, Шамшили, Буудайлыктар,
багып келген элимди көп кылымдар.
Тоо боорунда эски кендер, үңкүрлөрүң,
уламыштар катып келет эчен сырлар.

Чат-Көпүрө, андан ары «Питомнигиң»,
окумуштуу канчасы жактап илим.
Канчалаган четтен келген илимпоздор,
үйрөнүшкөн бир өзүңдөн токой пирин.

"Кыргыз - Ата» өлкө паркы аталып,
аткарылчуу иш пландар такталып.
Жаңы заман агымында кошо агып,
күндөн күнгө бара жатат даңкталып.

Кара-Коюм сен биз үчүн ыйыксың,
башка жерден миң мертебе улуксуң.
Урпактарга көркүң бузбай тапшырсак,
суктанышсын, биздей болуп сыйынсын.

## ЖЕРГЕБИЗДЕ СОНУН СЫНАК

Кыргыз-Ата айылымда болуп сынак,
"Шайыр" деген байбичелер оюн курап.
Эки-үч күндөп айыл шаңга бөлөндү го,
Кыргыздын салт-санаасын элим улап.

Мейман тосуп Токтогул, Өзгөнүмдөн,
таттуу даам, азык-оокат, жөргөмүнөн.
Кыл-кылдап ак дасторкон кенен жайып,
оюн көрдүк салт-санаанын өткөнүнөн.

Жөрөлгөнү биздин журттан баштаашып,
Кыргызымдын үрп-адатын даңкташып.
Бала бөлөө, Манас айтуу, жээнтек той,
катар-катар боз үйлөргө чакташып.

Канча түйшүк өткөрсө да башынан,
баары бирдей кары менен жашынан.
Ыр-күүлөрүн тартуулашты эл-жерге,
Ош-Жалал-Абад дубанынын атынан.



## НООКАТЫМДА КОМУЗ СЫНАК

Ноокатымда жаңырып комуз күүсү,
коштоп аны жаштарымдын мукам үнү.
Окуучулар арасында, комузга ынак,
өтүп жатат парк ичинде сонун сынак.

Жаштарыма коштоочусу дымак болуп,
турган сыңар, эргүүлөргө кубат болуп.
Шаңга толуп парктын ичи ыйык сахна,
«жюри» калыс бир-бирине ынак болуп.

Болуп турса ушундай көп жөрөлгө,
Кыргызыма түгөнгүс чоң көрөңгө.
Безеленип таңшып турса өрүк комуз,
Кыргыз күүсү эчен кылым көөнөргүс.

Жалпы Кыргыз журтчулугу ынак болуп,
уланса экен бул жөрөлгө сынак болуп.
Бекемделмек ынтымагы Кыргызымдын,
Ала-Тообуз кылымдарга турак болуп.

## АПШЫР-АТАМ

Апшыр-Атам башың кайда билинбеген,
чылк аскада шаркыратмаң курулдөгөн.
Сен жашырган сырларыңды чече албай,
түш тараптан илимдүүлөр изилдеген.

Камтып эчен мезгилдердин желесин,
сан миң жандар ашты өмүр белесин.
А сен дайым токтой турбай көз ирмем,
аскаларга төшүң уруп, күр-шар эте келесиң.

Эки бетиң жалама аска тосмо болуп,
түрмөк-түрмөк булуттарды турат тооруп,
Бул ажайып көркөмүңө суктангандан,
«Абшыр-Атам кеткен- дешет, өзү даарып».

Сууң дары, даамы таттуу мактанаарлык.
Көркүң кооз, көз тойбостон суктанаарлык.
Дарыяндын аяк жагы сал-сал болуп,
баба дыйкан эгиндерин баккан арык.

Кыз-Коргондой аскаларың Мойдун баскан.
Элдик баатыр, баскынчылар жолун жапкан.
Кум-Белиң, Күйгөн-Арча жайлоолоруң,
кыйын кезең качкан-тозгон элин баккан.

Кылымдардын ачып көрсө барактарын,
Апшыр-Сайдын заманга бап тараптарын.
Кунаргансып бара жатат жаратылыш,
көтөрө албай караган-чер кыйылганын.

### АПШЫР-САЙДЫ ЗЫЯРАТТАП

Сапарым болду бүгүн тоо койнунда,
дайрага агып жаткан таш боорунда.
Мүрөктөй Апшыр-Сайым жаткан экен,
өзүнүн «күр-шар» ырын ырдап мында.

Моокум канып абасын кере жутуп,
мен турам Апшырымдан эргүү күтүп,
эки жылы келбей калган ыйык жерге,
атап жаттым ичимден дуба кылып.

Эзелтен биздин элдин салты болгон,
атайын зыяраттап бир топ жолдон.



Тилек айтып, ыйык жайга дуба окуп:
«Жараткан бере көр»- деп, оюн ондон.

Ушинтишип бабаларым канча өткөн,
көз жашын тиленишип мында төккөн.
Ыйык жайдын шыпаасы кабыл болуп,
тилеги тийген дешет сыйлуу көктөн.

### АПШЫР-АТА УКМУШ ЖЕР

Көзгө сүйкүм Апшыр-Атам карачы,
турган жери эки зоонун арасы.
Күү-шаа этип күңгүрөнүп угулат,
агып жаткан шаркыратма дайрасы.

Азырынча жок го мындай укмуш жер,
сыймыктанаар «биздики»- деп, Кыргыз эл.
Бийиктеги чылк аскадан оргуштап,
атып чыгат чоң дарыя тан берээр.

Дары суусу, жанга жагым абасы,
эч жайда жок мындай тоонун тазасы.
Мекен кылып жашап өткөн ыйык зат,
уламыш бар Апшыр - Ата бабасы.

Жайы-кышы эл аягы үзүлбөйт,
эч убакта кыйын кырдаал түзүлбөйт.
Чериң жазып кечке сейил кылсаң да,
шайдоот көңүл чарчаганың сезилбейт.

## БАДАЛЫ ЖОК

Эртелеп шоола чачты аткан ак таң,
ойгонуп байкуш тоо-таш уйкусунан.
Бозоруп жазгы-жайкы ыраңы жок,
кунарган малы менен жылкысынан.

Көбөйө жылдан жылга малдын саны,
боз тартып бара жатат тоонун алы,
Илгерки гүлдөп турчуу караган-чер,
бийиктеп качып кетти чектен ары.

Бадалы күнгөй тургай тескейде жок,
кунарып тоого күйөөр адамы жок.
Ушинтип талкаласак тоо-таш ичин,
урпактарга беребиз бадалы жок.

Кайрадан көбөйүүдө мал-жан саны,
дат салууга келбестен тоонун алы.
Деги айтчы тоо ээси тоолук Кыргыз,
«Эмне - дешет, аталардын арбайлары?»

## АЙТКЫЛАЧЫ КИМДЕ БАР ?

Көк кашка, тунук аккан булактарым,
аска-зоо мөңгү басып турат дайым.
Аталар мурас кылып сактап келген,
аздек тута, мекендеп кышын-жайын.

Мөңгүдөн агып чыккан тунук булак,
тоо башында канчалап көлдү курап?
Чагылышып күн нуруна мөңгүлөрүм,
чет элдик туристтердин көөнүн бурат.



Билебиз зам-зам суунун алы-жайын,
Меккеден сатып келет элим дайым.
Ала-Тоодо Кыргыздын мүрөк суусун,
көксөп келет, ошол эле арабдарың.

Тоо боорунда арча-кайың токойлорум,
гүл жайнаган жапжашыл кырым-ойум.
Жай саратан бейиштей салкын төрүм,
айткылачы кимде бар, мындан сонун ?

## СЫНООДОСУҢ

Мөлтүр булак, күмүштөй суулар аккан,
миң сандап төрт түлүк мал элин баккан.
Тоолоруң булут жиреп, асман тиреп,
тарыхын сурай келсем бүтпөс дастан.

Алай сен, Кыргызыма арка-белсиң,
Даткалардын мекени - куттуу жерсиң.
Көк мелжиген аска-зооң жөлөк болуп,
элиңден «топ жылдыздар" жана берсин.

Ата салтын Кыргыздын улоодосуң,
"Алай ынтымагы" коом сыноодосуң.
Кылымдар кыйырынан ордуңду таап,
биримдигиң Кыргызга ыроолосун.

## ЖАШАЙ БЕРЕТ ТҮБӨЛҮК

Кылым карып, жылдар узап, алыстап,
доор алмашып, өткөн заман табышмак.
Тарыхы бар үч миң жылдык Кыргызым,
тилин сактап далай алга барышмак.

Манас бабам, Барсбек каган эл курап,
келгени анык эчен жүз жыл эл сурап.
Ошолор да Кыргыз тилде сүйлөшкөн,
ишенбесең беш жүз миң сап ыр турат.

«Кыргыз» деген жашай берет түбөлүк,
Кыргыз тили калбайт эч бир түгөнүп.
Басып өткөн, жашайт дагы кылымдар,
Кыргыз өлкөм күчкө толсо гүл өнүп.

## КЫРГЫЗ ТИЛИМ

Залкар да, кенен дагы кыргыз тили,
Кыргызым тарыхы узун ондун бири.
Кылымдар кыйырларын басып өтүп,
таза бойдон сактап келген эне тилди.

Сүйлөй келсең уккулуктуу, туруктуу,
обон салып «ырдагандай» тунук суу.
Акыркы учур кулач жайып баратат,
Кыргыз өлкөм болсо да көп улуттуу.

Эл менен тоолор ашып, чөлдөр басып,
миң жылдап өмүр кечип, доор ашып.
Сакталып элим айткан дастандарда,
Кыргыз тилим берекелүү ашып-ташып.



Бирок азыр таарынычым чын айтам,
санаа тартып, ойго салган сын айтам.
Арабкулдар кийим - тилиң талашып,
сары чырмоок сыңар каптап бараткан.

## АЛА-ТООНУН АК КАЛПАГЫ

Ала-Тоомдун мөңгүсүнөн аккан булак,
токтобостон сай-сайларда жолун улап,
тоскоолдорун карабастан аска-таштын,
тоо этектеп дайра болуп мөңкүп турат.

Тыным албай жол жүрүп чарчабастан,
түнү-күнү көз ирмем да дем албастан.
Талбастан күр-шар эткен сүрдүү ырын,
токтоосуз ырдап келет эч калбастан.

Топтолуп, тоо булактар дайра болуп,
талаа-түз, көрккө келип, шаңга толуп.
Тирүүлүктүн бул жалганда себепкери,
токтобостон агып келет калбай соолуп.

Тириликтин Кыргызымда башатысың,
тирүү жанга себепчиси жашоосунун.
Тоо булактар топотолуп, дайра болуп,
толукшуган талаа-түздүн жашоосунун.

Таш боорлугу жырткычтай «адам» деген,
табигаттын жемиш тургай ташын жеген.
Талкалап миң кылымдык мөңгүлөрүң,
тешип кирип, боор-этиңди өтө терең.

Тартылып карлуу чоку жогор карап,
талкаланып тоо-ташым, мөңгү урап.
Токсонбу, жүз жылдардын арасында,
ак калпагы Ала-Тоонун жылып барат.

## ЖАТ ЭЛДЕРДЕ

Канча ирет кагылдык, төгүлдүк го,
кеемсинип көп элдерден сөгүлдүк го.
Тегибиз «Улуу Кыргыз» деген менен,
жетимдей туш тарапка бөлүндүк го.

Айрылдык канча кооз жерибизден,
ажырап «Менмин!» деген эрибизден.
Акылга кээ барибиз келе албайбыз,
арылбай арам тилек, демибизден.

Бириңер жүрөсүңөр элди сатып,
бириңер жүрөсүңөр жерди сатып,
билбемиш момун катар «былтыясың»,
бир-бириңе котур таш ичке катып.

Айрылып канча канат куйругунан,
ажыдаар, ачкөз бийлик зулумунан.
«Агалап» жат элдерде өмүр кечип,
арманда жанын багат канча балаң...?

## ЖАЗДЫ КҮТҮП

Жарылгансып бак дарактын бүчүрлөрү,
жол ачылып, эрип сайдын кечүүлөрү.
Жалаңдатып кылычын "Чилде" баатыр,
жолго аттанды, дайын болуп кетүүлөрү.

Жаз жакындап, кыш мезгил барат бүтүп,
жалпылап жан-жаныбар баары күтүп.
Жылуу күндөр теребелди каптап келет,
жаратылыш жан киргенсип таасир этип.



Жагымдуусуң күткөн жазым биз адамга,
жаратылыш, жан-жаныбыр бир далайга.
Жанга жагым укмуштай чоң таасир этип,
жашоо берип, көктөм кирип бүт ааламга.

Жазды күтүп чебеленет Дыйкан-Баба,
Жараткандан тилеп-сурап жакшы гана.
Жыйнаштырып кетмен-күрөк, арабасын,
жакшы үрөндү тандап коюп алдын ала.

Жанын үрөп өстүргөн көп мөмө-чөмө,
жай саратан маңдай терин тынбай төгө.
Жылуу-жумшак болуп турса күткөн аба,
«Жаратканды н бергени - дейт, оозур көрө».

«Жаратканды н сүйгөнү - дейт Дыйкан-Баба»,
жайды жайлай кызмат кылган сага-мага.
Жоодур буудай болуп турса кампасында,
жык-жыйма дасторкондор толоор наңга.

## КЫШ ЫЗГААРЫ

Кыш ызгаары чегинде,
келди го чилде демиге.
Кыз-келин суу көтөргөн,
күнү-кеч дайра четинде.

Кар күрткүсү топтолуп,
көчөнүн нугу жок болуп.
Кыйын күнгө туш болдук,
көчөдө суулар бүт тоңуп.

Көчөнүн башкы чениңде,
капаны билбей деги эле.

Күлкүсү чыгат балдардын,
кошулуп чыккан демине.

Кыраан-каткы күлүшүп,
күлгөнү курсун үшүшүп.
Кийим менен курсактар,
калганын сезбей бүрүшүп.

Кемпир-чалдын баарысы,
көчөдөн чыкпай дабышы.
Коломто боюн ээлешип,
күнү кеч болду жатышы.

«Кышы кыштай болду»- деп,
«Коктулар карга толду»- деп,
«Кудайым берип сууну мол,
кырманга эгин толоор»- деп.

Көмүрү аздар кыжаалат,
кантип кыштан чыга алат?
Көмүрүң наркы кымбат го,
кантишип айла таба алат?

## ЖАКШЫ ДЕБЕС

Сын айткандын баарысы душман эмес,
туура сындар эл журтумду бузган эмес.
«Оң жолуңдан адашпа»- деп, жол көрсөтсө,
бул акылды менден башка айтмак эмес.

Акыл экчеп туура сынды кабыл алгын,
адашпастан оң жолуңду сурап баргын.
«Жети өлчөп бир жолу кескин» деген,
насаат сөзүн улуулардын эске салдым.



Айтылган сөз кайрадан кайтмак беле?
Айтышат го тилде сөөк болмок беле?
Түү деген сөз, түкүрүккө кошо чыгат,
түкүрүгүн түкүргөн соң жутмак беле?

Эгерде болсо пейилиң түк кеп жебес,
өз билгениң бирөөгө дайым бербес.
Кепке келбей билгениң жасай берсең,
мүнөзүңдү эл-журтуң да «жакшы»- дебес.

## КОШУНАҢДЫ СУРАП КОЙ

Кыштын күнү боз булуттар сөгүлүп,
күндүн көзү «жылт-жулт» эте көрүнүп,
кайдан-жайдан шамал айдап бурганак,
карын баштайт көз ачырбай төгүлүп.

Кыш чилдеси өз бийлигин жүргүзүп,
Кыштын кандай экендигин туйгузуп.
Кыш ызгаары кедей шаштын кетирип,
коймок болду отун баркын билгизип.

Көмүр саткан соодагердин пайдасы,
кетмек болду жетим-жесир айласы.
Көмүрүңдүн баасы чапчып асманды,
күчөп барат билинбестен жайлашы.

«Кийим-үйү жылуу- дейм, байыңдын»,
кызыгы жок, ага кедей жайыңдын.
Качан шайлоо же дагы бир иш чыкса,
кучак жаят, сурап коңшу дайынын.

Колдон келет коңшу абалын сурап кой.
Көңүл кушу жылуу бекен билип кой.
Колдон келсе көп болбосо бир капка,
көмүр-отун, кем-карчысын сунуп кой.

## ТИЛЕК

Алаң көзүм, шаша-буша келдиңби?
Ала-Тоомду чарк айлана кездиңби?
Адамдардын напси-пейили өзгөрүп,
акча-байлык кулу болгон сездиңби ?

Ата сыйы кайсы абалда билдиңби?
Ардакталаар кемпир-чалга кирдиңби?
Ата-энеге күтүп жаткан перзентин,
алып барган белегиңди бердиңби?

Ата-Журтта саны өсүүдө сынчынын,
аздектебей элин саткан тыңчынын.
Алар үчүн байлык-бийлик зарыл го,
алмашса да Ата-Мекен тынчтыгын.

Арабкулду биздин элден адаштыр,
ата-бабам салт-санаасын саматтыр.
Ак элечек, ак калпагын калкымдын,
Ала-Тоомо куп келтирип жараштыр.

Айланада көктөп-өсүп текебердик,
алмашып гүлдөп турат кайдыгерлик.
Акыл менен чечилбеген жолу кууш,
азыркы жаштардагы мекенчилдик.

Айлам кетет чөө бөрүдөй талашса,
ак жолунан акыл жетпей адашса.
«Акшакалсың, дүжүр чал»- деп, урушуп,
Ата-Журтта чаң-тополоң самашса.

Ак жол каалайм, чурка коён алдыга,
ак ниеттен ынтымак бер жалпыга.
Агын суудай, пейилиңди кенен бер!
Ак жалгасын, оомат келип калкыма!



## КЫШТАН БИР ЭЛЕС

Эрте ойгонуп күтүп таңдын сүргөнүн,
эстеп кээде жаштык доорун сүргөнүм.
Эңшерилип кетет азыр бар дүйнөм,
элестетип сени жандап жүргөнүм.

Кыналышып жылуулугум бөлгөнүм,
каткырыгың бакыт болчуу көргөнүм.
Кыш чилдесин тоготпостон жандаша,
карды кечип бак аралап жүргөнүм.

Көз карашың көңүл кушум азгырып,
көөдөндөгү бүт максатым жазгырып.
«Кош болгунуң жолукканча эртең»- деп,
калаар элем көңүл-кушум жаз кылып.

## КААЛОО-ТИЛЕК

Жаңы жылым элге мээрим төксө экен,
жалпы саны Кыргызымдын өссө экен.
Жадыраган бейпил турмуш күтүнүп,
жалпы журтум бакыт-нурга чөксө экен.

Жаңы жылда арзанчылык болсо экен,
жарды болбой эл кампасы толсо экен.
Жумурткалап кой үстүндө торгойлор,
жумурай журт жан дүйнөсү тойсо экен.

Жаман ойлор чеги менен бүтсө экен,
жалпы элим бейпил жашоо күтсө экен.
Жолборс жылын таза дилден узатып,
жылдан эсен, айдан аман тоссо экен.

## “ЖЕТИ ДУБАН ЫНТЫМАГЫ”

Жаңы жылда арбын болсун кадамыбыз,
жаңы-жаңы ырлар болсун жазаарыбыз.
Жетелешип “Жети дубан ынтымагы”,
жеткиребиз  жети жүзгө катарыбыз.

“Жети дубан өнөрпоздор» каймактары,
желбиресин ар тараптан байрактары.
Жети санын ыйыктап туткан Кыргыз,
жети атабыз жашап өткөн аймактарды.

Жерибиз бир, ой-максат, элибиз бир.
Жер Энеден алып жаткан демибиз бир.
«Жедирбей» ыйыктыгын сактай билсек,
жети урпакка жете турган кенибиз бир.

Жакшылыкка элди баштоо амалыбыз,
жаркырап жанып турсун жамалыбыз.
Жадыраган келечекке көч баш болуп,
жакшы доорго оосо экен заманыбыз.

## ЖАҢЫ ЖЫЛДА

Жаңы жылым кирип келди бой керип,
жолборс жылы коён жылга тең келип.
Жалпы Кыргыз үмүт артат бул жылдан,
Садыр менен Камчыбекке дем берип.

Жалпы журттун намысы бар ал анык,
жаңы жылда жаңы ийгилик жаратып.
Жаратканым колдоп койгун суранам,
жети дубан элге ынтымак таратып.



Жылжып агып сууну булгап сасыткы,
жыргатпадың кубарган сен азыткы.
Жылдар канча өтсө дагы токтотпой,
журтуңдагы пайдубалды казышты.

Журт бузарга биздин элде орун жок,
жаңы жылда болсун элдин көөнү ток.
Жаратканым жергебизге бак консун,
оорубасын жан дүйнөбүз жөнү жок.

## ЖАҢЫ ЖАШОО

Жолборс баатыр алаңкөзгө жол берип,
жаңы жылым кирип келди бой керип.
«Жаңылбас ооз, мүдүрүлбөс туяк жок»,
жаман ойдон арылайлы бүт жерип.

Жакшы ойлор, жаркын маанай, келечек,
Жаратканым «берем» дептир тилесек.
Жыргал жашоо, бейкутчулук күндөргө,
жетебиз журт, талаш-тартыш дебесек.

Жаңылганды кечиришкен Кыргызда,
жоомарттык иш болсун эми бул жылда.
Жети дубан Жетигендей топ жылдыз,
жарык чачсын келечекте  журтумда.

Жергебизде жаңы жашоо кут болсун,
журтубуздун чек арасы бүт болсун.
Жаман ниет, дили кара душмандар,
жоолашпастан пейилдери түз болсун.

## КЫШКЫ ТҮН

Кыштын түнү аяз жүздү аймалап,
көчөлөрдө ак кар, көк муз тайгалак.
Көңүл кушун көтөргөнсүп жай гана,
көз тайдыра жарык чачат ай тарап.

Кылак эте сулуу кыздын кашындай,
кемитпестен же сүзүшүн ашырбай.
Кең асманда калкып-сүзүп ай барат,
кыш ызгаары суугунан жашынбай.

«Карч-курч» этип баскан сайын таманың,
кыроо каптап бети-башың, жамалың.
Күлкү менен ызы-чуусу балдардын,
кайталангыс жыргалыдыр замандын.

Кышта ар жыл бул көрүнүш кайталап,
көңүлдөрдөн эстен кеткис жай табат.
Кандай кооз болсо дагы жаз-жай-күз,
кышкы аязда бүт тазарат чар тарап.

## ТООЛОРДО КАР

Тоолордо кар, суктанаарлык тазалык,
таң шооласы жарып барат агарып.
Туш тараптан чагылып күн желеси,
таасирленип, дилиң барат тазарып.

Айлана аппак, суулар тоңуп сай-сайда,
албууттанган кыш ызгаары бул жайда.
Акылыңды уурдап турчуу кооздук,
алмашылган көз талдырган ак карга.



Кокту ичинде шылдырабайт булак да,
кыймылы жок коён жатаар турак да.
Кыш өкүмү бийлик кылып баарына,
кымкуут түшкөн, тээ аска-зоо тарап да.

Башын ийип арча, кайың, бадалдар,
баары уйкуда үкү, "сары-жамандар".
Бейкапарлуу ушул тыптынч коктуда,
байкалбаган миң сандагы жашоо бар.

## КАНДАЙ ЖЕҢИШ?

Жериң кооз, сууларың мол, тооң алтын,
эгер билсең башкалардан зор баркың.
Нарк-насилиң ашса ашат башкадан,
миллиондун жетибиз, кубан калкым.

Эгемендик насип кылып келген жеңиш,
Жаратканым ыроолоп берген жеңиш.
Кадырына жете албаган кээ бир эргул,
болосуңар жалгандан коргойм демиш.

Кутула албай түгөнбөс муңдан-зардан,
канча жылдар өткөрдүк жашап жалган?
Карышкырдай тытышып бийлик үчүн,
качан түгөйт калкымда ичтеги арман?

Чынында келген жеңиш, кандай жеңиш?
«Жашасын»- деп, ыроологон калкым тегиз.
Ынтымакты ыдыратпай бекем турсак,
келген душман бушайманын жегизебиз.

## АЛДАНБА ЭЛИМ, АЛДАНБА

Бийликте бирге болушкан,
байлыгын элдин жонушкан.
Бөлүшө албай аларды,
касташып барып тынышкан.

Кечээги душман жандашып,
колдору бүгүн кармашып.
Бийликти көксөп максаты,
коогалуу ишти башташып.

Коргомуш болуп жеримди,
туш-тушка бөлүп элимди.
Колтугун ачып душманга,
тепсенди кылба төрүмдү.

Тынчытпай элге чаң салып,
эл бузар болуп даңк алып.
Күйүмүш болуп Кыргыздын,
жолуна терең аң казып.

Суранам калкым алданба,
бүт өмүр калба армандa.
Каргышка калба элиңде,
напсиңди тый, жалданба.

Туура жол элим тандайлы,
мыйзамсыз ишке барбайлы.
Сайраган тилге алданып,
кокуйлап эртең калбайлы.



## АЛАЙДА

Туулуп өскөн Алайда,
атагы кеткен далайга.
Тарыхта изи калган көп,
жеткендей аты күн-айга.

Алайдын зирек кулуну,
акылы тетик тунугу.
Алымбек Датка атабыз,
Адыгине уруусу.

Ак мөңгү асман тиреген,
аскасы шамал жиреген.
Асан бий уулу Алымбек
бүт чөлкөмдү бийлеген.

Бек болуп тоо-чөл элине,
эркиндик каалап жерине.
Акылы тунук Курманжан,
дем кошуп турган демине.

Хандыктан жеп запкыны,
шаштырып орус баскыны.
Анжыян, Оштук кыйналып,
аябай тарткан кайгыны.

Мерт болгон соң Алымбек,
муңкүрөп калбай, "байым" - деп,
билегин түрүп Датка Энем,
башкарган элдин камын жеп.

## ЭРКИН ЭЛДИН КЫРААНЫ

Элим сүйгөн Ноокатымдын чыгааны,
«Кумтөр» болгон Исановдун урааны.
Эл байлыгын сактоо үчүн жан берип,
Кыргызымда бир чоң чынар кулады.

Эркин элдин бүркүт сыңар кырааны,
бүт оюнда элдин жыргал-кууралы.
Кыргызымдын камын көрүп күнү-түн,
бекем туруп ийилсе да сынбады.

Теңтайлашып ак-каранын сынагы,
чыркыраган чындык тоодой кулады.
Ачылбастан казан оозу бек бойдон,
болбой келет ошол күндүн сурагы.

Шейит кеттиң, ишиң калды Кыргызга,
теңейбиз биз сени дайым жылдызга.
Атың жашайт өлгөнүң жок түбөлүк,
жол көрсөтүп келечекте уул-кызга.

## ЖАЙЫЛ БААТЫР

Коргогон Кыргызымды аскалуу тоо,
тең келбей бабабызга эч кандай жоо.
Түндүк-түштүк, Чүйдөгү элин сактап,
Жайыл баатыр тургандай урабас зоо.

«Кыргыз»- деп, аябастан жанын берген,
элинин эркиндигин сактап келген.
Жайыл бабам эрдигиңдин үзүрүнөн,
урпактарың жашоодо жери кенен.



Калтырган насааттарың аткарылып,
элимдин чек арасы бек сакталып.
Кыргыз барда түбөлүк жашай берет,
Жайыл баатыр атабыз сыймыкталып.

*Кайырмасы:*
Урааны Манас! Манас! Жайыл баатыр!
Дүйнөлүк Түрк элдерге дайын баатыр!
Душманын жеңип келген эрдик менен,
«Манастап» ураан салып Жайыл баатыр!

## БАТКЕН ЭЛИМ КАЙРАТТАН

Баткен элим кайраттан, башты көтөр!
Сен эмессиң кетенчиктеп артка кетээр!
Тик карап октон кайтпас, эр көкүрөк,
жигитиң көп душмандын эрки өчөөр!

Азап чеккен эли-журтуң колдоп алаар,
кыйын кезең чек араны коргоп калаар.
Эр жүрөк калк Манастын урпактары,
катыгын душмандардын берип салаар.

Кейибегин бул күндөр да артта калаар,
Баткенимде той да болоор, оюн кураар.
Жети дубан ынтымактуу Кыргыз элим,
курушууда жаңы үйлөрдү катар-катар.

Лейлегиме жаз да келээр, өрүк гүлдөөр,
жаркырап бак жээгинде катар үйлөр.
Чек ара бекемделип чычкан өткүс,
күн келээр бейпил турмуш өмүр сүрөөр.

## КЫРГЫЗ САЛТЫ

Кыялымда аралаймын айылымды,
качанкы балалык кез дайынымды.
Мал баккан адыр-белдер араларын,
кезип чыгам Кыргыз-Ата талааларын.

Айылда аксакалдар, дос-тууган бар,
жолугуп, кээде катнаш курганы бар.
Ата- энем бирге жүрүп, бирге туруп,
жакындан ички сырын билгени бар.

Издеп барам, кээ бирде маек курам,
өткөн тарых издерине сөздү бурам.
Айтылса ата-энемдин таржымалы,
мөлтүр жаш кулаганча угуп турам.

Кыргыз салты тегинди билип алыш,
чып-чыргасын коротпой илип калыш.
Уккандарды качандыр бир өзүң дагы,
кулагына балдарыңдын куюп барыш.

## МАЛДА ЭМНЕ АЙЫП?

Малдар кайтты жайлоодон кээси арык,
мал көбөйгөн ушул учур, жайлоо тарып.
Эсил-кайран жайыттарда караган-чер,
качып барат бийиктеп, тоо жактанып.

Айылдарда эгин-талаа малга жайыт,
түнү чыгат көпчүлүгү жылкы жайып.
Түшүм сатып, көпчүлүк мал алышып,
мал көбөйүп эгин-талаа барат тарып.



Ыймансыз бар тепсеткен жат эгинди,
чыгарышкан ачуу толо бүт кегинди.
Талкалашып тосмонду, алма бакты,
кый-сыпырын чыгарып бүт жериңди.

Жай-саратан тер төгүп, мээнет этип,
багбан турат алма бактан үмүт этип,
Түн ичинде мээнеттин нымым калбай,
башын ташка койгулайт, айла кетип.

Учурлар бар, ачуудан жылкыны аткан,
жылкы өлүгү эгин талаа, жерде жаткан.
Айласыздан кыжырдана айткың келет,
малды эмес, туура болоор ээсин аткан.

## ДЫЙКАНГА КАНЧА ПАЙДА?

Күз да келди каркыралар тизилип,
мөмө бышып, сабактардан үзүлүп.
Жерге кулап өтө бышып кеткени,
шербет сыңар канты чыгып эзилип.

Саргылт тартып айыл, тоонун арасы,
күн кыскарып, салкын тартып абасы.
Алтын күздүн берекеси төгүлүп,
эгин салган, кап жайнаган талаасы.

Дыйкан Баба жер эгеси, жердеген,
жай-саратан эмгек этип тердеген.
Маашырлана, түшүмүнө мас болуп,
чотун сала, «кардарларым кел»- деген.

Жер семирткич, дарынын наркы өсүп,
быйылкы жыл бир аз койду жүдөтүп.
Бүгүн дале анын наркы төмөндөбөйт,
барган сайын алда канча ай өтүп.

Күйүүчү май баасы учуп алда кайда,
кыйнады го дыйканды ушул жылда.
Кеткен чыгым түшүмүнө төп келишсе,
калаар экен мээнетине канча пайда?

## ТОО АРАСЫ КҮБҮР-ШЫБЫР

Жамандын көлөкөсү тийип тоого,
кооганы баштап коюп Ала-Тоого.
Удургуп күбүр-шыбыр тоо арасы,
калк турат биле албай анжы ойдо.

«Кээ бири адилеттүү соттор бар»- дейт,
кеээ бири «акча-байлык чоту бар»- дейт.
Кээ бири зөөкүргө да, сотуңа да,
кезеги, «Жараткандын соту бар»- дейт.

Бул иштти узак созуп кереги жок,
создуктуруп узартууга себеби жок.
Учурунда элиң турат толуп-ташып,
сөз көбөйдү күбүр-шыбыр, дареги жок.

Зөөкүрлөргө чын жазасы берилеби?
Чыныгы мыйзам күчү сезилеби?
Акчага өз абийрин соттор сатып,
мыйзамың топ сыңары тебилеби?

Көкшүнү Кыргызымдын сууш үчүн,
мындан ары түз жолдо жүрүш үчүн.
Адил сот, так аткаргын милдетинди,
ак бойдон эл оозунда калыш үчүн.



## ОЙЛОН КЫРГЫЗ

Баштап коюп Украинага чоң казатты,
тынч жаткан элге салып бүт азапты.
Тээ илгери кырк биринчи жылдагыдай,
аскер тургай, бейкүнөө элдин каны акты.

Бомба омкоруп, жер бети онтогонсуп,
кечээги тынч күндөрүн жоктогонсуп.
Байлык үчүн согуш отун тутандырган,
төрөлөрүң жылуу жайда корголошуп.

Буларда эмне Жаратканды̆н кеги барбы?
Же чын эле кан ичкичтин деми барбы?
Алар дале Кыргызга окшоп какап-чакап,
төбөлдөрү бай болсо, эл-журт жарды.

Жерге кирсин, зарыл эмес көр саясат,
бүтө элек го, ал жерлерде эски жараат.
Украина, Белорусия, орус жерлеринде,
ойлон Кыргыз, канчалаган сөөгүң жатат?

Жер калбаган, бомба-снаряд жарылбаган,
кыштагы жок калайык-калк кырылбаган.
Ошол апаат экинчи дүйнө согушунда,
бизден кеткен канча аталар табылбаган?

Көрүп туруп биздин Кыргыз бул апаатты,
кээлер эңсейт кайталоону, ушул азапты.
Күнү-түнү тилин тыйбай, бийлик талаш,
ушак сөздөр, «төңкөрүш»- деп, чын жадатты.

## КАЙСЫ АРЫМА МАКТАНАМ?

Оо бабалар мен силерге даттанам,
даттанбастан деги эмнени мактанам?
Унутушуп ата - салтын Кыргыздын,
кимдер калды улут наркын сатпаган?

Жерлер кетти, ата - бабам сактаган,
алар коргоп, душман изи баспаган.
Талкаланып көк мөңгүлүү аскалар,
түгөп барат, тоо жандыктар каптаган.

Эргулдар көп адам атка сыйбаган,
наадандыкты кесип кылып тыйбаган.
Бузуп-жарып, элдин ичин бүлүнтүп,
жалгыз эмес бүт Кыргызды кыйнаган.

Заман жүзү, бала атаны баштаган,
кээ бир ата, жакшы күнсүз какшаган.
Арабызда жашап жатса туйбайбыз,
ата-эне көп, чылпак көзүн жаштаган.

Болду заман, кыз энесин баштаган,
зар какшатып, эне сөзүн укпаган.
Аздыр-көптүр көр дүйнөгө берилип,
эне баркын айырбаштап таштаган.

Бири жүрөт арабкулду баштаган,
дагы бири жүргөн жери капсалаң.
Элдин акын тойгончо жеп, карганып,
кара дилин сүттөй кылып актаган.

Бирөө жүрөт бөтөн элде кул болуп,
бири жемкор, сыйынганы «пул» болуп.



Карды токтун ачка менен иши жок,
бир нанга зар, бечарага зор болуп.

Айлам кетип жүрөм ичим кир болуп,
келечекти ойлоп, санаам зил болуп.
Колдоп койсун арбактарың бабалар,
жатпасынчы кыйын кезең тим болуп.

Отуз бир жыл эгемендүү эл болуп,
кете албадык башкаларга тең болуп.
Урпагымдын бактысын ач Жараткан,
жашашсынчы келечеги кең болуп.

## ТОКСОНУНЧУ ЖЫЛДАР

Жашадык тоо койнунда эчен жылдар,
көңүлдөн жазгым келди көп-көп ырлар.
Жергеме башка жерди теңей албайм,
биле албай Ата-Журтта кандай сыр бар?

Токсонунчу жылдарың эсиңдедир,
кыйын болгон заманаң кесип кендир.
Түшүнсө да, түшүнбөсө «папка» кармап,
башкармалар көбөйдү өлдүр-сөлдүр.

Таш-бетонун койбодук талкаладык.
Короо-сарай калтырбай балкаладык.
Тилке-тилке майдалап жерди бөлдүк,
уруу-уруу ажыратып элди бөлдүк.

Короо-короо үй башына койду бөлдүк,
айдоо, жайыт калтырбай аны бөлдүк.
Оңу-солу, жүргөнү - жүрбөгөнү,
техникасын калтырбай дагы бөлдүк.

Башталды го алаамат кыйын заман,
баары чыкты базарга катын-балаң.
Ар күн каттап сумкачан тегирменге,
тешилди го ошол учур биздин таман.

Көчө-базар толушуп жалаң мастар,
кары-картаң, арасында көбү жаштар.
Маяна эмес, айлык акы арак болуп,
калганына курт баскан акшак толуп.

Эркек эмес аялың да баары ичти,
эрмектеди «комоктордо» күтүп кечти.
Ата журттун буюм-терим чыгаруучу,
чоң-чоң завод, темири баары кетти.

Баары жокту «кошуна» басып кетти,
Кийим-кече, тамак-ашың ошол кеппи?
«Адал эмес арам» деген эшегинди,
коюшпады баарысын ташып кетти.

Мына азыр карачы абал кандай?
Дымагы күч, акыл айтып эси бардай.
Жүрөбүз го ширеңке, даарат кагаз,
марка басып өзүбүздөн чыгара албай.

## ТООДОГУ ТҮН

Жайлоодо түн. Жымжырттыкта айлана.
Тоонун жели мелүүн согот жай гана.
Сулуу кыздын кашы сымал суйкайып,
акырындап жылып барат ай гана.

Тынч уйкуда көөшүйт тоонун арасы.
Жанга жагым түнкү тоонун абасы.



Анда-санда кокту ичин жаңыртат,
теске беттен түнкү сүтак сайрашы.

Конуш ылдый шылдыр аккан мөл булак,
назик добуш, жан эргитээр күү чалат.
Кокту этектеп ал кошулган дайрадан,
шоокум сала бир калып үн угулат.

Үч-төрт боз үй, а артында желелер,
ондой кулун байлап койгон жеңелер.
Айланчыктап аны таштап кете албай,
жуушап жаткан айланада бээлер.

Шатыр этип бийик арча арасы,
бул угулган учкан куштун канаты.
Ити-кушу жаткан жайдан чочутуп,
түн уйкусун бузуп койду чамасы.

Түн бир оокум, бөбөк ыйы угулат,
Же мышыкпы? Жок, бөбөктөй туюлат.
Ызы-чууга түшүп иттер арсылдап,
чөө бөрүнүн ыйы алыстап, тыйылат.

Тээ замандан жайлоо кечи ушундай,
ата-бабам жашап келген тушундай.
Бийик тоону мекен тутуп келишкен,
Ала-Тоонун эркин учкан кушундай.

## МАКТАНАМ

Мактанам кооз жергеме,
Кыргыз калкым эл менен.
Жаркырап бийик мөңгүсү,
ак илбирс, бүркүт жердеген.

Бир жолу келген дегдеген,
келүүнү кайра эңсеген.
Сыймыктанып келемин,
Ысык-Көлдөй көл менен.

Аскасы булут жиреген,
чокусу асман тиреген.
Мүрөктөй агып суулары,
койнунда толо кен деген.

Башкада жылда төрт мезгил,
бир күндө бизде көп мезгил.
Жайыкка түшсөң саратан,
ашууну ашсаң кыш мезгил.

Тоосунда өрүк бүрлөрү,
чөлүндө бышты түрлөрү.
Жайлоодо кары кете элек,
жайыкта орум күрдөөлү.



## ТОКОЙЧУНУН АК НАНЫ

Кара-Коюм күн бүркөлүп ачылган,
жамгыр жааса карлап барып басылган.
Жаз мезгили күндөп-түндөп, жумалап,
аска-зоолор ак туманга жашынган.

Төтө жолдор ийри-буйру салынган,
жол үстүндө типтик зоолор асылган.
Күнгөй-тескей, эки бети жапжашыл,
токой ичи жан-жаныбар жашынган.

Кээде жүрөт адам-жырткыч ташынган.
Браконьерлер мыйзам бузуп ашынган.
Арча кыйып же мылтыгын көтөрүп,
колго түшүп, көрбөй калса жашынган.

Жүргөн сайын улам өрлөп барасың,
сезип-туюп, түтөк басчуу абасын.
Мазарынан Чөгөм тарап ашарда,
түтөк басса жарым жолдо каласың.

Кыйындыкты токойчулар көп көрүп,
бул милдетти башкалардан эп көрүп.
Ак мээнетин көргөн-билген сезишээр,
токойчунун тапкан нанын жеп көрүп.

## ТОКОЙЧУЛАР

Нөшөр токтоп күндүн көзү ачылды,
калың булут Мазар жакка жашынды.
Кетмен-күрөк, керкилерин көтөрүп,
токойчулар жумушуна камынды.

Кара - Койдун жазгы күнү ушундай,
кээде карлайт, кадим эле кышындай.
Көп узабай көк мөңгүсү жаркылдайт,
күн шооласын азыр гана тапкандай.

Токойчулар кыйындыкка наалыбастан,
арыз-муңу жогор жакка угулбастан.
Дан ташыган кумурскадай мээнети ак,
“Кыргыз-Ата”паркынын көркүн ачкан.

Токойчулар чарчабаган, муңайбаган,
көчөт эгип, жол ондобой туралбаган.
Көзүнүн карегиндей тескеп-тейлеп,
эл мүлкүн урпактарга сактай алган.

## ЖАКЫН ТУРАТ ЖЫЛДЫЗДАР

Кара-Койдо суктанаарлык турмуш бар,
Себеби анда жашайт жалаң Кыргыздар.
Кайраттары башка элдерден ашыкча,
себеби ага жакын турат жылдыздар.

Көк тиреген тоодо сонун турмуш бар,
жанга жагым кымыз жасайт Кыргыздар.
Тээ бийикте асман тиреп тургансыйт,
Жай-саратан, ак кар, көк муз аскалар.



Кара-Коюм кандай укмуш карачы,
кайда дагы мындай суунун тазасы?
Дарылыгын илимпоздор аныктап,
айыктырат аш казанда жараатты.

Карагаттар, ак кайыңдар, арчалар...
Суктандыраар, көргөн көзүң таң калар.
Алмаштыргыс ушул байлык мураска,
калтырышкан биздин ата-бабалар.

Токой барбы Кара-Койго тең келээр?
Ден соолукка, чарчаганга дем берээр?
Кең пейилдүү, мейманга бап эли бар,
биздин элди келип кеткен эл билээр.

## ЖАЗГЫ ТАЛАА

Көнөктөп жамгыр басылбай.
Күн-түнү качып, жашынмай.
Кудайым берип жамгырды,
каалаган чактан ашырды.

Кеч эле тилек кылганбыз,
канчалап түлөө сунганбыз.
«Кудайлап» жамгыр сураныш,
көп жерде маек курганбыз.

Кыдырып көрсөң талааны,
көрөсүң ар кыл аланы.
Көйкөлөт эгин бир тилке,
куру жер турат бир жерде.

Кээ бирлер азыр кубанып,
кээ бири капа туйланып.

«Кээ бири мына уттум»- деп,
кээ бири койду уттуруп.

Жер айдап, сээп үлгүрбөй,
жалкоолук себеп үлдүрөй.
Жер болуп оор айдоого,
жамгыры күндө кыйноодо.

Жалкоолонбой маалында,
жакшылап көрүп камылга.
Жерлерин баптап даярдап,
жер баккан көңүл жайында.

## БАБА ДЫЙКАН

Эрте күздө кырман кырдап,
бай түшүмүн баштайт жыйнап.
Маарып калат эгиндүүлөр,
курсак сылап, майлап-чайлап.

Кеч күзүндө белди байлап,
мээнет кылып жерин айдап.
Күздүк эккен буудайлары,
суктандырат чыгып айлап.

Кар кетпестен «парник» саздап,
жазгы эгинге урук тандап.
Алдын-ала алып коет,
жер азыктын баарын камдап.

Сугат суунун камын ойлоп,
арык чабат талаа бойлоп.
Дыйкан баба, жердин ээси,
кысыр калган талаа койбойт.



Бабалардын жолун жолдоп,
жердин нугун, табын болжоп.
өтүмдүүсүн айдайт дыйкан,
базар баасын чене ойлоп.

Талаа болот жаткан жери,
чатырчада эгин чети.
Салкын учур ишин баштайт,
таң агарбай жердин бети.

Элестеп көр, мейкин талаа,
кетмен шилтейт Дыйкан-Баба.
Моюн ылдый шорголоогон,
тер куюлган салаа-салаа.

Жай саратан талаа кезип,
түн уйкусун коёт кечип.
Бир жума эмес, үч ай бою,
талаада ал, үйдөн безип.

Кээде болот суу тартышы,
кургап кетет жер кыртышы.
Кокуйлашып түн уктабай,
суу башында күн батышы.

«Бере көр»- деп берекесин,
алкап-мактап Жер эгесин.
Терин төгүп жай-саратан,
чыдайт канча жүдөбөсүн.

Биз жүрөбүз эмнени ойлоп,
курсагың ток, ойноп, тойлоп.
Болбосо эгер Дыйкан Баба,
биздин курсак нанга тойбойт.

Сөзүм жетсин сага таасын,
биле жүргүн нандын баасын.
«Дасторкондо нан болсун»- деп,
тилек кылгын жамгыр жаашын.

Баян эттим үзүмдөрүн,
Дыйкан-Баба түйшүктөрүн.
Сени баккан, мени баккан,
эмгек, кызмат сүртүмдөрүн.

## ЖАЗГЫ БИР КҮН

Угулуп чагылгандын добулбасы,
аңгыча эле дыбырады суу тамчысы.
Самсаалап кара булут каптап келип,
шатыратып жаап кирди жаз жамгыры.

Кең талаа, өнүп-өскөн эл тамыры,
эңсешип күткөн эле бул жамгырды.
Эх жазым, сени күткөн жаратылыш,
көзүмчө эле аяк сунуп бир жазылды.

Өзгөрүлдү күн чайыттай ачык тийип,
жайкалышып талаалар кымкап кийип.
Кубулуп көз алдымда кооз табият,
көрүнүүдө өтө сулуу, тоолор бийик.

Четки бакта түркүн-түс канаттуулар,
уя салып ар жыл сайын тукум улаар.
Чөп-чар ташып, ызы чуу чурулдашып,
бир дүнүйө ажайып көңүл бурар.



## АК ЖААН

Көрүнбөй күндүн жамалы,
ачылбай асман кабагы.
Көңүлгө салып салмагын,
түнөрөт батыш тарабы.

Жамгырда тынбай эзилген,
ак жошо сындуу эшилген.
Салаалап суудай бөлүнүп,
көңүлүм калбыр тешилген.

Азыркы менин талабым,
пейзаждын ырдоо жамалын.
Сөз менен сүрөт тартууга,
жетеби менин абалым?

Ак жаан жаай берсинчи,
көңүлгө эргүү келсинчи.
Жамгырдай таза ырларга,
сугарып мени кетсинчи.

## ЖАЛГЫЗ ДАРАК

Кең талаа, ортосунда жалгыз дарак,
асман ачык, кулпурушат гүлдөр жайнап.
Шуудурашып шамал жүрсө жалбырактар,
жатышкасыйт эң бир сонун ырлар ырдап.

Жашап келет көп жылдар жалгыз дарак,
өткөрүп дыйкандарга кылып кызмат.
Саратанда элге берип көлөкөсүн,
тилегендей бай түшүмдүн берекесин.

Шуудурай бер, муңканба жалгыз дарак,
талаанын, берекенин ырын ырдап.
Өсө берсин бутактарың асман тиреп,
ыргалып, ыр ырдашып, шамал жиреп.

## ЖААН ЖААДЫ

Бозоргон булут каптап теребелди,
жергеме салкын желди алып келди.
Саратан аптабынан тажап бүткөн,
кулпуртуп ак жаанын кошо берди.

Мөлтүрөгөн ак жаандын тамчылары,
келе жаткан алтын күздүн жарчылары.
Дыйкан Баба Жараткандан тилек кылган,
бешене тер, кылган мээнет кайтарымы.

Жай саратан эгин карап, мээнет кылып,
түн күзөтүп, арык бойлоп, сууну буруп.
Өзү тургай жалпы үй бүлө, бала-чака,
жер жарыбай, таң заардан эрте туруп.

Жаратканым ушуларга дем-күч берсин.
Элди баккан дыйканга бер берекесин.
Шаардык эл сыйлай жүргүн, ызат көрсөт,
сени, мени багып жаткан жер эгесин.

Шаарга эмне?Жыртык кийим кийсе болот,
машина эмес, жөө жалаңдап жүрсө болот.
Бир жума тамак-ашсыз калган болсоң,
ойлочу бала-чакаң эмне болот?



## УЧУР КЕЛДИ

Оо Жараткан, эл-журтумдун тилегин бер!
Ыйман-ыйсап, жылуу-жумшак илебин бер!
Адашканды оң жолго сал, жөлөк болуп,
бейпил турмуш, эл бактына тирегин бер!

Калбай барат сенден башка, калыс өзүң,
толуп кетти көр дүйнөгө саткан өзүн.
Пендеге жат, шайтан жолго түшүп алып,
коркпостон оюп жаткан калктын көзүн.

Калк ичине ушак - айың чачып коюп,
күйгөн болуп, «эл көрсүнгө» шашып коюп.
А чынында эл-журтуң кызыктырбайт,
ой-максаты, бар мүдөөсү бийлик болуп.

Дагы бирөө перзент көзүн жаштап коюп,
ата - энеге бүт балдарын таштап коюп,
он жылдап, жыйырма жыл бөтөн элде,
ашык дөөлөт, бизнести баштап коюп.

Эс тартууда бала-чакаң кең дүйнө тар,
сарсанаа, мээримдерге болушуп зар.
Үй-жай кур, машина ал, байлыкты жый,
балдарың өсүш мүмкүн мээрими тар.

Эрегишип там салуу, той-аш берүү,
эптеп эле, элдин көөнүн бизге буруу.
Салт эмес го менменсинүү ушул учур,
учур келди, Кыргызым бутка турчуу.

## САРАТАН

Көздөн учуп кашка суусу мөлтүрөгөн,
Ысык-Көлдү көз алдыма келтирем мен.
Жээгинде ойноп-күлүп жүргөндөрдү,
суута түшүп, көңүл ачып, бой сергиткен.

Шаштыны алып жайкы күндүн саратаны,
айыл-кыштак, шаарымды бүт каптады.
Ачык эмес, бак-дарактуу көлөкөдө,
калбай калды эч ылаажы дем алганы.

Айлана ысып темир уста мешиндей,
жүрө албайсың үстү жагың чечинбей.
Мындай ысык буга чейин болбоптур,
тээ замандан алмустактын кезиндей.

Күндөн күнгө аба барат чын түтөп,
айла түгөп салкын желди эл күтөт.
Айласыздан баарын тартып чыдаган,
барга-жокко , ысык- суукка эл түтөт.

## КЛАССТАШТАР
*(50 жылдык маарекеде)*

Бирге окуган классташтар азайып,
тагдыры экен канчалары өтүптүр.
Кыска өмүрдө тукум улап баарысы,
чырпыктары гүлзар болуп өнүптүр.

Аралыктан так элүү жыл өтүптүр,
элүү жолу алма-өрүк гүл төгүптүр.
Үй бүлөлүк өстүрүшкөн бактары,
саябандуу чынар болуп өсүптүр.



Мээнетиңин оозурларын көрүшүп,
жүргүлөчү жакшылыгың бөлүшүп.
Маарекенин алтымышын тосолу,
жетелешип, кол кармашып жүрүшүп.

## АЛТЫН-КАЗЫК
*(Ноокатымдын баяны ыр түрмөгүнөн)*

Ар бир таңдын башаты Алтын-Казык,
Ноокатыма күн жылмаят нурун чачып.
Бул көрүнүш миң жылдап кайталанып,
келет эл-жер күн нурунан азык алып.

Бийик чоку элибиздин тумарындай,
көзгө сүйкүм коодуктун символундай.
Төрт мезгилдин кабарын берип турат,
жол боюнда светофор чырагындай.

Эрте жазбы же жайыбы белгиси бар,
ак мөңгүнүн чоку карап жылышы бар.
Бышыкчылык жериме келген кезде,
мөңгү түгөп, убактылуу тынышы бар.

Күз мезгили жайыкта жаан - чачын,
Алтын-Казык ак селде чалат башын.
Берген сымал элиме кыш кабарын,
«Жылуула»- деп, эртерээк тамын-ташын.

## АТЫН ЭСКЕ САЛАЙЫН
*(Поэма)*

Дүйнөдө жок көркөмү кооз Алайым,
көз кызартып суктандырган далайын.
Ыйык жерин аздек тутуп коргошкон,
бабалардын атын эске салайын.

Кыргызымдын оң канат тараптары,
урпактарын кең Алайдан таратканы.
Адыгыне, Тагай бий, Наалы эжем,
тарыхтын тээ илгерки барактары.

Алайды сактоого көп салымы бар,
Алайлык, жүрөгүндө жалыны бар.
Алайымдан калмакты кууп чыккан,
Бабалар *Эр-Кашкатай, Сопулуктар.

Эр Кашкатай Тамчыдан кошун курап,
баскынчы калмактардын колу урап.
Мазар- Аска бооруна башын илип,
калмактар келгис болуп артка чубап.

Эскиден санжырада айтылат кеп,
«Токтогулдун ата-теги Алайдан»- деп,
Эр-Кашкатай Токомдун чоң атасы,
«Теректик Сарт уруусу-бир тууган»- деп.



* * *

Кыргызымдын тарыхында тоолуктар,
намыс үчүн көргөн иштин далайын.
Эл-жеринин бүтүндүгүн коргоодо,
шейит кеткен Алымбектей кыраанын.

Кыдырып соода ишинде канча жерди,
тааныптыр алыс-жакын бөтөн элди.
Таасирленип көп элдин жашоосунан,
Датка атабыз эр жетиптир өтө билги.

Фергана-Ош-Анжыян беги болуп,
Кокон-Алай ортосунда азып-тозуп.
Күнү-түн эл тагдыры түйшөлтүрүп,
ал үчүн ысык-суукта күйүп-тоңуп.

Тоо бүркүтү, зирек акыл, даанышман,
Кыргызымды түрк дүйнөгө тааныткан.
Тоолук элди башкарууга жол издеп,
Кокон хандык, андан акыл сурашкан.

Хандыкта кайра-кайра төңкөрүштөр,
болуп турган бийликте өзгөрүштөр.
Так талаш хан тукуму арасында,
Башы кетип Маллахан, дагы көптөр...

Салыктан калк турмушу оңолбоду,
салган түрү көбөйдү, жоголбоду,
Бийлигине хандардын каршы чыккан,
канчалап жазыксыз баш тоголонду.

Өз элин жакшылыкка дайым жолдоп,
Хандыктын заалымынан аны коргоп.

Медресе, көпүрөлөр, канал курган,
Ошумдун келечегин терең ойлоп.

Кутумчулук хандыкта абдан күчөп,
бийлик үчүн ордонун ичи түтөп.
Абыройу бийиктеп өскөндүктөн,
кутумдардын айынан ажал күтөт.

Кыргызым Алымбекти өтө сүйөт,
мааракенди белгилеп элиң жүрөт.
«Кылымда бир жаралган инсан»- дешип,
журт атасын түбөлүк эске түйөт.

Кокондун бийликтери буттан чалып,
турганда кайран элге салык салып.
Курманжан бир жаралган пенде болдуң,
Хандыктан «Парваначы»** наамын алып.

Хандыкта атак-даңкың урматталып,
«Алайдын Ханышасы» атың калып.
Финдердин падышасы *Маннергейм,
зыяраттап баарлашып, таалим алып.

Бала кезде уккамын чоң жаңылык,
эки сүрөт калганын бир табылып.
Аты аталган Маннергейм архивинде,
турганын сүрөттөрү бек катылып.

Кыргыз үчүн ыйыксыз Датка-энем,
Кан какшап «Кыргызым»- деп, өткөн энем.
Кенжетай, жандай уулу Камчыбегин,
эл үчүн садагага чапкан энем.



Абдылдабек кулунуң кошун кошуп,
оторчу аскерлердин жолун тосуп.
Туруштук бере албай көп аскерге,
кетиптир Памир ашып азып-тозуп.

Кармашта эрк талашып, жерин коргоп,
Эр Манас бабабыздын жолун жолдоп.
Азаттыкты ажалдан бийик тутуп,
Тик караган Камчыбек өзүң колдоп.

Кайран энем, айланайын энем ай,
эстегенде кээде кетем чыдабай.
“Тик карагын өлүмгө!”-деп айтканда,
канттиң экен жүрөктөрүң канабай?

Кыйын болду жолдоруң, татаал заман,
шейит кетип Камчыбегиң, Датка атам.
Бирок да көз жашыңды көрсөтпөдүң,
балдарың, асыл жарың болуп арман.

Бериптир Алла-таалам кылым жашын,
өтүпсүз бул жалгандан төгүп жашың.
Урпагың эскеришип, «Энебиз»- деп,
мына бүгүн берүүдө сенин ашың.

Аялдан асыл элең кадыры бар,
чырайың, олуядай акылың бар.
Өмүрүң өрнөк болуп өз элиңе,
бүгүнкү жаштар окуп таалим алаар.

Турса деймин айкелиңер чоң төрдө,
илинип сүрөтүңөр ар бир үйдө.
Мааракенди мүлдө Кыргыз колдосок,
арбайыңар колдоп тураар бул күндө.

* * *

Кыргызымдан алгач чыккан Монуев*,
аскер ишке жаштайынан болуп эп.
Аты чыгып Кыргыз менен Кытайга,
коргоп турган кыргыз-уйгур чегин бек.

Ошол доордо генералдык чин алган,
согуштарда душман жеңип туу алган.
Жан кашайган, көкөй кести күндөрдө,
Кыргыз-Кытай биримдигин кура алган.

Кыргыз тургай бүт Кытайда даңк алып,
Түрк элдерге келечеке жол салып.
Нак кырк жети жаштайынан мерт кеткен,
бийликтердин кутумунда ал калып.

* * *

Гүлчөдө он жашынан жетим калып,
жашаптыр Муса Адышев* Ошко барып.
Жаңыдан Советтердин бийлиги орноп,
интернаттан талыкпай билим алып.

Көрүп-билип айлынын көр турмушун,
жетилген жетимдиктин билип каарын.
Айрылып ата-энеден он жашында,
мокобогон эңсөөдөн жакындарын.

Кен издөө илимине чыйыр салып,
Жалал-Абад, Ташкенттен билим алып.
Катышып герман-япон согушуна,
уландырган окуусуна кайра барып.



Элүү төрттө докторлукту жактаган,
эчендеген докторлорду таптаган.
Алтын-күмүш орден-медаль тагынып,
илим жолдо көп ачылыш каттаган.

* * *

Ошум десем эсимде өткөн тарых,
сактаган Ош шаарын Алай барып.
Чындыкты кимдер азыр тана алат,
турганын борбор калаа күйүп-жанып.

Алайым ыйык жерсиң, Кызыр даарып,
өзүң бар, келечегим дайым жарык.
Урпактары Кыргыздын өсө берсин,
жергемде миң жылдары кылым карып.

Алайлыгым, урпагысың Датканын !
Кыргыз тилин, Кыргыз дилин сактагын.
Даткалардын арбайлары колдосун!
Улуу элсиң, туура жолдон кайтпагын!

***Эскертүү:***

1)*Эр Кашкатай-Сопунун Тамчысынан кол курап, калмак баскынчыларын Алайдан кууп чыккан баатыр.

2)*Кокон хандыгында парваначы-датка наамы;

3)*Густав Маннергейм-1944-1946-жылдары Финляндиянын президенти;

4)*Монуев Ысакбек-Кеыргызздан чыккан алгачкы генерал, таанылбаган Чыгыш Туркестан Республикасынын аскер башчысы;

5)Муса Адышев-геология илимдеринин доктору, профессор.

## ЧОГУЛУШ

*(Сатира)*

Жыйылышты үй толо балдар-чалдар,
максат коюп депутат адам тандаар.
Шилекей чачыратып сүйлөп жатты,
жаңы чыккан бизнесмен, чечен Санжар.

“Баарыбыз бир уруунун балдарыбыз.
Сурагыла, олтурат чалдарыбыз.
Чыгарбасак арабыздан эл өкүлүн,
билинет жок экени дарманыбыз.

Эки мечит бөлүнүп чалдарыбыз,
көчө таптап жүрүшөт балдарыбыз.
Жаман айтпай жакшы жок, туугандарым,
жалпылап киришели калганыбыз.

Бул айылдын көпчүлүк эли менен,
сүйлөшөт арабыздан кайсы берен?
Куда сөөк, жек-жаатты ортого алып,
сүйлөшсөк болоор эгер, акча менен.

Жылан чыгат ийинден бал тил менен,
а болбосо Санжарда акча кенен.
Көнүшпөсө эч айласын калтырбай,
көндүрөбүз бир тутам акча менен.

Бере берсин убада коркпой, кенен,
тааныш көп Ак үйүндө Санжар менен.
Асмандагы айды алып бербесем да,
жок дегенде мектебин куруп берем.



Ишенгиле, жыргатамын баарыңды.
Орноштурам жумушка жек-жаатымды.
Араңарда күмөндөр бирөө болсо,
мына азыр, беремин, тил катымды.

«Өткөндө Жалтаңбайды шайладыңар,
бал тилине көндүңөр, алдандыңар.
Убадасын аткарбай качып жүрөт,
алдыңарга келбестен жалганчыңар”.

Сөзүн сүйлөп Санжарың бүткүчөктү,
убаданы мол берди, баарын төктү.
Өткөн жолку шайланган депутатты,
ата-тегин калтырбай каарын төктү.

Эскиден “атка минер” болуп келген,
кулкуну чоң, мурунтан акча жеген.
Алгырбайды баарысы жакшы билет,
жарыш сөзгө жулунду талаш менен.

Ооз көбүртүп Алгырбай сүйлөп жатты:
“Ишенсеңер ушул Санжар мага жакты.
Акча менен, чоңдорго май-чай берип,
Тез арада алыс-жуук дос-жар тапты.

Эстейли, ”Өз өлтүрбөйт” деген кепти,
Санжардын колу узун, көккө жетти.
Керек болсо алдыңа акча таштайт,
токтоткула болбогон ашык кепти !

Андан көрө айт Санжар, «аш» дарегин,
ошол жерде уланткын сөз керегин.
Чыгымдын маселесин өзүм чечип,
ак кызматың аткарып мен берейин”.

Олтурган эл ызы-чуу дүрбөп кетти,
трибунага жулунуп Токо жетти.
Ачуусу ушунчалык келгендиктен,
сүйлөй албай жөтөлүп, какап кетти:

“Ай Алгырбай, тантыба, токтот кепти!
Напсиң бузук, башыңдан ашып кетти.
Өткөн шайлоо эл алчуу акчаны жеп,
кай жериң элдикинен ашып кетти?

Башкалардын напсине карабайсың,
эсеп-кысап ишке сен жарабайсың,
Ар шайлоодо арамдан байлык жыйып,
башкаларды адамдай санабайсың».

Көрүп ал, мына чатак-кызык чууну,
Токону Алгырбайың чындап кууду.
Жетип барып Алгырбайга ал заматта,
кекиртектен муунта, тумшукка урду.

Кээ бири кыраан-каткы күлүп жатты,
бирөөсү ажыратмак болуп шашты.
Сугалак эки чалдын мушташынан,
комедия көргөндөй жыргап жатты.



## БАЙ АДАМ

Адамдар бар, сүйлөшүп чер жазылат.
Сезимиң, акыл-эсиң бүт багынат.
Көптөн бери кыйнаган жан дүйнөңдү,
байкалбай көп суроого жооп алынат.

Тартып турат ар бир сөзү магниттей,
муюйсуң уккан сайын эч зерикпей.
Анча-мынча тирликти таштап коюп,
оюң болбойт шашылып сен кеткидей.

Ал бай адам... Ашыкча байлыгы жок.
Таптаза... Мал дүйнөдөн пейили ток.
Барына топук кылып, шүгүр айткан,
бактылуу... көр дүйнөнө зарыгы жок.

## МАЗМУНУ


Автордон . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
*А. Муратов.* Ыр жазыш – андан,
баалап алыш – бизден... . . . . . . . . . . . . 6

Сени сүйдүм . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 8
Өмүрлүк жарыма . . . . . . . . . . . . . . . . 8
Кадамдарым . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 9
Калемим . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 10
Балдарыма кат . . . . . . . . . . . . . . . . . 10
Сүйүүдөн мунар курайын . . . . . . . . . . 11
Ичтеги арман... . . . . . . . . . . . . . . . . 12
Алыкулду зыяраттап . . . . . . . . . . . . . 12
Мен жазайын аскага . . . . . . . . . . . . . 13
Айтышат ээ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 14
Аксакал, чал, абышка . . . . . . . . . . . . 15
Өскөн турак . . . . . . . . . . . . . . . . . . 16
Ыр булагы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 17
«Илинсем»- деп, катарга . . . . . . . . . . 18
Байкуш эне . . . . . . . . . . . . . . . . . . 19
Ден соолугуң-казына . . . . . . . . . . . . 20
Ким токтотот? . . . . . . . . . . . . . . . . 20
Кадырлагын . . . . . . . . . . . . . . . . . . 21
Ыйман жөнүндө . . . . . . . . . . . . . . . 22
Жакшылыгың- бейишке жол . . . . . . . 23
Досторум болсун дайыма . . . . . . . . . 23
Колуң бопбош кетээрсиң . . . . . . . . . 24
Өзгөрбөдүм . . . . . . . . . . . . . . . . . . 25
Кулагыңа күмүш сырга . . . . . . . . . . 25
Мезгил . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 26
Дил маек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 27
Менден мурас . . . . . . . . . . . . . . . . . 29
Менин доорум . . . . . . . . . . . . . . . . . 29





«Ата-Журтка кызмат кылуу оюмда» . . . . . . . . 30
Ырларымда . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 30
Аманат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 31
Калган изим . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 31
Өмүрүм калат ырларда . . . . . . . . . . . . . 32
Алыкулдун эстелик . . . . . . . . . . . . . . . 33
Бак-таалайым . . . . . . . . . . . . . . . . . . 34
Таанылбаган акынмын . . . . . . . . . . . . . 35
Алыкулдун көз жашына . . . . . . . . . . . . 35
Кош өрүм чач эселек . . . . . . . . . . . . . 36
Издегендир... . . . . . . . . . . . . . . . . . 37
Сүйүү - акыл, жүрөк таймашы . . . . . . . 37
Көөдөндөгү жаңырык . . . . . . . . . . . . . 38
Кайрып келчи . . . . . . . . . . . . . . . . . 39
Ыраазымын . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 40
Ашкере жаз . . . . . . . . . . . . . . . . . . 40
Сыймыктанам . . . . . . . . . . . . . . . . . 41
Жер соорусу Кара-Кой . . . . . . . . . . . . 42
Бүгүнкү күнүң, кечээги . . . . . . . . . . . 42
Ноокат аталыш баяны . . . . . . . . . . . . 43
Жаңы бүчүр . . . . . . . . . . . . . . . . . . 46
Ошол сулуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . 46
Колдо турса калемим . . . . . . . . . . . . 47
Жалгыз эшик . . . . . . . . . . . . . . . . . 48
Кара-Коюм алга озот . . . . . . . . . . . . 49
Базарда . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 49
Өмүрүң – бул шахмат . . . . . . . . . . . 51
Биздин көчө . . . . . . . . . . . . . . . . . 51
Калемдеш бар . . . . . . . . . . . . . . . . 53
Көк-Бел баяны . . . . . . . . . . . . . . . . 54
Бийик турам . . . . . . . . . . . . . . . . . 56
Өмүрүм . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 57
Ноокат базары . . . . . . . . . . . . . . . . 57
Ыр ышкысы . . . . . . . . . . . . . . . . . . 58
Дүйнөң сахна . . . . . . . . . . . . . . . . 59

Ак халаттай дил менен . . . . . 59
Жүрөгүмдүн сакчысы . . . . . 60
Ден соолуктун пири . . . . . 61
Калем - досум . . . . . 61
Ырларымда жашай бересиң . . . . . 62
Түшкө кирдиң . . . . . 63
Махабат – ыр булагы . . . . . 63
Өңдөн азам . . . . . 64
Биле туруп . . . . . 65
Калемдешке . . . . . 65
Эске түшүп төрт кайрык . . . . . 66
Бакытпы же тозокпу? . . . . . 67
Ырларым . . . . . 67
Менде жашайт элесиң . . . . . 68
Кээде түшкө киресиң . . . . . 68
Байлыгым менин ырларда . . . . . 69
Кыйкыргым бар . . . . . 70
Өзүңө арнап . . . . . 70
Жазды күтөм . . . . . 71
Унутпайт . . . . . 72
Жаратканга аманат . . . . . 73
Айла издеймин . . . . . 73
Периштем . . . . . 74
Конокпуз . . . . . 74
Ыр дүйнөмдө . . . . . 75
Кайран жаштык . . . . . 76
Н.Исанов атындагы айыл аймак баяны . . . . . 76
Өлбөс сүйүү . . . . . 78
Элестериң . . . . . 78
Сүйгүлө, сүйүлгүлө . . . . . 79
Сүйүүнү жаза берем . . . . . 80
Ордуң жашайт . . . . . 80
Эх өмүрүм! . . . . . 81
Өмүр . . . . . 82
Ооруканадагы ой толгоо . . . . . 82



Өмүр кызык . . . . . 83
Замандын күрөө тамыры . . . . . 84
Чыгарманда кандай ой . . . . . 84
Сүйүү көздөн башталат . . . . . 85
Көз менен . . . . . 86
Көз ирмемдей аралык . . . . . 86
Бактысыз адам . . . . . 87
Аракетке берекет . . . . . 89
Пикир жокпу? . . . . . 90
Жооп берет . . . . . 91
Талдайлычы жашырбай . . . . . 91
Өткөн тарых . . . . . 93
Сыныкчы . . . . . 93
Күн . . . . . 94
Ой-кыялым . . . . . 95
Тарыхка кетсең . . . . . 96
Беш дарыя баяны . . . . . 97
Кыялдарым . . . . . 98
Поэзия - мурасым . . . . . 99
Бир ой келет . . . . . 100
Карылык . . . . . 101
Сезмегиң бар . . . . . 102
Өмүр гана сатылбайт . . . . . 103
Сүйүүгө арачы жок . . . . . 104
Чык-чык, тып-тып . . . . . 105
Жароокер . . . . . 106
Кыйнаган ойлор . . . . . 107
Жашадым, бастым . . . . . 108
Ойлор, ойлор . . . . . 108
Ыр дүйнөдө . . . . . 109
Көбөйдү . . . . . 110
Чаң баскан кимдин китеби? . . . . . 111
Сүйүү жана да сүйүү . . . . . 112
Жыртык болсо мейличи . . . . . 112
Кайран өмүр . . . . . 113

Жол улап . . . . . . . . . . 114
Ак-Буура баяны . . . . . . . . . . 114
Эргүүлөрүм . . . . . . . . . . 116
Ар кыл пенде . . . . . . . . . . 117
Жашоо кайып . . . . . . . . . . 118
Өмүр- майдан . . . . . . . . . . 118
Таңкы ойлор . . . . . . . . . . 119
«Пахтакорсуң» дебегиле . . . . . . . . . . 120
Кыялымда . . . . . . . . . . 121
Шашпа мезгил . . . . . . . . . . 122
Кылым кыйыры . . . . . . . . . . 122
Менде эмне бар? . . . . . . . . . . 124
Биз адамдар... . . . . . . . . . . 125
Мокободум . . . . . . . . . . 126
Өмүрүнүн уламы бар . . . . . . . . . . 127
Бүгүн киммин...? . . . . . . . . . . 127
Ойлор келет . . . . . . . . . . 128
Ата . . . . . . . . . . 129
Сен бир аалам . . . . . . . . . . 130
Калыс болгун . . . . . . . . . . 130
Ылгай билгин . . . . . . . . . . 131
Аз жаша, саз жаша . . . . . . . . . . 132
Этияттап кадамда . . . . . . . . . . 133
Ошондо күч . . . . . . . . . . 134
Кош аракет . . . . . . . . . . 134
Ата-энеңдин кумары бар . . . . . . . . . . 135
Чырпыгың айланат чынарга . . . . . . . . . . 136
Бүгүнкүнүн достугу . . . . . . . . . . 136
Бирок, үлгүр... . . . . . . . . . . 137
Бир блогер сөрөйгө . . . . . . . . . . 138
Эч бир жоктой катасы . . . . . . . . . . 139
Паракордун жашоосу . . . . . . . . . . 139
Кыйытма . . . . . . . . . . 140
Сен арамы . . . . . . . . . . 141
Ар кыл адам . . . . . . . . . . 142



Эгин калды . . . . . . . . . . 142
Манас баатыр, Барсбек каган . . . . . . . . . . 143
Ыйман ыйык . . . . . . . . . . 144
Каада күтүп . . . . . . . . . . 145
Туура динди тандайлы . . . . . . . . . . 145
Бере көр оң жол адашсам . . . . . . . . . . 146
Жашап өтөм ушинтип . . . . . . . . . . 147
Махабат азабы . . . . . . . . . . 148
Өз бактысын өзү курат . . . . . . . . . . 148
Кылбайлычы талаш-тартыш . . . . . . . . . . 149
Жер энени коргогун . . . . . . . . . . 149
Татыдымбы жакшы сөзгө? . . . . . . . . . . 150
Кичи пейил мүнөзү . . . . . . . . . . 151
Айыбы эмне? . . . . . . . . . . 151
Сагызган . . . . . . . . . . 152
Төш белги . . . . . . . . . . 153
Тарыхый таштанды . . . . . . . . . . 154
Чыгаргыла! . . . . . . . . . . 155
Эстей жүр . . . . . . . . . . 155
Саткан адам . . . . . . . . . . 157
Неге өзүңдү кыйнайсың? . . . . . . . . . . 157
Чөкпөсүнчү көңүлдөр . . . . . . . . . . 158
Максат . . . . . . . . . . 159
Кетсе кетсин мейличи . . . . . . . . . . 159
Айтпайын десе... . . . . . . . . . . 160
Каргыш урат . . . . . . . . . . 161
Ыйман менен жаш болду . . . . . . . . . . 162
Калкымда бар . . . . . . . . . . 162
Дегеним . . . . . . . . . . 163
Баатырлар . . . . . . . . . . 164
Бир блогер сөрөйгө . . . . . . . . . . 165
Азезилдер! . . . . . . . . . . 166
Бүгүнкү күндөн бир элес . . . . . . . . . . 166
Акын кызга . . . . . . . . . . 168
Арамдар . . . . . . . . . . 168

Жаша Ноокат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 169
Китеп . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 170
Жазбаймын атак даңк үчүн . . . . . . . . . . . . . . 171
Тил . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 172
Кел-келимдин белгиси . . . . . . . . . . . . . . . . . . 172
Ойгончу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 174
Тозок болоор . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 175
Кыялдар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 175
Ноокат - "оомат" . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 176
Тагдыр жана үмүт . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 177
Кыя албаса . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 178
Аттиң арман! . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 178
Кыргыз-Атам . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 179
Көрө албас . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 179
Көк чай ичип жамбашта . . . . . . . . . . . . . . . . 180
Арман дебе . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 181
Сабыр берсин . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 182
Жакшы сөзүң . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 183
Токтот! Жетет! . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 184
Кыйынчылык энчи эмес . . . . . . . . . . . . . . . . 185
Зиригим бар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 186
Кыргыз-Атам мекеним . . . . . . . . . . . . . . . . . 186
Садагам . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 187
Өзгөчөм . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 188
Кыргызстан менин жерим . . . . . . . . . . . . . . 189
Бүгүн менин балдарымдын . . . . . . . . . . . . . . 189
Апасы 67 жашта . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 189
Башканын жок кереги . . . . . . . . . . . . . . . . . 190
Ырлар калды жазылбай . . . . . . . . . . . . . . . . 191
Үй бүлөнүн туткалары . . . . . . . . . . . . . . . . . 192
Сүйүүнүн пири . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 193
Сенден келбейт алыстагым . . . . . . . . . . . . . . 193
Сүйүү наркы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 194
Кызыма . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 194
Бергин элим чөбөрөмө ак бата . . . . . . . . . . . . 195



Кыяматтык ырымсың . . . . . . . . . . . . . . . . . . 195
Шугур сага . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 196
Алтын той . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 197
Ажыратпа жараткан . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 197
Издеп барат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 198
Өзүмө суроо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 199
Ата-эне . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 200
Кыз бала ыйык . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 201
Чөбөрөмө кат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 201
Кулак кагыш . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 202
Бирге болсок . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 203
Кайнене . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 204
Жеңелер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 204
Келин . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 205
Кайнатаң да өз атаң . . . . . . . . . . . . . . . . . . 206
Ыйык досум . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 207
"2+алты" жаштасың . . . . . . . . . . . . . . . . . . 208
Үй бүлөмдүн күзгүсү . . . . . . . . . . . . . . . . . . 209
Чөбөрөмө үч суроо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 210
Уланат биздин тарых . . . . . . . . . . . . . . . . . . 210
Таржымалың-баяның . . . . . . . . . . . . . . . . . . 211
Неберелериме тилегим . . . . . . . . . . . . . . . . . 212
Жаза албаймын . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 212
Кубанычтын көз жашы . . . . . . . . . . . . . . . . 213
Кошуналар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 214
Кубатым бар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 215
Балалыгым . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 215
Тилек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 216
Өмүр шерик . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 216
Бир өзүңсүң . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 217
Күзгү бакта . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 218
Асыл жарым . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 218
Жөлөгүм . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 219
Өмүрүмдүн дарысы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 219
Болбос кемим . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 220

Ичтеги арман... 221
Аттиң ай! 222
Эне улукман 222
Чөбөрөмө кат 223
Биздин балдар 224
Калкың айтсын 224
Неберелерим Эмир менен Тимурга 225
Туулган күнүң кут болсун, Эмике! 225
Шириним 226
Жакшы, жаман 227
Бал аары, чиркей, чымын 227
Кечиргиле 229
Жакшы сөзүн угуп кал 230
Өмүр - дайра 231
Эки тагдыр баяны 232
Ноокат базары 235
Биздин көчө 235
Кара-Койдун бир күнү 236
Кара-Коюм ыйыгым 237
Жергебизде сонун сынак 238
Ноокатымда комуз сынак 239
Апшыр-Атам 239
Апшыр-Сайды зыяраттап 240
Апшыр-Ата укмуш жер 241
Бадалы жок 242
Айткылачы кимде бар? 242
Сыноодосуң 243
Жашай берет түбөлүк 244
Кыргыз тилим 244
Ала-Тоонун ак калпагы 245
Жат элдерде 246
Жазды күтүп 246
Кыш ызгаары 247
Жакшы дебес 248
Кошунанды сурап кой 249



Тилек 250
Кыштан бир элес 251
Каалоо-тилек 251
"Жети дубан ынтымагы" 252
Жаңы жылда 252
Жаңы жашоо 253
Кышкы түн 254
Тоолордо кар 254
Кандай жеңиш? 255
Алданба элим, алданба 256
Алайда 257
Эркин элдин кыраны 258
Жайыл баатыр 258
Баткен элим кайраттан 259
Кыргыз салты 260
Малда эмне айып? 260
Дыйканга канча пайда? 261
Тоо арасы күбүр-шыбыр 262
Ойлон кыргыз 263
Кайсы арыма мактанам? 264
Токсонунчу жылдар 265
Тоодогу түн 266
Мактанам 268
Токойчунун ак наны 269
Токойчулар 270
Жакын турат жылдыздар 270
Жазгы талаа 271
Баба дыйкан 272
Жазгы бир күн 274
Ак жаан 275
Жалгыз дарак 275
Жаан жаады 276
Учур келди 277
Саратан 278
Классташтар 278

Алтын-Казык . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 279
Атын эске салайын . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 280
«Кыргызымдын тарыхында тоолуктар. . . . . . . . . . 281
«Кыргызымдан алгач чыккан Монуев». . . . . . . . . . 284
«Гүлчөдө он жашынан жетим калып». . . . . . . . . . 284
«Ошум десем эсимде өткөн тарых» . . . . . . . . . . . 285
Чогулуш . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 286
Бай адам . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 289

*Көркөм-адабий басылма*

**Бекелдиев Ташболот**

**ӨМҮР БЕЛЕСИ**

Редактору *Б. Матисаков*
Корректору *Н. Баатырова*
Компьютерде терген *Ы. Оморкулова*
Компьютердик калыпка салган *Р. Төлөбеков*

Басууга 06.11.2023-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 1/16.
Көлөмү 18,75 б.т. Нускасы 200.

150с.

Поэзия – сен бир аалам чеги жок.
Сени сүйдүм бул өмүрдө теңи жок.
Сөздүн күчүн түшүнбөгөн абалкы,
талант бакпас Ташболотуң эми жок.

Жаш өткөндө сендик көзүм ачылып,
сөз бермети шуру сымал чачылып.
Колго алып чындык үчүн калемди,
айгай салам ыр дүйнөсүн сапырып.

Жаратканым насип кылган өмүрдө,
эчен бийик ой-максат бар көңүлдө.
Мындан ары жан дүйнөмдүн бактысы,
моюндаймын калгандыгын өзүңдө.

